## АУДИТТИН ПРАКТИКАСЫ ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ОТЧЕТ 1000

## ФИНАНСЫЛЫК ИНСТРУМЕНТТЕРДИН АУДИТИНИН ӨЗГӨЧӨ АСПЕКТИЛЕРИ

## МАЗМУНУ


| | Пункт |
|---|---|
| **Киришүү** | 1–10 |
| **I бөлүм. Финансылык инструменттер жөнүндө жалпы маалымат** | 11–69 |
| Финансылык инструменттерди колдонуу максаты жана буга байланыштуу тобокелдиктер | 14–19 |
| Финансылык инструменттерге тиешелүү контролдоо каражаттары | 20–23 |
| Толуктук, тактык жана бар болушу | 24–33 |
| Соода операцияларын жана эсеп (клиринг) палаталарын жүргүзүүнү ырастоо | 25–26 |
| Банктар жана депозитарийлер менен салыштырып текшерүүнү жүргүзүү | 27–30 |
| Толуктукту, тактыкты жана болушун контролдоонун башка каражаттары | 31–33 |
| Финансылык инструменттерди баалоо | 34–64 |
| Финансылык отчеттуулукту түзүүгө карата талаптар | 34–37 |
| Байкоо жүргүзүлүүчү жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар | 38–39 |
| Активдүү эмес рыноктордун кесепеттери | 40–42 |
| Жетекчиликтин баалоо жүргүзүү процесси | 43–63 |
| Моделдер | 47–49 |
| Жөнөкөй финансылык инструменттин мисалы | 50–51 |
| Баа маалыматынын тышкы булактары | 52–62 |
| Баалоочу эксперттерди тартуу | 63 |
| Финансы милдеттенмелери менен байланыштуу маселелер | 64 |

Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү ........................................................................ 65–69

Ачып көрсөтүлүүчү маалыматтын категориялары .................. 67–69

**II бөлүм. Финансылык инструменттердин аудитинин өзгөчөлүктөрү** 70–145

Кесипкөй скептицизм........................................................................ 71–72

Пландаштыруу маселелери ........................................................ 73–84

Бухгалтердик эсеп жана маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды түшүнүү ................................................................ 74

Финансылык инструменттерди изилдөө .................................. 75–77

Аудит жүргүзүүгө атайын билимдерге жана жөндөмдөргө ээ жактарды тартуу ........................................................................ 78–80

Ички контроль системасын изилдөө ........................................ 81

Ички аудит функциясынын мүнөзүн, ролун жана ишин изилдөө 82–83

Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо жана бул тобокелдиктерге жооп иретинде көрүлгөн чаралар........................................ 84

Финансылык инструменттер менен байланыштуу жалпы маселелер... 85–105

Финансылык инструменттер менен байланыштуу жалпы маселелер..... 85

Ак ниетсиз иш-аракеттердин тобокелдик факторлору .............. 86–88

Олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоо .................................. 89-90

Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөөнүн максатка ылайыктуулугун жана көлөмдөрүн аныктоодо эске алуу керек болгон факторлор .................... 91–95

Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболору...................... 96–97

Эки максаттуу тесттер ............................................................ 98

Аудитордук жол-жоболорду өткөрүү мөөнөттөрү…………….. 99–102

Толуктукту, тактыкты, болушун, келип чыгышын, ошондой эле укуктарын жана милдеттерин текшерүүгө тиешелүү жол-жоболор .......... 103–105

Финансылык инструменттерди баалоо .......................................... 106–137

IAPN

Финансылык отчеттуулукту түзүүгө карата талаптар................. 106–108

Баалоо менен байланыштуу олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоо 109–113

Олуттуу тобокелдиктер ........................................................ 110–113

Аудит методологиясын иштеп чыгуу ...................................... 114–115

Жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарын колдонгон учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү..................................................... 116–120

Жетекчилик адилет наркты моделди пайдалануу менен баалаган учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү.................................................. 121–132

Жетекчилик колдонгон божомолдордун негиздүүлүгүн баалоо 129–132

Ишкана жетекчиликтин экспертин тарткан учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү ........................................................................ 133–135

Так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу..................... 136–137

Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү ........................................................................... 138–141

Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү менен байланыштуу жол-жоболор .................. 140–141

Аудиттин башка маанилүү өзгөчөлүктөрү .................................... 142–145

Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр ............................................... 142

Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар жана башка жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү ............................................... 143–145

Жөнгө салуучу жана башка органдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү ......................................................................... 145

Тиркеме. Финансылык отчеттуулукка тиешелүү контролдоо каражаттары

---

Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчет (АПЭО) 1000 *«Финансылык инструменттердин аудитинин өзгөчө аспектилерин» «Сапатты контролдоонун, аудит жана обзордук текшерүүлөрдүн, ишенимди камсыз кылуучу башка тапшырмалардын жана коштоочу кызматтарды көрсөтүү боюнча тапшырманын эл аралык стандарттарынын жыйнагынын баш сөзү»* менен бирге кароо керек. АПЭО аудиторлорго Аудиттин эл аралык стандарттарында (АЭС) киргизилгендерден тышкары, кошумча талаптарды

жүктөбөйт жана аудитордук аудитке тиешелүү бардык АЭСтерди сактоо милдетин өзгөртпөйт. АПЭО аудиторлорго практикалык жардам көрсөтөт. Алар улуттук стандарттар үчүн жооптуу жактардын таратуусу үчүн, же тиешелүү улуттук материалдарды иштеп чыгууда колдонуу үчүн арналган. Ошондой эле алар аудитордук уюмдар өздөрүнүн окуу программаларын жана ички колдонмолорун иштеп чыгууда пайдаланыла турган материалдарды камтыйт.

# Киришүү

1. Финансылык инструменттер ар кандай максаттар үчүн каалагандай өлчөмдөгү финансылык жана финансылык эмес уюмдар тарабынан колдонулушу мүмкүн. Айрым уюмдарда көп сандагы финансылык инструменттери жана алар менен чоң көлөмдөгү операциялары бар, ал эми башкалары финансылык инструменттер менен аз санда операцияларды гана жүргүзө алышат. Айрым ишканалар өзүнө тобокелдиктерди алуунун аркасында пайда алуу менен, финансылык инструменттер боюнча позицияларды ачышы мүмкүн, ошол эле убакта башкалары финансылык инструменттерди бул тобокелдиктерди хеджирлөө же аларды башкаруу үчүн колдонушат. Ушул Аудиттин практикасы жөнүндө эл аралык отчет (АПЭО) бардык бул кырдаалдарга карата колдонулат.

2. Финансылык инструменттердин аудитинде төмөндөгү аудиттин эл аралык стандарттары (АЭС) өзгөчө мааниге ээ болот

   (a) АЭС 540[1] баалануучу маанилерди, анын ичинде адилет нарк менен баалануучу, финансылык инструменттер менен байланыштуу баалануучу маанилерди текшерүүгө тиешелүү аудитордун милдеттерин белгилейт;

   (b) АЭС 315 (кайра каралган)[2] жана АЭС 330[3] финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоого жана баалоого жана бул тобокелдиктерге жооп иретинде тиешелүү чараларды көрүүгө тиешелүү; жана

   (c) АЭС 500дө[4] аудитордук далилдер түшүнүгүнө эмне кире турганы түшүндүрүлөт жана аудиторго аудитордук пикирдин негизин түзөт турган, негиздүү тыянактарды жасашына мүмкүнчүлүк берген, жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу максатында аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу жана өткөрүү менен байланыштуу аудитордун милдеттери каралат.

3. Ушул отчеттун максаты төмөндөгүлөрдө турат:

   (a) финансылык инструменттер жөнүндө жалпы маалыматты берүү (I бөлүм); жана

---

1 АЭС540 *« Адилет наркты баалоону жана маалыматты тиешелүү ачып көрсөтүүнү кошо алганда баалануучу маанилердин аудити».*

2 АЭС 315 (кайра каралган) *«Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө аркылуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо».*

3 АЭС 330 *«Бааланган тобокелдиктерге жооп иретиндеги аудитордук жол-жоболор».*

4 АЭС 500 *«Аудитордук далилдер».*

(b) финансылык инструменттерге байланыштуу эске алуу керек болгон аудит маселелерин кароо (II бөлүм).

АПЭО аудиторлорго практикалык жардам көрсөтөт, алар улуттук стандарттарды иштеп чыгуу үчүн жооп берүүчү уюмдар тарабынан таратылышы керек же улуттук деңгээлде тиешелүү материалдарды даярдоодо колдонулушу керек деп белгиленет. Мындан тышкары, аудитордук уюмдарга өзүнүн окуу программаларын жана колдонмо боюнча ички нускамаларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн болгон материалдарды сунуштайт.

4. Ушул отчет бардык өлчөмдөгү ишкана карата колдонулат, анткени финансылык инструменттерди колдонгон учурда бардык ишканалар финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдигине кабылышы мүмкүн.

5. Ушул отчетто камтылган, баалоо жүргүзүү боюнча көрсөтмөлөр[5] адилет нарк боюнча же алар боюнча адилет наркы тууралуу маалымат ачып көрсөтүлө турган бааланууучу финансылык инструменттер үчүн чоң мааниге ээ болот, ал эми баалоо менен байланышпаган багыттар боюнча көрсөтмөлөр адилет нарк боюнча дагы, амортизациялык нарк боюнча дагы бааланууучу финансылык инструменттерге карата бирдей деңгээлде колдонулат. Мындан тышкары ушул отчет финансы активдерине карата, финансы милдеттенмелерине карата колдонулат. Ушул отчет төмөндөгүдөй инструменттерди карабайт:

(a) кыйла жөнөкөй финансылык инструменттер, мисалы, акча каражаттары, жөнөкөй зайымдар, соода боюнча дебитордук карыз жана соода боюнча кредитордук карыз;

(b) биржада жүгүртүлбөгөн, үлүштүк инструменттердеги инвестициялар, же

(c) камсыздандыруу келишимдери.

6. Мындан тышкары ушул отчетто хеджирлөөнү эсепке алуу, финансылык инструментти баштапкы таануудагы пайда же зыян (көбүнчө “биринчи күндүн” пайдасы же зыяны деп аталган), өз ара эсептешүү, тобокелдиктердин өтүшү же наркынын түшүшү, анын ичинде зайымдар боюнча зыяндарга каралган резервди түзүү сыяктуу финансылык инструменттерге тиешелүү болгон, бухгалтердик эсептин конкреттүү маселелери каралбайт. Бул маселелер ишканадагы финансылык инструменттерди бухгалтердик эсепке алууга тиешелүү болгонуна карабастан, аудитордун бухгалтердик эсепке карата конкреттүү талаптарды

[5] Ушул отчетто «баалоо» жана «өлчөө» терминдери бирдей мааниде колдонулат

кантип сактоону камсыздоо керек деген маселе талкууланган эмес, анткени ал ушул отчеттун алкагынан чыгат.

7. АЭСга ылайык аудит ишкананын жетекчилиги жана, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар өзүнүн белгилүү бир милдеттерин тааныганына жараша жүргүзүлөт. Бул милдеттер өзүнө адилет нарк боюнча баалоону жүргүзүүнү камтыйт. Ушул отчет жетекчиликке же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга милдеттерди жүктөбөйт жана көрсөтүлгөн жактардын милдеттер чөйрөсүн аныктоочу мыйзамдарды жана ченемдик актыларды алмаштырбайт.

8. Ушул отчет жалпы багыттагы финансылык отчеттуулукту ишенимдүү берүү концепциясынын контекстинде иштелип чыккан, бирок белгилүү бир жагдайларда ал атайын багыттагы финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы сыяктуу, финансылык отчеттуулукту даярдоонун башка концепцияларын колдонгон учурда дагы пайдалуу болушу мүмкүн.

9. Ушул отчетто көңүл борборунда баалоо өбөлгөлөрү, ошондой эле түшүнүктөр жана ачып көрсөтүү турат, бирок анда кеңири болбосо дагы, толуктук, тактык, болушу, ошондой эле укуктар жана милдеттенмелер сыяктуу өбөлгөлөр дагы каралат.

10. Финансылык инструменттер баалоонун айкын эместик факторунун таасирине дуушар болушат, ал АЭС 540та «бааланууучу маанилерге жана ачып көрсөтүлүүчү тиешелүү маалыматка таандык өлчөөнүн так эместиги» деп аныкталат[6]. Баалоонун айкын эместиги башка факторлордун катарында финансылык инструмент канчалык татаал экенинен көз каранды. Анын жардамы менен финансылык инструменттерди баалоонун ырастоолорун алууга боло турган маалыматтын мүнөзү жана ишенимдүүлүк деңгээли олуттуу айырмаланат, бул ушул инструменттердин баалоонун айкын эместигине таасирин тийгизет. Ушул отчетто адилет наркты баалоо менен байланыштуу баалоонун айкын эместигин белгилөө үчүн «баалоонун айкын эместиги» термини колдонулат.

## I бөлүм. Финансылык инструменттер жөнүндө жалпы маалымат

11. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун ар башка концепцияларында финансылык инструменттер ар башкача аныкталышы мүмкүн. Мисалы, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында (ФОЭС) финансылык инструмент бир ишканада финансылык активдин жана башка ишканада финансылык милдеттенмелердин же үлүштүк инструменттин

[6] АЭС 540, 7(c)-пункт

пайда болушуна алып келет.[7] Финансылык инструменттер катары каралышы мүмкүн: акча каражаттары; башка ишкананын капиталындагы үлүш; келишимде аныкталган акча каражаттарын укугу же акча каражаттары менен төлөө же финансы активдери же милдеттенмелери менен алмашууну жүргүзүү милдеттенмеси; ал боюнча милдеттенмелерди төлөө ишкананын жеке үлүштүк инструменттери менен жүзөгө ашырылган айрым келишимдер; финансылык эмес беренелерге карата түзүлгөн айрым келишимдер, же камсыздандыруу мекемелери тарабынан чыгарылган, бирок камсыздандыруу келишиминин аныктамасына ылайык келбеген айрым келишимдер. Бул аныктамага кеңири спектрдеги финансылык инструменттер кирет – жөнөкөй шарттар каралган зайымдардан жана депозиттерден тартып, татаал туунду финансылык инструменттер, түзүмдөлгөн продукттар жана айрым товардык келишимдерге чейинs.

12. Финансылык инструменттер татаалдык деңгээли боюнча айырмаланат, финансылык инструменттин татаалдыгы төмөндөгүдөй ар кандай факторлордон улам пайда болушу мүмкүн:

- айрым акча каражаттарынын агымдарынын өтө чоң көлөмү, бир түрдүүлүктүн жоктугунан ар бир агымга же топко бириктирилген көп сандагы акча каражаттарынын агымдарына талдоо жүргүзүү талап кылынганда, мисалы, кредиттик тобокелдикти баалоо үчүн (атап айтканда, камсыздалган карыз милдеттенмелери (ККМ));
- акча агымдарын эсептөө үчүн татаал формулалар;
- келечекте акча агымдарынын айкын эместиги же өзгөрмөлүүлүк, мисалы, узак аткаруу мөөнөтү менен кредиттик тобокелдиктин, опциондордун же финансы инструменттеринин болушунун кесепетинде.

Акча агымдарынын рыноктук конъюнктуранын өзгөрүүлөрүнө сезгичтиги канчалык жогору болсо, финансылык инструменттердин адилет наркын баалоо ошончолук татаал жана айкын эмес болушу мүмкүн. Мындан тышкары, кээде белгилүү бир жагдайлардан улам финансылык инструменттерди баалоону жүргүзүүдө кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн, алар кадимки шарттарда кыйла оңой бааланат, мисалы, рыногу активдүүлүгүн жоготкон инструменттер же узак мөөнөт аткарылуучу инструменттер. Туунду финансылык инструменттерди жана түзүмдөлгөн продукттарды баалоо, алар өзүнчө финансы инструменттеринин айкалышы болгон учурларда татаалдашат. Мындан тышкары финансылык отчеттуулукту даярдоонун белгилүү бир концепцияларына ылайык же рыноктун белгилүү бир конъюнктурасында

---

[7] Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 32 «*Финансылык инструменттер»: маалыматты берүү*», 11-пункт



IAPN

финансылык инструменттердин бухгалтердик эсеби дагы татаал болушу мүмкүн.

13. Баалоонун татаалдыгынын дагы бир себеби – бул ишканада болгон финансылык инструменттердин көлөмү же бул инструменттер менен соода операцияларынын көлөмү. Жөнөкөй пайыздык своп өз алдынча татаал эмес болсо дагы, көп сандагы мындай своп кармоочу болуп саналаган ишкана бул инструменттерди аныктоо жана баалоо үчүн, ошондой эле алар менен операцияларды жүргүзүү үчүн татаал маалыматтык системаны колдонушу мүмкүн.

## Финансылык инструменттерди колдонуу максаты жана буга байланыштуу тобокелдиктер

14. Финансылык инструменттер колдонулат:

- Хеджирлөө максаттары үчүн (башкача айтканда ишкананын тобокелдиктеринин учурдагы түзүмүн өзгөртүү үчүн). Аларга төмөнкүлөр кирет:
    - келечектеги алмашуу ставкасын белгилөө максатында валютаны сатып алууга же сатууга форварддар;
    - свопторду колдонуунун эсебинен бекитилген же өзгөрүлмө ставкаларда келечектеги пайыздык ставкаларды конвертациялоо; жана
    - ишкананы баанын конкреттүү өзгөрүүлөрүнөн коргоо максатында опциялык келишимдерди, анын ичинде камтылган туунду финансылык инструменттерди камтыган келишимдерди сатып алуу;
- соода операцияларынын максаттары үчүн (мисалы, ишкана рыноктун кыска мөөнөттүк өзгөрүүлөрүнөн пайда табуу үчүн тобокелдик позициясын ача алышы үчүн); жана
- инвестициялык максаттар үчүн (мисалы, ишкана узак мөөнөттүү инвестициялардан кирешелер формасында пайда алышы үчүн).

15. Финансы инструменттеринин жардамы менен ишкананын белгилүү бир бизнес-тобокелдиктерге (мисалы, алмашуу курстарынын, пайыздык ставкалардын жана товарларга баалардын өзгөрүү тобокелдиктерине) же бул тобокелдиктердин комплекстүү таасирине ыктоочулугун төмөндөтүүгө болот. Башка жагынан, айрым финансы инструменттерине таандык татаалдык дагы жогорку тобокелдиктин себеби болушу мүмкүн.

16. Бизнес-тобокелдик жана финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиги жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар төмөндөгүдөй болгон учурда жогорулайт:

- финансы инструменттерин колдонуу менен байланыштуу тобокелдиктерди толук ченемде түшүнбөйт, жана алардын квалификациясы жана тажрыйбасы бул тобокелдиктерди башкаруу үчүн жетишсиз;
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык аларды талаптагыдай баалоону жүргүзүү үчүн керектүү билимдерге жана тажрыйбага ээ эмес;
- ишканада финансы инструменттери менен операциялардын үстүнөн натыйжалуу контролдоо системасын киргизишкен эмес же
- тобокелдиктерди талаптагыдай эмес хеджирлейт же чайкоочулук операцияларды жүргүзөт.

17. Жетекчиликте кандайдыр бир финансылык инструментке мүнөздүү болгон тобокелдиктер боюнча толук түшүнүктүн жоктугу жетекчиликтин бул тобокелдиктерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө түздөн-түз таасирин тийгизиши мүмкүн жана натыйжада ишкананын иштеп туруу жөндөмдүүлүгүн коркунучка дуушар кылат.

18. Төмөндө финансы инструменттери үчүн мүнөздүү тобокелдиктердин негизги түрлөрү саналган. Бул тизмек толук эмес, ал эми аталган тобокелдиктерди сүрөттөө үчүн же конкреттүү тобокелдиктердин компоненттерин классификациялоо үчүн ар кандай терминология колдонулушу мүмкүн.

(a) Кредиттик тобокелдик (контрагенттин келишимдик милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги) – бул финансылык инструменттин тараптардын биринин өз милдеттенмелерин аткарбай, натыйжада экинчи тарапка финансылык зыян келтирилген тобокелдик. Бул тобокелдик көбүнчө дефолт менен байланыштуу. Кредиттик тобокелдик өзүнө эсептешүүлөрдү жүргүзбөө тобокелдигин камтыйт, ал эгер бүтүмдүн бир тарабы өз милдеттенмелерин аткарып, ал эми кардардан же контрагенттен төлөмдөр алынбаган учурда пайда болот.

(b) Рыноктук тобокелдик – бул рыноктук баалардын өзгөрүшүнө байланыштуу финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын адилет наркынын же келечектеги агымдарынын термелүү тобокелдиги. Рыноктук тобокелдиктин мисалы валюта тобокелдиги, пайыздык тобокелдик, товарларда баалардын өзгөрүү тобокелдиги жана өздүк капиталдын наркынын өзгөрүү тобокелдиги болуп саналат.

(c) Ликвиддүүлүк тобокелдиги – бул финансылык инструментти сатуу үчүн рыноктук мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугунан улам тиешелүү

IAPN

баада бул финансылык инструментти өз убагында сатып алуу же сатуу жөндөмсүздүгү менен байланыштуу тобокелдик.

(d) Операциялык тобокелдик финансылык инструмент үчүн талап кылынган, иштеп чыгуунун өзгөчө тартиби менен байланыштуу. Операциялык тобокелдик финансылык инструменттин шарттарынын татаалдашуусуна жараша өсүшү мүмкүн. Операциялык тобокелдикти натыйжасыз башкаруу башка түрдөгү тобокелдиктердин күчөшүнө алып келиши мүмкүн. Операциялык тобокелдик өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

(i) ырастоо жана салыштыруу формасындагы контролдоо каражаттары жетишсиз болуп саналган тобокелдик, бул бухгалтердик эсепте финансылык инструменттерди толук эмес же так эмес чагылдырууга алып келет;

(ii) операцияларды талаптагыдай эмес документ түрүндө тариздөө жана бул операцияларга жетишсиз мониторинг жүргүзүү тобокелдиги;

(iii) операцияларды туура эмес эсепке алуу жана иштеп чыгуу жана бул операцияларга байланыштуу пайда болуучу тобокелдиктерди талаптагыдай эмес башкаруу тобокелдиги, ага ылайык, жалпысынан соода операцияларынын экономикалык аспекттерин туура эмес чагылдыруу;

(iv) кызматкерлердин керектүү текшерүүлөр жок өткөрүлгөн, баалоо методдорунун тактыгына ашыкча ишенүү тобокелдиги, натыйжада операцияларды баалоо туура эмес аткарылат же аны менен байланыштуу тобокелдиктер талаптагыдай эмес бааланат;

(v) колдонулган финансылык инструменттерди тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы ишкананын саясатында жана тиешелүү жол-жоболордо жетиштүү эсепке албоо тобокелдиги;

(vi) жетиштүү деңгээлде натыйжалуу эмес же натыйжасыз корпоратив ичиндеги процесстерден жана системалардан улам же тышкы факторлордун таасиринин натыйжасындагы чыгаша тобокелдиги, анын ичинде өз кызматкерлери тарабынан да, тышкы жактардан да ак ниетсиз аракеттерди жасоо тобокелдиги;

(vii) финансылык инструменттерди өлчөө үчүн колдонулган баалоо методдору туура эмес же өз убагында эмес колдонулуп жаткан тобокелдик; жана

(viii) операциялык тобокелдиктин түзүмү болгон жана мыйзам чыгаруучу же ченемдик органдардын иш-аракеттеринин

жыйынтыгында алынган зыяндар менен байланыштуу болгон укуктук тобокелдик, алар келишимдин шарттарына же аны менен байланыштуу өз ара эсептешүү жөнүндө макулдашууларга ылайык милдеттенмелерди жараксыз деп тааныйт же акыркы колдонуучунун же анын контрагентинин аткаруусун мүмкүн эмес кылат. Мисалы, укуктук тобокелдик келишимди жетишсиз же туура эмес документ түрүндө тариздөөнүн; банкроттук учурунда өз ара эсептешүү жөнүндө макулдашууларды аткарууга мажбурлоо тартибинде жетишүү мүмкүн эместигинин кесепетинде жаралышы ыктымал.

19. Финансылык инструменттерди колдонууга байланыштуу жаралышы мүмкүн болгон тобокелдиктерге тиешеси бар башка маселелердин арасында төмөндөгүлөрдү атоого болот:

- ак ниетсиз иш-аракеттер тобокелдиги, ал мисалы ак ниетсиз иш-аракеттерди жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон кызматкер финансылык инструменттерди жана аларды эсепке алуу тартибин жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга караганда жакшы билгенде өсүшү мүмкүн;
- өз ара чегеришүү жөнүндө башкы макулдашуу[8] финансылык отчеттуулукта туура эмес чагылдырылышы мүмкүн болгон тобокелдик;
- айрым финансылык инструменттердин алардын колдонуу мөөнөтү ичинде активдердин категориясынан милдеттенмелер категориясына өтүү тобокелдиги жана мындай өтүүнү тез жүзөгө ашыруу тобокелдиги.

## Финансылык инструменттерге тиешелүү контролдоо каражаттары

20. Ишкананын ички контролдоо системасынын татаалдыгынын керектүү деңгээлин аныктоо үчүн маанилүү факторлор ишкана жасаган финансылык инструменттер менен операциялардын көлөмү жана бул инструменттердин татаалдык деңгээли болуп саналат. Мисалы, чакан ишканалар өз максаттарына жетүү үчүн көп татаал эмес түзүмү бар продукттарды, ошондой эле жөнөкөй процесстерди жана жол-жоболорду колдонушу мүмкүн.

[8] Бир эле контрагент менен финансылык инструменттер менен бир катар операцияларды өткөрө турган ишкана бул контрагент менен өз ара эсептешүү жөнүндө башкы макулдашууну түзүшү мүмкүн. Мындай макулдашуу келишимдердин бирин бузган учурда, макулдашуунун күчү жайылтыла турган, бардык финансылык инструменттер боюнча бирдиктүү өз ара эсептешүүнү карайт.

21. Көпчүлүк ишканаларда финансылык инструменттер менен операциялардын көлөмүнө карата саясатты аныктоо, аны бекитүү жана анын сакталышын контролдоо боюнча функциялар корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга жүктөлгөн, ал эми жетекчиликтин ролу бул финансылык инструменттерге байланыштуу ишкана кабылган тобокелдиктерди башкарууда жана бул тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүүдө турат. Жетекчилик жана, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык финансылык отчеттуулукту түзүүнү камсыздоо үчүн ички контролдоо системасына иштеп чыгуу жана киргизүү үчүн жооп беришет. Ишканада болгон финансылык инструменттерге карата колдонулуучу ички контролдоо каражаттары эгер жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар төмөндөгүдөй кылган учурда натыйжалуу болушу мүмкүн:

(a) тиешелүү контролдоо чөйрөсүн түзүшкөн, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын финансылык инструменттерди колдонууга контроль жүргүзүүгө активдүү катышуусун камсыздашкан, ыйгарым укуктарды жана жоопкерчилик чөйрөлөрүн так бөлүштүрүү менен ойлонулган уюштурулган түзүмдү түзүшкөн, ошондой эле персоналды башкаруу жаатында талаптагыдай жол-жобону жана саясатты киргизишкен. Атап айтканда, ыйгарым укуктарды белгилөөчү так эрежелер керек, алардын алкагында финансылык инструменттер менен операциялар үчүн жооп берүүчү жактарга аракеттенүүгө уруксат берилген. Бул эрежелер финансылык инструменттерди колдонууга карата бардык мыйзам же ченемдик чектөөлөрдү эске алат. Мисалы, мамлекеттик сектордун айрым ишканалары туунду финансылык инструменттерди колдонуу менен бизнес ишмердүүлүктү жүргүзүүгө ыйгарым укуктарга ээ болбойт;

(b) ишкананын өлчөмүн жана ишкана колдонгон финансылык инструменттердин татаалдык деңгээлин эске алуу менен тобокелдиктерди башкаруу процессин киргизишкен (мисалы, айрым ишканаларда тобокелдиктерди башкаруу боюнча өзүнчө функция түзүлүшү мүмкүн);

(c) маалыматтык системаларды киргизишкен, анын аркасында корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар финансылык инструменттер менен операциялардын мүнөзү жана бул инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктер, анын ичинде операцияларды талаптагыдай документтештирүү жөнүндө толук түшүнүк алышат;

(d) ички контролдоо системасын иштеп чыгышкан, киргизишкен жана документ түрүндө тариздешкен:

- ○ ишкананын финансылык инструменттерди колдонуусу анын тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы саясатынын талаптарына ылайык келээрине акылга сыярлык ишеним;
- ○ финансылык отчеттуулукта финансылык инструменттерди талаптагыдай берүү;
- ○ ишкананын колдонуудагы мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сакташы; жана
- ○ тобокелдиктерге мониторинг.

Тиркемеде чоң көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканада болушу мүмкүн болгон контролдоо каражаттарынын мисалдары берилген; жана

(e) тиешелүү эсеп саясатын кабыл алган, анын ичинде финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык баалоо жаатында.

22. Ишкананын финансылык инструменттери менен байланыштуу тобокелдиктерди башкаруу процессинин жана ички контролдоо системасынын негизги элементтерине төмөндөгүлөр кирет:

- финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүдө ишкана өзүнө алууда даяр болгон тобокелдиктин деңгээлин (бул даярдык кээде “тобокелдикке табит” деп аталат), анын ичинде финансылык инструменттерге инвестициялоо жаатындагы саясатты, ошондой эле финансылык инструменттер менен байланыштуу ишке карата колдонулуучу контролдоо принциптерин аныктоого карата ыкманы иштеп чыгуу;
- бухгалтердик, финансылык, операциялык тобокелдиктер, ошондой эле мындай инструменттер менен байланыштуу мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандык менен байланыштуу тобокелдиктер эске алынган, финансылык инструменттер менен операциялардын жаңы түрлөрүн документ түрүндө тариздөө жана санкциялоо үчүн процесстерди киргизүү;
- финансылык инструменттер менен операцияларды, анын ичинде болгон акча каражаттарын жана активдерди ырастоону жана үчүнчү тараптардан алынган маалыматтар менен салыштырып текшерүүнү жана эсептөө тартибин иштеп чыгуу;
- финансылык инструменттерге инвестициялоо же бул инструменттерди сатуу менен алектенген жактар жана финансылык инструменттерди иштеп чыгуу жана баалоо жана

IAPN

мындай инструменттер боюнча тиешелүү маалыматты ырастоо үчүн жооптуу жактардын ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү. Мисалы, бүтүмдөр боюнча бааларды түзүүгө катышкан моделдерди иштеп чыгуу боюнча бөлүмдүн кызматкерлери функционалдык жана уюштуруу жагынан операциялык бөлүмдөн өзүнчө болгон бөлүмдүн кызматкерлерине караганда азыраак субъективдүү;

- баалоо процесстери жана контролдоо каражаттары, анын ичинде баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган маалыматты контролдоо каражаттары; жана
- контролдоо каражаттарынын мониторинги.

23. Финансылык инструменттердин чоң көлөмүнө жана кеңири түрүнө ээ болгон, ишкана кабыла турган тобокелдиктердин мүнөзү финансылык инструменттер менен аз сандагы операцияларды жүргүзгөн ишканага таандык тобокелдиктердин мүнөзүнөн айырмаланат. Ошондуктан ички контролдоо системасына карата мамилелер дагы айырмаланат. Мисалы:

- финансылык инструменттердин чоң көлөмү бар ишканада негизинен операциялык зал болот, анда адис-трейдерлер иштешет жана бул трейдерлер менен документтерди иштеп чыгуу бөлүмүнүн (жүргүзүлгөн соода операциялары боюнча маалыматтар катаны камтыбай турганына ынануу үчүн, бул маалыматтарды текшерүү менен алектеген, ошондой эле керектүү которууларды жүзөгө ашырган операциялык кызмат ушундай аталат) адистеринин ортосунда милдеттер бөлүштүрүлгөн. Мындай шарттарда иштөөдө трейдерлер негизинен телефон аркылуу же электрондук соода платформасынын жардамы менен оозеки түрдө келишим түзүшөт. Мындай кырдаалда тиешелүү операцияларды көзөмөлдөө жана финансылык инструменттерди так чагылдыруу, финансылык инструменттер аз санда гана болгон ишканага караганда татаал милдет болуп саналат, анткени мындай инструменттердин болушун жана алар боюнча маалыматтардын толуктугун бир нече банктан алынган банк ырастоолорунун жардамы менен ырастоого болот.
- Аз сандагы финансылык инструменттери бар ишканаларда, тескерисинче, көп учурда милдеттерди бөлүштүрүү жок, ал эми рынокко жетүү чектелген. Мындай учурларда, финансылык инструменттер менен операцияларды идентификациялоо оңой экенине карабастан, жетекчилик кызматкерлердин чектелүү чөйрөсүнө гана таяна алган тобокелдик бар, бул санкцияланбаган операцияларды жүргүзүү тобокелдигинин же операцияларды эсепте чагылдырбоо тобокелдигин жогорулатышы мүмкүн.

## Толуктук, тактык жана бар болушу

24. 24–33-пункттарда чоң көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканаларда, анын ичинде операциялык залдары бар ишканада киргизилиши мүмкүн болгон контролдоо каражаттары жана процесстер сүрөттөлгөн. Чоң көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзбөгөн ишканада мындай контролдоо каражаттары жана процесстери жок болушу мүмкүн, бирок мунун ордуна алар контрагент же эсеп палатасы (клиринг) менен өзүнүн операцияларын ырасташы мүмкүн. Бул иш-аракеттерди аткаруу кыйынчылык жаратпайт, анткени ишкана операцияларды болгону бир же эки контрагент менен жүргүзөт.

*Соода операцияларын жана эсеп (клиринг) палаталарын жүргүзүүнү ырастоо*

25. Финансылык уюмдар жүргүзгөн операциялардын алкагында, финансылык инструменттердин шарттары негизинен контрагенттер ортосунда алмашылган ырастоолордо, ошондой эле юридикалык тариздетген макулдашууларда документ түрүндө тариздетет. Эсеп (клиринг) палаталары ырастоолорду алмашууга мониторинг үчүн арналган; бул максатта алар соода операцияларын байланыштырат жана алар боюнча эсептөөлөрдү жүргүзөт. Борбордук клиринг палатасы биржа менен байланышкан жана клиринг палатасы аркылуу эсептөөлөрдү жүргүзгөн ишканаларда негизинен клиринг палатасына берилүүчү маалыматты башкаруу үчүн процесстер киргизилген.

26. Мындай алмашуунун жардамы менен бардык бүтүмдөр боюнча эле эсептөөлөр жүргүзүлбөйт. Башка көптөгөн рыноктордо эсептөөлөрдү баштаганга чейин операциялардын шарттарын макулдашуунун калыптаган практикасы бар. Бул процесс натыйжалуу болушу үчүн, аларды башкарууга финансылык инструменттер менен соода операцияларын жүргүзүүсү жактар катышпашы керек. Бул ак ниетсиз иш-аракеттер тобокелдигин азайтуу мүмкүнчүлүгүн берет. Башка рыноктордо операциялар эсептөөлөр башталгандан кийин ырасталат, кээде ырастоолорду кечиктирүүдөн улам эсептөөлөр бардык шарттар толук макулдашылганга чейин башталат. Натыйжада кошумча тобокелдик жаралат, анткени операцияларга катышкан ишкана соода операцияларынын шарттарын макулдашуунун альтернативалык каражаттарына таянууга аргасыз болот. Бул контролдоо каражаттарына төмөндөгүлөр кириши мүмкүн:

- операцияларды ак ниеттүү жүргүзүүнү камсыздоо үчүн финансылык инструменттер менен соода операцияларын жүргүзүүчү жактарды катуу ыкчам контролдоону айкалыштырууда, финансылык инструменттер менен соода операцияларын жүргүзүүчү жактардын жана эсептөөлөрдү жүргүзүүчү жактардын (бул эки жактын ортосунда милдеттерди

так бөлүштүрүү чоң мааниге ээ) жазууларын кылдат салыштырып текшерүүнү өткөрүү;

- жеңилдетилген формада даярдалган, операциялардын бардык шарттары макулдашылбаса дагы, анда операциялардын негизги шарттары берилген, контрагенттердин документтерин текшерүү; жана
- бул маалыматтар документтерди иштеп чыгуу бөлүмү жүргүзгөн эсептөөлөргө карама-каршы келбей турганын текшерүү үчүн, трейдерлердин пайдаларын жана зыяндарын кылдат текшерүү.

*Банктар жана депозитарийлер менен салыштырып текшерүүнү жүргүзүү*

27. Акциялар жана облигациялар сыяктуу финансылык инструменттердин айрым компоненттери ар кайсы депозитарийде сакталышы мүмкүн. Мындан тышкары кайсы бир учурда көпчүлүк финансылык инструменттер боюнча акча каражаттарын төлөө жүргүзүлөт жана бул акча агымы көбүнчө келишимдин колдонуу мөөнөтү башталганда пайда болот. Мындай төлөмдөр жана акча каражаттарынын түшүүсү ишкананын банк эсеби аркылуу өтөт. Ишкананын бухгалтердик жазууларын банктардын жана депозитарийлердин бухгалтердик жазуулары менен салыштырып текшерүүнү үзгүлтүксүз негизде жүргүзүү ишканаларга операцияларды эсепте талаптагыдай чагылдырууну камсыздоо мүмкүнчүлүгүн берет.

28. Бардык эле финансы инструменттери боюнча акча каражаттарынын агымы келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн башталышында пайда болбой турганын жана бардык эле финансылык инструменттер биржа же депозитарий тарабынан эсепке алынбай турганын белгилей кетүү керек. Мындай учурларда салыштырып текшерүү жол-жоболорунун алкагында эсепке алынбаган же туура эмес чагылдырылган соода операциялары аныкталбайт жана ырастоо формасында контролдоо каражаттары маанилүү болуп калат. Мындай акча агымы инструменттин колдонуу мөөнөтүнүн башталышында эсепте туура чагылдырылса дагы, бул инструменттин бардык параметрлерин же шарттарын туура чагылдырууну кепилдебейт (мисалы, төлөө мөөнөтүн же аны колдонууну мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүнчүлүгүн).

29. Мындан тышкары, акча каражаттарынын кыймылы соода операцияларынын жалпы көлөмүнө жана ишкананын жеке бухгалтердик балансына салыштырмалуу өтө аз болушу мүмкүн, демек, аны аныктоо оор болот. Финансылык бөлүмдүн же документтерди иштеп чыгуу бөлүмүнүн кызматкерлери негизги регистрдин бардык эсептери боюнча бухгалтердик жазуулар негиздүү экенин жана документ түрүндө ырасталышы мүмкүн экенин текшерүү үчүн аларды текшерген учурларда салыштырып текшерүүнүн баалуулугу жогорулайт. Бул жол-жобонун

жардамы менен финансылык инструменттер менен операцияларга байланыштуу акча каражаттарын эсепке алуу боюнча бухгалтердик жазуунун башка тарабы талаптагыдай чагылдырылбаган учурларды аныктоого болот. Эсеп боюнча калдыктан көз карандысыз, аралык жана клиринг эсептерин текшерүү маанилүү, анткени ал боюнча салыштырып текшерүүдө аныкталган айырмачылыктардын суммасына оңдоп-түзөөчү бухгалтердик жазуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

30. Чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканаларда салыштырып текшерүүлөрдү жана ырастоолорду жүргүзүү үчүн автоматташтырылган контролдоо каражаттары киргизилиши мүмкүн, мындай учурда бул процесстерди колдоо үчүн маалыматтык системалардын керектүү контролдоо каражаттары тартылышы керек. Атап айтканда, контролдоо каражаттары маалыматтар тышкы булактардан (мисалы, банктардан жана депозитарийлерден) жана ишкананын бухгалтердик жазууларынан толук көлөмдө жана катасыз алынганын жана бул маалыматтар салыштырып текшерүүгө чейин же убагында бурмаланбаганын кепилдөө үчүн керек. Мындан тышкары, контролдоо каражаттары ага ылайык бухгалтердик жазууларды салыштырып текшерүү жүргүзүлүп жаткан, критерийлер салыштырып текшерүүдө аныкталган так эмес клиринг айырмачылыктардын алдын алуу үчүн жетиштүү ченемде чектөөчү мүнөзгө ээ болоорун кепилдөө үчүн керек..

*Толуктукту, тактыкты жана бар болушун контролдоонун башка каражаттары*

31. Айрым финансылык инструменттерге мүнөздүү болгон татаалдык аларды ишкананын системаларында эсепке алуу тартиби дайыма эле айкын болбой турганын түшүндүрөт. Мындай учурларда жетекчилик операциялардын конкреттүү түрлөрүн баалоо, чагылдыруу жана эсепке алуунун белгилүү бир тартибин белгилеген саясатты сактоого мониторинг үчүн контролдоо жол-жоболорун аныкташы мүмкүн. Мындай саясат негизинен ылайыктуу квалификацияга ээ болгон жана финансылык инструменттерди эсепке алууда чагылдыруунун бардык кесепеттерин түшүнүүгө жөндөмдүү кызматкерлер тарабынан иштелип чыгат жана алдын ала текшерилет.

32. Айрым операциялар аларды баштапкы аткаруудан кийин жокко чыгарылышы же өзгөртүлүшү мүмкүн. Операцияларды токтотууга же алардын шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө тиешелүү талаптагыдай контролдоо каражаттарын колдонуунун аркасында ак ниетсиз иш-аракеттерден же каталардан улам келип чыккан олуттуу бурмалоо тобокелдигин азайтууга жетишүүгө болот. Мындан тышкары, ишканада жокко чыгарылган же шарттарына өзгөртүүлөр киргизилген соода операцияларын кайра ырастоо процесси киргизилиши мүмкүн.

33. Чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операциялар жүргүзүлгөн финансылык институттарда өзүнчө трейдерлердин эсептери боюнча ар күндүк кирешелерин жана зыяндарын негизинен жогорку категориядагы кызматкер текшерет, ал өзүнүн рынокту түшүнүүсүнө жараша, алардын негиздүүлүгүн баалайт. Мунун аркасында жетекчилик кайсы конкреттүү соода операциялары толук эмес же так эмес чагылдырылганын аныкташы, же конкреттүү трейдер тарабынан ак ниетсиз иш-аракеттерди аныкташы мүмкүн. Жогорку деңгээлдеги жетекчилердин текшерүүнү жүргүзүүсүн жеңилдеткен, операцияларды санкциялоо жоло-жоболорунун болушу чоң мааниге ээ.

## Финансылык инструменттерди баалоо

*Финансылык отчеттуулукту түзүүгө карата талаптар*

34. Көпчүлүк финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында бухгалтердик балансты берүү, пайданы же зыянды эсептөө жана (же) маалыматты ачып көрсөтүү максаттары үчүн финансылык инструменттер, анын ичинде камтылган туунду финансылык инструменттер, көбүнчө адилет нарк боюнча бааланат. Жалпысынан адилет наркты баалоо учурдагы рыноктук конъюнктурада баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосунда тиешелүү операцияны жүргүзүүгө боло турган бааны алуу максатында өткөрүлөт; башкача айтканда бул баа мажбурлап жоюуда же аргасыз сатуу кырдаалында аныкталган операция баасы болбойт. Бул максатка жетүү үчүн операцияга тиешелүү бардык болгон рыноктук маалымат эске алынат.

35. Финансылык активдердин жана финансылык милдеттенмелердин адилет наркын баалоо зарылчылыгы операцияларды баштапкы чагылдырууда да, кийин наркы өзгөргөн учурда да пайда болушу мүмкүн. Финансылык отчеттуулукту даярдоонун ар башка концепцияларында убакыттын өтүшү менен боло турган, адилет наркты баалоодогу өзгөртүүлөр ар башкача каралышы мүмкүн. Мисалы, мындай өзгөртүүлөр пайданын же зыяндын курамында чагылдырылышы мүмкүн же башка жыйынды ирешенин курамында чагылдырылышы мүмкүн. Мындан тышкары, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына жараша, адилет нарк боюнча бардык финансылык инструмент же анын компоненти гана бааланышы мүмкүн (мисалы, камтылган туунду финансылык инструмент, ал өзүнчө эсепке алынган учурда).

36. Адилет наркты баалоо жана аны менен байланыштуу ачып көрсөтүлгөн маалыматтар ырааттуу жана салыштырмалуу болушу үчүн, айрым финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясында адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмү киргизилет. Баштапкы маалыматтардын үч деңгээлин бөлүүгө болот:

- 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар – бул ишкана баалоо күнүнө карата алышы мүмкүн болгон, активдүү рыноктогу окшош финансылык активдердин же финансылык милдеттенмелердин котировкалары (оңдоп-түзөлбөгөн) жөнүндө маалымат.
- 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар – бул 1-деңгээлге киргизилген котировкалардан тышкары, рыноктон түз же кыйыр алынуучу финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча маалымат. Эгер финансылык актив же финансылык милдеттенме белгилүү бир (келишимдик) жүгүртүү мөөнөтүнө ээ болсо, 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарга бул финансылык активди же милдеттенмени жүгүртүүнүн дээрлик бүтүндөй мөөнөтү аралыгында байкоо жүргүзүлүшү керек. 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарга төмөндөгүлөр кирет:
    - активдүү рыноктордо окшош финансылык активдерди же милдеттенмелерди котировкалоо;
    - активдүү болуп саналбаган рыноктордо бирдей же окшош финансылык активдерди же милдеттенмелерди котировкалоо;
    - рынокто байкоо жүргүзүлүүчү финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча маалыматтар (котировкалардан тышкары) (мисалы, пайыздык ставкалар жана котировкалар үчүн кадимки мезгилдүүлүк менен байкоо жүргүзүлүүчү кирешелүүлүктүн өзгөрүлмө сызыгы, жашыруун өзгөрмөлүүлүк, кредит спреддери);
    - байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтардын негизинде алынган же корреляция методу же башка ыкма аркылуу байкоо жүргүзүлүүчү маалымат менен ырасталган баштапкы маалыматтар (рыноктук маалымат менен ырасталган баштапкы маалыматтар).
- 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар – бул финансылык активдер же финансылык милдеттенмелер боюнча байкоо жүргүзүлбөөчү маалымат. Байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар тиешелүү байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар жок болгон учурда адилет нарк боюнча баалоо үчүн колдонулат, бул баалоо күнүндө рынокто финансылык активдер же милдеттенмелер менен операциялар өтө аз өткөрүлө турган же мындай операциялар таптакыр өткөрүлбөй турган кырдаалды эске алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

Жалпысынан, эгер финансылык инструмент 1-деңгээлден 2-деңгээлге же 2-деңгээлден 3-деңгээлге жылса, баалоонун айкын эместиги өсөт. Мындан тышкары, 2-деңгээл үчүн рыноктук маалыматтарды алуу

мүмкүнчүлүгүнө, финансылык инструменттин, аны баалоонун татаалдык деңгээлине жана башка факторлорго жараша баалоонун айкын эместигинин кеңири диапазону мүнөздүү.

37. Айрым финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында тобокелдикти эске алуу менен аны оңдоп-түзөө үчүн, баалоонун айкын эместик факторун эске алуу менен баалоого оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү талабы же уруксаты каралган. Мындай оңдоп-түзөөнү баа түзүү же финансылык инструмент боюнча акча каражаттарынын агымдары менен байланыштуу пайда боло турган тобокелдиктерге байланыштуу айкын эместик факторлорун чагылдыруу үчүн бааны белгилөөдө рыноктун катышуучусунун киргизүүсү талап кылынат же уруксат берилет. Мисалы:

- Моделди оңдоп-түзөөлөр. Тиешелүү финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын алкагында адилет наркты баалоонун айрым моделдерине белгилүү кемчиликтер тиешелүү болушу мүмкүн, же кемчилик моделде аны текшерүүнүн жыйынтыгында аныкталышы мүмкүн.
- Кредиттик тобокелдикти эске алуу менен оңдоп-түзөөлөр. Айрым моделдерде кредит тобокелдиги, анын ичинде контрагенттин келишимдик милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдиги же жеке кредит тобокелдиги эске алынган эмес.
- Ликвиддүүлүк тобокелдигин эске алуу менен оңдоп-түзөө. Белгилүү бир моделдерде финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясында ликвиддүүлүктү эске алуу менен оңдоп-түзөтүлгөн сумманы колдонуу каралса дагы, орточо рыноктук баа эсептелет, мисалы сатып алуу жана сатуу баасынын ортосундагы айырма. Олуттуу деңгээлде кесипкөй ой жүгүртүүлөр көз каранды болгон ликвиддүүлүктү эске алуу менен башка оңдоп-түзөөдө айрым финансылык инструменттер ликвиддүү эместиги таанылат, бул аларды баалоого таасирин тийгизет.
- Башка тобокелдиктерди эске алуу менен оңдоп-түзөөлөр. Рыноктун катышуучулары финансылык инструментке бааны белгилөөдө эске ала турган, башка бардык факторлорду эске албаган моделдин жардамы менен ченелген нарк баалоо күнүнө карата адилет нарк болбошу мүмкүн, ошондуктан финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарын сактоону камсыздоо үчүн, аны өзүнчө оңдоп-түзөө керек.

Оңдоп-түзөөлөр, эгер оңдоп-түзөөнүн натыйжасында алынган, финансылык инструменттин өлчөнгөн же бааланган көлөмү талаптагыдай эмес мүнөздө болсо, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясындагы анын аныктамасына ылайык адилет наркка ылайык

келбейт, мисалы, баалоого карата консервативдик ыкманы колдонуу менен оңдоп-түзөөлөр.

*Байкоо жүргүзүлүүчү жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар*

38. Жогоруда белгиленгендей, финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы көп учурда баштапкы маалыматтарды бул маалыматтар байкоо жүргүзүлүүчү (рыноктук) маалыматты канчалык чагылдыра турганына жараша категорияларга бөлүштүрөт. Рыноктогу финансылык инструменттердин активдүүлүгүнүн төмөндөшүнө жана байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүктөрүнүн кыскарышына жараша баалоонун айкын эместиги өсөт. Финансылык инструменттерди баалоону ырастоо үчүн маалымат өзүнүн мүнөзү жана баалоо максаттары үчүн байкоо жүргүзүлүүчү маалыматты алуу мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ишенимдүүлүк деңгээли айырмаланышы мүмкүн. Бул мүмкүнчүлүктөргө рыноктун мүнөздөмөлөрү таасирин тийгизиши мүмкүн (мисалы, рыноктук активдүүлүктүн деңгээли кандай, биржада же биржадан тышкаркы рынокто операциялар жүргүзүлөбү). Ушундан улам, баалоону ырастоо үчүн колдонулган далилдердин мүнөзү жана ишенимдүүлүк деңгээли ар дайым чоң мааниге ээ, рыноктор активдүү эмес болуп жана баштапкы маалымат катары рынокто байкоо жүргүзүлүүчү маалыматты колдонуу мүмкүнчүлүгү азайганда өзүнүн баасын ырастоо үчүн маалыматты алуу улам кыйын болуп калат.

39. Баштапкы маалымат катары колдонууга боло турган, байкоо жүргүзүлүүчү маалымат жок болгондо, ишкана байкоо жүргүзүлбөөчү маалыматты (3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар) колдонот. Бул баштапкы маалыматтар финансылык активге же финансылык милдеттенмеге бааларды белгилөөдө рыноктун катышуучулары колдоно турган божомолдорду, анын ичинде тобокелдиктерге тиешелүү божомолдорду чагылдырат. Мындай баштапкы маалыматтар мындай жагдайларда болгон так жана ишенимдүү маалыматтын негизинде алынган. Байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды даярдоодо ишкана өзүнүн маалыматтарынан баштайт, эгер бар болгон негиздүү маалымат (a) рыноктун башка катышуучулары башка маалыматтарды колдонушу мүмкүн экенин же (b) ишканада рыноктун башка катышуучуларында жок болгон өзгөчө мүнөздөмөлөр болгонун (мисалы, ушул ишканага мүнөздүү синергия) көрсөтсө, алар оңдоп-түзөлөт.

*Активдүү эмес рыноктордун кесепеттери*

40. Финансылык инструменттер же алардын компоненттери жүгүртүлгөн рыноктордо активдүүлүк төмөндөгөн мезгилдерде баалоонун айкын эместиги өсөт, ал эми баалоо жол-жобосу татаалдашат. Финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясында бул маселеге байланыштуу көрсөтмөлөр камтылганына карабастан, активдүү рынок активдүү эмеске

айланган айкын учур жок. Активдүү эмес рыноктун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө соода активдүүлүгүнүн көлөмүнүн жана деңгээлинин олуттуу төмөндөшү, убакыттын өтүшү менен баалардын олуттуу өзгөрүшү же рыноктун ар башка катышуучуларынын ортосунда баалардын таралышы, ошондой эле учурдагы наркты чагылдырбаган бааларды колдонуу кирет. Бирок рынок активдүү эместигин баалоо үчүн кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонуу талап кылынат.

41. Активдүү эмес рыноктор учурунда котировкалар эскирип калышы мүмкүн (башкача айтканда алар учурдагы наркты чагылдырбай калат), рыноктун катышуучулары алар боюнча операцияларды жүргүзө ала турган бааларды көрсөтпөшү мүмкүн, же алар аргасыз операциялар боюнча бааларды көрсөтпөйт (мисалы, эгер сатуучу ченемдик же укуктук талаптарды сактоо максатында активди сатышы керек болсо, же ал ликвиддүүлүктү камсыздоо үчүн активди дароо сатууга аргасыз болсо, же салынган укуктук же убактылуу чектөөлөрдүн натыйжасында бир гана потенциалдуу сатып алуучу болсо). Ушундан улам баалоо 2 жана 3-деңгээлдердеги баштапкы маалыматтарды колдонуу менен өткөрүлөт. Бул учурга карата ишканада төмөндөгүлөр болушу мүмкүн:

- өзүнө анын жардамы менен 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды алуу мүмкүнчүлүгү барбы же жокпу аныктоого боло турган жол-жобону камтыган, баалоо жүргүзүүгө карата саясат;
- конкреттүү баалар же баалоо методдорун пайдаланууда баштапкы маалымат катары колдонулуучу, тышкы булактардан алынган маалыматтар, бул баалардын жана маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн кандай эсептеле турганын түшүнүү. Мисалы, активдүү рыноктогу мурда биржада жүгүртүлбөгөн, финансылык инструмент боюнча брокердин котировкалары ушул сыяктуу финансылык инструмент менен иш жүзүндө жүргүзүлгөн операциялардын баасын чагылдырат. Бирок рынокто активдүүлүктүн төмөндөшүнө жараша брокер бааларды аныктоодо жеке баалоо методдоруна көбүрөөк таянышы мүмкүн;
- рыноктук конъюнктуранын начарлашы контрагентке таасирин тийгизе турганын түшүнүү, ошондой эле контрагентке окшош ишканада иш жүргүзүүнүн шарттарынын начарлашы контрагенттин өз милдеттенмелерин аткарбашын (башкача айтканда милдеттенмелерди аткарбоо тобокелдигинин болушун) көрсөтүшү мүмкүнбү;
- баалоонун айкын эместик факторун эске алуу менен оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү саясаты. Мындай оңдоп-түзөөлөр моделди оңдоп-түзөөлөрдү, ликвиддүүлүктүн тартыштыгын эске алуу менен оңдоп-түзөөлөрдү, кредиттик тобокелдикти эске алуу менен

оңдоп-түзөөлөрдү жана башка тобокелдиктерди эске алуу менен оңдоп-түзөөлөрдү камтышы мүмкүн;

- бар болгон айкын эместик факторлорун эске алуу менен реалдуу жыйынтыктардын диапазонун эсептөө үчүн мүмкүнчүлүктөр, мисалы, сезгичтикти талдоону жүргүзүүнүн эсебинен; жана
- адилет наркты аныктоо үчүн баштапкы маалыматтар адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө башка деңгээлге өткөндө аныктоого мүмкүнчүлүк берген саясат.

42. Конкреттүү финансылык инструменттер менен соода операцияларынын көлөмү олуттуу кыскарганда же алар токтогондо, пайда болушу мүмкүн болгон өзгөчө татаалдыктар. Мындай жагдайларда мурда рыноктук бааларды колдонуу менен бааланган финансылык инструменттер эми моделдерди колдонуу менен бааланышы керек.

*Жетекчиликтин баалоо жүргүзүү процесси*

43. Анын жардамы менен жетекчилик өзүнүн финансылык инструменттерин баалоону жүргүзө ала турган методдор учурдагы рыноктук бааларды, жакында жүргүзүлгөн операциялар боюнча бааларды, ошондой эле байкоо жүргүзүлүүчү, ошондой эле байкоо жүргүзүлбөөчү маалымат катары берилген, баштапкы маалыматтар пайдаланылган моделдерди колдонууну камтыйт. Мындан тышкары жетекчилик төмөндөгүлөрдү жасай алат:

(a) маалымат-баа агенттигинин маалыматтары же брокердик котировкалар сыяктуу баа маалыматынын тышкы булактарын колдонуу, же

(b) баалоочу экспертти тартуу.

Баа маалыматынын тышкы булактары жана баалоочу эксперттер бир же бир нече мындай баалоо методдорун колдонушу мүмкүн.

44. Көпчүлүк финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепцияларында финансылык инструменттин адилет наркынын ишенимдүү далили катары активдүү рынокто жүргүзүлүүчү учурдагы операциялардын баалары эсептелет (башкача айтканда 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар). Мындай учурларда финансылык инструментти баалоону жүргүзүү салыштырмалуу оңой болушу мүмкүн. Биржанын котировкалоочу тизмелерине киргизилген же өтүмдүү биржадан тышкаркы рыноктордо жүгүртүлгөн финансылык инструменттердин котировкаларын финансылык басылмалардан, түздөн-түз биржалардан же баа маалыматынын тышкы булактарынан алууга болот. Котировкаларды пайдаланууда жетекчилик мындай котировканын негизинде эмне жатканын түшүнгөнү маанилүү. Бул жетекчиликтин баа баалоо күнүнө карата рыноктук шарттарды чагылдыра турганына ишенимди алуусу үчүн

керек. Финансылык басылмалардан же биржадан алынган котировкалар төмөндөгү учурларда адилет наркты ырастоо үчүн жетиштүү далилдерди камсыздашы мүмкүн, мисалы:

(a) баалар эскирген же актуалдуу эмес (мисалы, эгер котировка андан бери көп убакыт өткөн, акыркы жүргүзүлгөн соода операциясына негизделсе); жана

(b) котировкалар ал боюнча дилерлер жетиштүү үзгүлтүксүздүк менен, жана жетиштүү көлөмдөгү финансылык инструмент менен иш жүзүндөгү операцияны жүргүзүшү мүмкүн болгон бааны чагылдырат.

45. Финансылык инструменттин баасы жөнүндө учурдагы байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтары жок болгондо (башкача айтканда 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар), финансылык инструментти баалоону жүргүзүү үчүн, ишканага баалоо методун колдонуу үчүн зарыл болгон, башка баа индикаторлорун чогултуу талап кылынышы мүмкүн. Баа индикаторлору төмөндөгүлөр болушу мүмкүн:

- бул инструмент менен жакында эле жүргүзүлгөн операциялар, анын ичинде отчеттук күндөн кийин жасалган операциялар. Мында баалоо күнүнүн жана операцияны жүргүзүү күнүнүн ортосундагы мезгилде рыноктук шарттардын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен оңдоп-түзөөгө зарылчылык барбы деген маселени кароо керек, анткени бул операциялар отчеттук күнгө карата болгон рыноктук шарттарды ар дайым чагылдыра бербейт. Мындан тышкары, операция аргасыз бүтүм болушу мүмкүн, ошондуктан колдонулган баа демейки соода операциясынын алкагында бүтүмдүн баасын чагылдырбайт;

- учурда же бир аз мурда ушул сыяктуу инструменттер менен жүргүзүлгөн операциялар (мындай индикатор көбүнчө «аналог баасы» деп аталат). Аналог менен бааланууучу инструменттин ортосундагы айырманы эске алуу үчүн, аналог баасын оңдоп-түзөө талап кылынат, мисалы, эки инструменттин ортосунда болгон, ликвиддүүлүк тобокелдиги же кредит тобокелдиги көз карашынан алынган айырмачылыктар;

- ушул сыяктуу инструменттерге тиешелүү индекстер. Ушул сыяктуу инструменттер менен операциялар учурундагыдай эле, бааланууучу инструменттин жана анын негизинде индекс түзүлгөн инструменттин же инструменттердин ортосундагы айырмачылыктарды эске алуу үчүн оңдоп-түзөөлөр талап кылынат.

46. Жетекчилик баалоо жаатындагы өзүнүн саясатын жана конкреттүү финансылык инструментти баалоо үчүн колдонулуучу моделди документ түрүндө тариздеп, анын ичинде колдонулуучу моделди же моделдерди,

баалоо методологиясында колдонулган божомолдорду тандоону негиздеп, ошондой эле ишкана баалоонун айкын эместигин эске алуу менен оңдоп-түзөө зарылчылыгы барбы же жокпу деген маселени карашы керек.

Моделдер

47. Эгер финансылык инструменттердин баасы жөнүндө маалыматты операциялар рыногунда жүргүзүлгөн жыйынтыктар боюнча алуу мүмкүн болбосо, финансылык инструменттерди баалоо үчүн моделдерди колдонууга болот. Моделдер жөнөкөй, мисалы, облигациянын баасын аныктоо үчүн кеңири колдонулган формула, же өзүнө 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтардын негизинде финансылык инструменттерди баалоо үчүн комплекстүү, атайын иштелип чыккан программалык каражаттарды камтыган, татаал болушу мүмкүн. Көпчүлүк моделдердин негизинде акча каражаттарынын дисконттолгон агымдары колдонулган эсептөөлөр жатат.

48. Модель өзүнө методологияны, божомолдорду жана маалыматтарды камтыйт. Методологияда баалоо моделиндеги өзгөрмөлүү суммалардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу эрежелер же принциптер берилет. Божомолдорго аларга карата айкын эместик бар, өзгөрмөлүү суммалардын моделинде колдонулган баалануучу маанилер кирет. Маалыматтар финансылык инструмент жөнүндө иш жүзүндөгү же гипотетикалык маалыматтарды же финансылык инструментке катышы бар башка баштапкы маалыматтарды камтышы мүмкүн.

49. Жагдайларга жараша, ишкана финансылык инструментти баалоо үчүн колдонулуучу моделдерди түзүүдө же текшерүүдө чечиши мүмкүн болгон маселелер төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- моделди текшерүү аны колдонуп баштаганга чейин өткөрүлөбү, модель мурдагыдай эле өзүнүн багытына ылайык келээрин текшерүү үчүн мезгил-мезгили менен текшерүүлөр аткарылабы. Аны колдонуунун негиздүүлүгүн ырастоо үчүн ишкананын моделди текшерүү процесси өзүнө төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:
    - моделдин теориялык негиздүүлүгүн жана математикалык тактыгын, анын ичинде параметрлердин талаптагыдай мүнөзүн жана сезгичтиктин жол берилген чектерин баалоо;
    - моделде колдонулган баштапкы маалыматтардын толуктугун жана алардын рыноктук практикага шайкештигин баалоо, ошондой эле моделде колдонула турган талаптагыдай баштапкы маалыматтардын болушу;
- контролду алмаштыруу жаатында талаптагыдай саясат, ошондой эле моделди коргоо жол-жоболору жана каражаттары барбы;

IAPN

- рыноктук конъюнктуранын өзгөрүүлөрүн эске алуу менен, моделге өз убагында өзгөртүүлөр жана оңдоп-түзөөлөр киргизилеби;
- моделди анын жарактуулугуна карата өзүнчө объективдүү функционалдык кызматтын кызматкерлери тарабынан мезгил-мезгили менен тескөө, текшерүү жана тестирлөө жүргүзүлөбү. Бул чаралар моделдин жардамы менен алынган жыйынтыктар ал үчүн рыноктун катышуучулары белгилей турган, финансылык инструменттин наркын ишенимдүү беришине мүмкүнчүлүк түзөт;
- моделде тиешелүү байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар максималдуу колдонулабы жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды пайдалануу азайтылабы;
- ушул сыяктуу кырдаалда рыноктун катышуучулары колдоно турган божомолдорду чагылдыруу максатында, моделдин жардамы менен алынган жыйынтыктарды оңдоп-түзөөлөр жүргүзүлөбү;
- Модель, анын ичинде моделдин болжолдуу тиркемелери жана чектөөлөрү, анын негизги параметрлери, керектүү маалыматтар, бардык жүргүзүлгөн текшерүүчү талдоонун жыйынтыктары жана моделдин чыгуу маалыматтарына киргизилген бардык оңдоп-түзөөлөр талаптагыдай документтештирилген.

Жөнөкөй финансылык инструменттин мисалы

50. . Төмөндө активдер менен камсыздалган, баалуу кагаз катары белгилүү болгон, жөнөкөй финансылык инструментти баалоодо моделдерди кантип колдонууга болоору берилген.[9] Активдер менен камсыздалган баалуу кагаздар көбүнчө 2 жана 3-деңгээлдердеги баштапкы маалыматтардын негизинде баалангандыктан, аларды баалоо моделдерди колдонуу менен өткөрүлөт жана төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- баалуу кагаз кайсы түргө кире турганын түшүнүү, бул үчүн төмөндөгүлөрдү кароо керек (а) камсыздоо катары берилген базалык актив, жана (b) баалуу кагаздын шарттары. Камсыздоо катары берилген базалык актив ипотека же кредиттик карта боюнча пайыздарды жана негизги суммаларды төлөө сыяктуу акча каражаттарынын агымдарынын мөөнөттөрүн жана суммаларын баалоо үчүн колдонулат;
- баалуу кагаздын шарттарын түшүнүү, бул келишимде каралган акча каражаттарынын агымдарына укуктарды баалоону камтыйт,

---

[9] Активдер менен камсыздалган баалуу кагаз базалык активдердин пулу менен камсыздалган финансылык инструмент болуп саналат (күрөө камсыздоосу катары белгилүү, мисалы, кредит карталары же автокредиттер боюнча дебитордук карыз), анын наркы жана кирешелүүлүгү бул базалык активдердин эсебинен түзүлөт.

мисалы, төлөө тартиби, ошондой эле милдеттенмелерди аткарбоонун бардык учурлары. Көп учурда талаптарды канааттандыруунун кезектүүлүгү деп аталган төлөө тартиби шарттарды аныктайт, ага ылайык баалуу кагаздардын бир классынын кармоочулары төлөмдөрү башка кармоочуларга (субординацияланган карыз) караганда эрте (биринчи кезектеги карыз) жүргүзөт. Баалуу кагаздардын ар бир классынын кармоочуларынын акча каражаттарынын агымына укуктары, көп учурда акча каражаттарын колдонуунун кезектүүлүгү деп аталган, ошондой эле акча агымдарынын мөөнөтүнө жана суммаларына карата божомолдор баалуу кагаздардын ар бир классы боюнча күтүлгөн акча агымдарын эсептөө үчүн колдонулат. Андан кийин эсептик адилет наркты алуу максатында акча каражаттарынын агымдарын дисконттоо жүргүзүлөт.

51. Активдер менен камсыздалган баалуу кагаз боюнча акча агымдарына күрөө менен камсыздоону узак мөөнөттүү төлөө, ошондой эле милдеттенмелерди аткарбагандыктын потенциалдуу тобокелдиги жана буга байланыштуу жаралган күтүлгөн зыяндардын деңгээли таасирин тийгизиши мүмкүн. Мөөнөтүнөн мурда төлөөгө карата божомолдор (эгер орундуу болсо) негизинен баалуу кагаздын камсыздоосу катары берилген, базалык актив боюнча ставкалары менен ушул эле сыяктуу камсыздоо боюнча рыноктук пайыздык ставкаларга салыштырууга негизделет. Мисалы, ипотекалык кредит боюнча рыноктук пайыздык ставкаларды төмөндөтүү учурунда баштапкы божомолдогонго караганда, баалуу кагазды камсыздоо предмети болуп саналган ипотекалык кредиттерди мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн жогорку темптери байкалышы мүмкүн. Милдеттенмелерди мүмкүн болуучу аткарбагандыкты жана зыяндардын деңгээлин баалоо үчүн камсыздоо катары берилген активди жана зайым алуучуларды кылдат баалоо талап кылынышы мүмкүн; бул аткарылбаган милдеттенмелердин күтүлгөн пайызын эсептөө үчүн керек. Мисалы, эгер камсыздоо катары берилген актив, турак жай ипотекасын камтыса, зыяндардын деңгээлине баалуу кагаз колдонулган мөөнөт ичинде турак жайга бааларды баалоо таасирин тийгизиши мүмкүн.

Баа маалыматынын тышкы булактары

52. Ишкана адилет наркты аныктоо үчүн маалыматтарды алуу үчүн, баа маалыматынын тышкы булактарын пайдаланат. Ишкананын финансылык отчеттуулугун даярдоо, анын ичинде финансылык инструменттерди баалоо жана бул инструменттер боюнча финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүлүүчү маалыматты даярдоо үчүн жетекчилик ээ болбогон, билим жана тажрыйба талап кылынышы мүмкүн. Ишканада баалоонун талаптагыдай методдорун, ошондой эле баалоодо колдонулушу мүмкүн болгон моделдерди иштеп чыгуу үчүн ар дайым эле мүмкүнчүлүктөр боло бербейт, ошондуктан алар баалоону алуу же финансылык отчеттуулукта

ачып көрсөтүүлүүчү маалыматты даярдоо үчүн баа маалыматынын тышкы булактарын пайдалана алат. Бул чакан ишканалар же чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзбөгөн ишканалар үчүн өзгөчө мүнөздүү (мисалы, казыналык бөлүмдөрү бар финансылык эмес институттар). Жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарын колдонсо дагы, жыйынтыгында баалоо үчүн жоопкерчиликти жетекчилик тартат.

53. Мындан тышкары, баа маалыматынын тышкы булактары ишкана анда болгон баалуу кагаздардын көлөмүнө бааны кыска мөөнөттө аныктай албаган учурларда колдонулат. Мындай кырдаал жүгүртүлүүчү баалуу кагаздарга каражаттарын салган жана активдердин таза наркын күн сайын аныктоого милдеттүү болгон инвестициялык фонддордо пайда болот. Башка ишканаларда жетекчилик бааны аныктоонун жеке процессин киргизет, бирок муну менен катар жеке баалоолорун ырастоо үчүн баа маалыматынын тышкы булактарын пайдаланат.

54. Баалуу кагаздарды баалоодогу бул себептердин бир же бир нечесине байланыштуу көпчүлүк ишканалар баа маалыматынын тышкы булактарын же негизги маалымат булагы катары, же жеке баалоолорун ырастоо үчүн маалымат булагы катары колдонушат. Баа маалыматынын тышкы булактары төмөндөгү категорияларга бөлүнөт:

- маалыматтык-баа агенттиктери, анын ичинде консенсус баалары жөнүндө маалымат берүүчү агенттиктер; жана
- брокердик котировкаларды берүүчү брокерлер.

Баа агенттиктери

55. Маалыматтык-баа агенттиктеринен ишкана бааларды жана финансылык инструменттердин кеңири чөйрөсү боюнча аны менен байланыштуу маалыматтарды алат. Бул агенттиктер көбүнчө чоң көлөмдөгү финансылык инструменттерди ар күндүк баалоону аткарышат. Мындай баалоолор рыноктук маалыматтарды жана ар кандай булактардан алынган баалар, анын ичинде рыноктун активдүү катышуучулары («маркет-мейкерлер») жөнүндө маалыматты чогултуунун жыйынтыгында, ал эми кээде адилет наркты баалоону алуу үчүн жеке баалоо методдорун колдонуунун жыйынтыгында алынышы мүмкүн. Маалыматтык-баа агенттиктеринин бааларын аныктоо үчүн бир нече ыкмалардын айкалышы колдонулушу мүмкүн. Маалыматтык-баа агенттиктери көбүнчө 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтардын негизинде бааларды эсептөө үчүн маалымат булагы катары колдонулат. Маалыматтык-баа агенттиктеринде бааларды эсептөө тартибин контролдоонун натыйжалуу системасы киргизилиши мүмкүн, алардын кардарларынын катарына көбүнчө ар түрдүү ишканалар, анын ичинде инвестор-сатуучулар жана

инвестор-сатып алуучулар, операциялык жана уюштуруу-контролдук бөлүмдөр, аудиторлор жана башка ишканалар кирет.

56. Маалыматтык-баа агенттиктеринде формалдаштырылган процесс бар, анын алкагында кардарлар агенттиктерден алынган бааларды талаша алышат. Кардарларга алынган бааны талашуу мүмкүнчүлүгүн камсыздаган, бул процесстердин алкагында негизинен кардарлардын альтернативалык бааны ырастаган далилдерди алуусу талап кылынат, мында доомattар берилген далилдердин сапатына жараша категорияларга бөлүштүрүлөт. Мисалы, жакында эле ушул инструмент менен жүргүзүлгөн, ал жөнүндө баа агенттигине белгилүү болбогон, сатуу боюнча операциянын негизиндеги доомattар кардар тарабынан колдонулган жеке баалоо методдоруна негизделген доомattар кылдат текшерүүгө алынганда канааттандырылышы мүмкүн. Ошентип, кардарларынын арасында рыноктун алдыңкы катышуучуларынын (сатып алуучулар да, сатуучулар да) саны көп болгон баа агенттиги баа рыноктун катышуучулары билген маалыматты толук чагылдырышы үчүн, бааны туруктуу оңдоп-түзөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу мүмкүн.

Консенсус баалар жөнүндө маалымат берүүчү агенттиктер

57. Айрым ишканалар консенсус баалар жөнүндө маалымат берген агенттиктерден алынган баа маалыматтарын колдонушу мүмкүн. Мындай агенттиктер калган маалыматтык-баа агенттиктеринен айырмаланат. Консенсус баа жөнүндө маалыматты берген агенттиктер инструменттин баасы жөнүндө маалыматты бир нече катышуучу ишканалардан (пайдалануучулардан) алат. Ар бир пайдалануучу маалыматтык-баа агенттигине бул маалыматты купуя катары берет жана бир пайдалануучуга консенсус бааны билдирет, ал негизинен кескин четтеген маанилерди ылгоо максатында аларды иштеп чыккандан кийин алынган маалыматтардын орточо арифметикалык маанисин билдирет. Айрым рыноктор үчүн, мисалы, адаттан тыш туунду финансылык инструменттер рыноктору үчүн, консенсус баалар кыйла так маалыматты бериши мүмкүн. Бирок консенсус баалардын репрезентативдик ишенимдүүлүгүн баалоодо көпчүлүк факторлор эске алынат, аларга төмөндөгүлөр кирет, мисалы:

- пайдалануучулар берген баалар иш жүзүндө жүргүзүлгөн операциялар боюнча бааларды чагылдырабы же алардын жеке баалоо методдорунун негизинде алынган, болжолдуу бааны гана чагылдырабы;
- баалар алынган булактардын саны;
- консенсус баалар жөнүндө маалыматты берген агенттик колдонгон булактардын саны;

- сурамжылоонун катышуучуларынын катарына рыноктун алдыңкы катышуучулары киреби.

58. Негизинен консенсус баалар жөнүндө маалыматты агенттикке өзүнүн бааларын берген пайдалануучулар гана ала алышат. Ушундан улам, бардык ишканалар эле консенсус бааларга түз жетүү мүмкүндүгүнө ээ болушпайт. Пайдалануучунун негизинен пайдалануучулар берген бааларды баалоо кандай жүргүзүлгөнү жөнүндө маалыматы жок болгондуктан, баалоону ырастоо үчүн жетекчиликке консенсус баалар жөнүндө маалыматты берген агенттиктерден алынган маалыматка кошумча далилдердин башка булактары талап кылынышы мүмкүн. Атап айтканда, эгер булактар алардын жеке баалоосун колдонуунун негизинде алынган, болжолдуу бааларды берсе жана бул баалар кандай эсептелгенин билбесе, мындай булактар талап кылынат.

Брокердик котировкаларды берүүчү брокерлер

59. Брокерлер негизги эмес кызмат көрсөтүү катары гана өзүнүн кардарларына котировкаларды бергендиктен, бул котировкалар көпчүлүк учурларда маалыматтык-баа агенттиктеринен алынган баалардан айырмаланат. Брокерлер өзүнүн котировканы эсептөө жол-жобосу жөнүндө маалыматты оңой менен бербейт, бирок алар баа агенттиги ээ болбогон, операциялар жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүндүгүнө ээ болушу мүмкүн. Брокердик котировкалар бекем же индикативдүү болушу мүмкүн. Индикативдүү котирвокалар брокердин адилет наркты так баалоосун түшүндүрөт, ошол эле убакта бекем котировкалар брокер операция жүргүзүүгө даяр болгон бааны көрсөтөт. Бекем котировкалар – бул адилет нарктын ишенимдүү далили. Индикативдүү котировкалар котировкаларды аныктоодо брокер тарабынан колдонулган методдорго тиешелүү айкындуулуктун жоктугунан улам азыраак ынанымдуу. Мындан тышкары, брокердин котировкаларынын үстүнөн жүргүзүлгөн контролдун кылдаттыгы брокердин жеке портфелинде ушундай эле баалуу кагаз бар же жогуна жараша айырмаланат. Брокердик котировкалар көбүнчө баалуу кагаздарга карата колдонулат, аларды баалоодо 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар колдонулат, кээде бул котировкалар тышкы булактардан алууга боло турган жалгыз маалыматты бериши мүмкүн.

Баа маалыматынын тышкы булактары менен байланыштуу башка маселелери

60. Баа маалыматынын булактарынын бааны эсептөө тартибин түшүнүү жетекчиликке мындай маалымат жеке баалоону жүргүзүүдө, анын ичинде өзүнүн баалоо методун колдонууда баштапкы маалымат катары колдонууга ылайыкпы аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет. Жетекчилик финансылык отчеттуулукта маалыматты ачып көрсөтүү максаттары үчүн баштапкы маалыматтын деңгээли көз карашынан алганда, баалуу кагазды кайсы

категорияга киргизүү керектигин аныктай алат. Мисалы, баа маалыматынын тышкы булактары жеке моделдерин колдонуу менен финансылык инструменттерди баалай алышат жана жетекчилик үчүн моделде колдонулган методологияны, божомолдорду жана маалыматтарды түшүнүү маанилүү.

61. Эгер баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган, адилет наркты баалоолордун негизинде активдүү рыноктун учурдагы баалары жатса, жетекчиликтен адилет наркты баалоолор финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына карама-каршы келбеген ыкма менен алынганын баалоо талап кылынат. Адилет наркты баалоону түшүнүү үчүн жетекчилик төмөндөгүлөрдү билиши керек:

- адилет наркты баалоо методу ал ишке ашырылган максаттарга карама-каршы келбей турганын аныктоо үчүн, адилет наркты баалоо кандай жол менен алынган (мисалы, адилет нарк баалоо методунун жардамы менен аныкталганбы);
- котировкалар деген эмне – болжолдуу баалар, индикативдүү спред же милдеттендирүүчү сунуш; жана
- баа маалыматынын тышкы булактары тарабынан адилет наркты баалоо канчалык тезден өткөрүлөт, бул ал баалоо күнүнө карата рыноктук шарттарды чагылдырарын же чагылдырбасын аныктоо мүмкүнчүлүгүн берет.

Эгер жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактары ишкана аны кармоочу болуп саналган, конкреттүү финансылык инструменттер үчүн белгилеген котировкалар эмнеге негизделгенин түшүнсө, жетекчиликтин баалоосун ырастоо үчүн анын жарактуулугу көз карашынан алганда, бул далилдин маанилүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн баалоо жетекчиликке оңой болот.

62. Ар кандай булактардан алынган баа индикаторлору айырмаланышы мүмкүн. Баанын бул индикаторлоруна түзүү тартибин түшүнүү жана көрсөтүлгөн айырмачылыктарды изилдөө жетекчиликке баалоо негиздүү болуп саналаарын баалаш үчүн, финансылык инструменттерди баалоону жүргүзүүдө колдонулган маалыматты ырастоого жардам берет. Кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүүсүз берилген котировкалар боюнча орточо арифметикалык маанини жөнөкөй эсептөө алгылыктуу болбойт, анткени баалар диапазонунан бир баа адилет наркты кыйла так чагылдырышы мүмкүн жана бул баа сөзсүз эле орточо арифметикалык сумма болбойт. Анын финансылык инструменттерди жеке баалоосу негиздүү болуп саналабы аныктоо үчүн, жетекчилик төмөндөгүлөрдү жасай алат:

- сатып алуучулар менен бул операцияны жүргүзүүнү каалаган сатуучулардын ортосундагы операциялардан айырмаланып, иш



IAPN

жүзүндө жүргүзүлгөн операциялар мажбурланган болуп саналабы же жокпу деген маселени кароо. Мындай бааны салыштыруу максаттары үчүн колдонууга болбойт;

- келечекте күтүлгөн финансы инструменти боюнча акча агымдарын талдоо. Алынган жыйынтыктар адекваттуу баа маалыматын чагылдырат;
- байкоо жүргүзүлбөөчү маалыматтардын мүнөзүнө жараша, рынокто байкоо жүргүзүлүүчү бааларды байкоо жүргүзүлбөөчү бааларга экстраполяциялоо (мисалы, он жылга чейин, бирок андан көп эмес, төлөө мөөнөтү менен финансылык инструменттерге карата байкоо жүргүзүлүүчү баалар болушу мүмкүн, бирок он жылдык финансылык инструмент боюнча кыйыр бааны он жылдан ашкан мезгилге экстраполяциялоого болот, ал индикатор катары кызмат кылат). Экстраполяцияны ал рынокто байкоо жүргүзүлүүчү кыйыр баалардан алыс болгон мезгилге чейин созулбашы үчүн, этияттык менен колдонуу керек, бул баалар менен байланыш экстраполяциялоодо өчө начар жана ишенимсиз болуп калышы мүмкүн;
- ушул сыяктуу эле финансылык инструменттерге баалар бири бирине ылайык келээрине ынанымдуу болуу үчүн, портфелдин алкагында финансылык инструменттерге бааларды өз ара салыштыруу;
- ар бир моделде пайдаланылган маалыматтарды жана божомолдорду эске алуу менен, ар бир моделдин алкагында алынган жыйынтыктарды ырастоо үчүн эки же андан көп моделди пайдалануу, же
- тиешелүү хеджирлөө инструменттерине жана күрөө камсыздоосуна баалардын өзгөргөнүн баалоо.

Мындан тышкары, өзүнүн баалоосуна байланыштуу ой жүгүртүү үчүн ишкана конкреттүү түрдө анын жагдайларына колдонулушу мүмкүн болгон башка факторлорду да карай алат.

Баалоочу эксперттерди тартуу

63. Өзүнүн баалуу кагаздарына же анын кандайдыр бир бөлүгүнө баалоо жүргүзүү үчүн жетекчилик инвестициялык банктан, брокердик же башка баалоо менен алектенген ишканадан баалоочу экспертти тарта алат. Маалыматтык-баа агенттиктери брокерлер пайдаланылган учурлардан айырмаланып, жетекчилик анын тапшырмасы боюнча баалоону жүргүзүү үчүн экспертти тартканда колдонулган маалыматтар жана методологиялар тууралуу маалыматка жетүүсү оңой болот. Жетекчилик экспертти тартса дагы, жыйынтыгында баалоо үчүн жоопкерчиликти жетекчилик тартат.

*Финансы милдеттенмелери менен байланыштуу маселелер*

64. Финансылык активдерди жана финансылык милдеттенмелерди баалоонун маанилүү аспекти кредит тобокелдигинин таасирин түшүнүү болуп саналат. Мындай баалоо эмитенттин да, кредиттик колдоо гарантынын да карызды төлөө жөндөмдүүлүгүн жана финансылык туруктуулугун чагылдырат. Айрым финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында финансылык милдеттенмени баалоо бул милдеттенме баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучусуна өтө турганын түшүндүрөт. Финансылык милдеттенменин баасы жөнүндө байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар жок болгондо, анын суммасы, бул милдеттенме үчүн өзгөчөлүү факторлор болгон учурлардан тышкары (мисалы, үчүнчү тараптын эсебинен кредит сапатын жогорулатуу), негизинен контрагент тиешелүү активдин наркын баалоо үчүн колдонушу мүмкүн болгон ошол эле методду колдонуу менен аныкталат. Атап айтканда, ишкананын жеке кредиттик тобокелдигин баалоо көп учурда кыйын[10] болот.

## Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү

65. Көпчүлүк финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясында финансылык отчеттуулукта аны колдонуучуларга ишкана финансылык инструменттер менен жүргүзгөн операциялардын таасирин натыйжалуу баалоо мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты, анын ичинде финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктер жана айкын эместик факторлору жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талап камтылат.

66. Көпчүлүк концепцияларда финансылык инструменттерге тиешелүү сандык маалыматты, ошондой эле сапаттык маалыматты (анын ичинде эсеп саясатын) ачып көрсөтүү талап кылынат. Көпчүлүк финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясында финансылык отчеттуулукта адилет наркты баалоолор жөнүндө маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө байланыштуу бухгалтердик эсепке карата көп сандагы талаптар камтылган, бул талаптар жөн гана финансылык инструменттерди баалоодон кыйла кеңири. Мисалы, финансылык инструменттер жөнүндө ачып көрсөтүлүүчү сапаттык маалымат финансылык инструменттердин параметрлерине жана бул инструменттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымдарына маанилүү контекстуалдык маалыматтарды камтыйт. Мындай маалыматтар инвесторлорго ишкана кабылган тобокелдиктер жөнүндө маалымдоого жардам берет

*Ачып көрсөтүлүүчү маалыматтын категориялары*

---

[10] Жеке кредит тобокелдиги – бул рыноктук шарттардын өзгөрүшү менен байланышпаган, адилет нарктын өзгөрүүлөрүнүн суммасы.

IAPN

67. Маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптар төмөндөгүлөрдү камтыйт:

(a) финансылык отчеттуулукта чагылдырылган суммалардын негизинде эсептелген сандык маалыматтарды ачып көрсөтүү (мисалы, финансылык активдердин жана милдеттенмелердин категориялары);

(b) олуттуу ой жүгүртүүлөрдү колдонууну талап кылган, сандык маалыматтарды ачып көрсөтүү (мисалы, ишкана кабылган рыноктук тобокелдиктердин ар бир түрү боюнча сезгичтикти талдоо); жана

(c) сапаттык маалыматты ачып көрсөтүү, мисалы, финансылык инструменттерди башкаруу системасын; максаттарын; болгон контролдоо каражаттарын, финансылык инструменттерге байланыштуу пайда болгон тобокелдиктин ар бир түрүн башкаруу үчүн саясатты жана процесстерди, ошондой эле тобокелдиктерди баалоо үчүн колдонулган методдорду сүрөттөө.

68. Баалоонун конкреттүү өзгөрмөнүн өзгөрүүлөрүнө сезгичтиги канчалык жогору болсо, баалоо менен байланыштуу айкын эместик факторлорунун болушун көрсөткөн, маалыматты ошончолук көбүрөөк ачып көрсөтүү талап кылынышы ыктымал. Мындан тышкары, айрым финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында сезгичтикти талдоо жөнүндө, ишкана пайдаланган, баалоо методдорунда колдонулган божомолдогу өзгөрүүлөрдүн кесепеттери жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талап камтылышы мүмкүн. Мисалы, ал боюнча баштапкы маалыматтар адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө 3-деңгээлге киргизилген, адилет нарк боюнча бааланган финансылык инструменттер жөнүндө кошумча маалыматты ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулуктун пайдалануучуларына өтө субъективдүү баштапкы маалыматтар колдонулган адилет наркты баалоонун кесепеттери жөнүндө маалымдоо үчүн керек.

69. Айрым финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында финансылык отчетуулуктун пайдалануучуларына финансылык инструменттер менен байланыштуу пайда болгон, отчеттук күнгө карата ишкана аларга кабылган, тобокелдиктердин мүнөзүн жана көлөмүн баалоо мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талап камтылат. Бул ачып көрсөтүүлүүчү маалымат финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүндө же жылдык отчетто “Жетекчиликтин финансылык абалды жана иштин натыйжаларын талдоосу жана баалоосу” бөлүмүндө камтылышы мүмкүн, анда финансылык отчеттуулукта текшерилгенге карама-каршы шилтеме берилет. Ачып көрсөтүлүүчү маалыматтын көлөмү ишкана финансылык инструменттерге байланыштуу пайда болгон тобокелдике кабылган деңгээлден көз каранды болот жана төмөндөгү маселелер боюнча сапаттык маалыматты ачып көрсөтүүнү камтыйт. Анын ичинде:

- тобокелдикке кабылуу жана алардын пайда болушуна шарт түзгөн факторлор, анын ичинде ишкананын ликвиддүүлүккө жана күрөө камсыздоосуна болгон келечектеги муктаждыктары үчүн мүмкүн болуучу кесепеттер;
- ишканада тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы максаттар, саясат жана процесстер жана тобокелдикти баалоо үчүн колдонулуучу методдор; жана
- тобокелдикке кабылуудагы же тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы максаттардагы, саясаттагы жана процесстердеги өткөн мезгилге салыштырмалуу өзгөрүүлөр.

## II бөлүм. Финансылык инструменттердин аудитинин өзгөчөлүктөрү

70. Айрым факторлордун таасиринен улам финансылык инструменттердин аудити абдан татаалдашат. Мисалы:

- жетекчиликте да, аудитордо да финансылык инструменттердин мүнөзүн, аларды колдонуу максаттарын жана ишкана кабылган тобокелдиктерди түшүнүүдө кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн;
- рыноктук маанай жана ликвиддүүлүк кескин өзгөрүүлөргө дуушар болушу мүмкүн, бул жетекчиликти тобокелдиктерди натыйжалуу башкарууга аргасыз кылат;
- баалоону ырастоо үчүн далилдерди алууда кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн;
- белгилүү бир финансылык инструменттер менен байланыштуу айрым төлөмдөр олуттуу болушу мүмкүн, анын натыйжасында активдерди ыйгарып алуу тобокелдиги өсүшү ыктымал;
- финансылык отчеттуулукта чагылдырылган, финансылык инструменттерге тиешелүү сумма олуттуу эмес болушу мүмкүн, бирок бул финансылык инструменттер менен олуттуу тобокелдиктер жана тышкы таасирге кабылуу байланыштуу болушу мүмкүн;
- бир нече кызматкер ишкана жүргүзгөн финансылык инструменттер менен операцияларга олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн, өзгөчө алардын сый акысы финансылык инструменттер менен операциялардан түшүүчү каражат менен байланыштуу болгондо жана ишкананын башка кызматкерлери бул жактарга ашыкча таянганда.

Көрсөтүлгөн факторлорго байланыштуу тобокелдиктер жана тиешелүү жагдайлар айкын болбошу мүмкүн, бул аудитордун финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоосуна таасирин

IAPN

тийгизиши мүмкүн, ал эми жашыруун тобокелдиктер тез, өзгөчө жагымсыз рыноктук шарттарда жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

## Кесипкөй скептицизм[11]

71. Биринчи даражадагы мааниге ээ болгон аудитордук далилдерди баалоо үчүн кесипкөй скептицизмди колдонуу талап кылынат, анын аркасында аудитор дагы жетекчиликтин бир жактуулугунун мүмкүн болуучу белгилерин туруктуу көзөмөлдөйт. Бул аудитор башкалар менен катар, карама-каршы келген аудитордук далилдерден жана документтердин, суроо-талаптарга жооптордун жана башка жетекчиликтен жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан алынган маалыматтын ишенимдүүлүгүнөн шектенүүсү керектигин түшүндүрөт. Мындан тышкары аудитор катанын же ак ниетсиз аракеттердин кесепетинде маалыматты бурмалоону көрсөтө турган факторлорго өзгөчө көңүл буруп, ошондой эле конкреттүү жагдайларда алынган аудитордук далилдердин жетиштүүлүгү жана тиешелүү мүнөзү жөнүндө маселени карашы керек.

72. Кесипкөй скептицизмди бардык жагдайларда колдонуу керек, мында финансылык инструменттердин татаалдыгынын өсүшүнө жараша кесипкөй скептицизмди колдонуу муктаждыгы өсөт, мисалы, төмөндөгүлөр талап кылынганда:

- талаптагыдай жетиштүү аудитордук далилдер алынганбы баалоо, бул моделдер колдонулган же рыноктор активдүү эмес болуп саналаарын аныктоо керек болгон учурларда өзгөчө татаал болот;
- жетекчиликтин ой жүгүртүүсүн баалоо жана ишкана финансылык отчеттуулукту даярдоонун концепциясын пайдаланганда жетекчиликтин бир жактуулугу үчүн өбөлгөлөрдүн болушу, атап айтканда, жетекчиликтин баалоо методдорун тандоосу, баалоо методдорун колдонууда божомолдорду пайдалануусу, ошондой эле аудитордун жана жетекчиликтин ой жүгүртүүлөрү айырмаланган жагдайларда чечимдерди издөөсү;
- алынган аудитордук далилдердин негизинде тыянактарды жасоо, мисалы, жетекчиликтин эксперттери даярдаган баалоолордун негиздүүлүгүн баалоо жана финансылык отчеттуулукта маалыматты ачып көрсөтүү аны ишенимдүү берүүнү камсыздайбы аныктоо.

## Пландаштыруу маселелери[12]

---

11 АЭС 200, 15-пункт

12 АЭС 300 *«Финансылык отчеттуулуктун аудитин пландаштырууда»* финансылык отчеттуулуктун аудитин пландаштыруу менен байланыштуу аудитордун милдеттери каралат.

73. Аудитти пландаштырууда аудитордун көңүл борборунда төмөндөгү маселелер турат:

- бухгалтердик эсеп жана маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды түшүнүү;
- ишканага таасирин тийгизиши мүмкүн болгон финансылык инструменттерди, ошондой эле аларды пайдалануу максаттарын жана аны менен байланыштуу тобокелдиктерди түшүнүү;
- аудит жүргүзүүдө атайын билимдерге жана жөндөмдөргө болгон муктаждыкты аныктоо;
- ишкана жүргүзгөн финансылык инструменттер менен операцияларды жана аудит көлөмүнө кирген анын маалыматтык системаларын эске алуу менен ички контролдоо системасын түшүнүү жана баалоо;
- ички аудит кызматынын мүнөзүн, ролун жана ишин түшүнүү;
- жетекчилик колдонуп жаткан финансылык инструменттерди баалоо жол-жоболорун, анын ичинде жетекчилик бул баалоого экспертти же тейлөөчү ишкананы тартканы боюнча маселени түшүнүү; жана
- олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо жана бул тобокелдиктерге жооп иретинде көрүлгөн чаралар.

*Бухгалтердик эсеп жана маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды түшүнүү*

74. АЭС 540ка ылайык аудитор финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын баалануучу маанилерге тиешелүү талаптарын, анын ичинде тиешелүү маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды жана ченемдик талаптарды түшүнүүсү керек.[13] Финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын финансылык инструменттерге карата талаптары татаал болуп жана көп көлөмдөгү маалыматты ачып көрсөтүүнү карашы мүмкүн. Ушул Аудиттин эл аралык практикасы жөнүндө отчет менен таанышуу финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын бардык талаптарын ар тараптуу түшүнүүнү алмаштырбайт. Айрым финансылык отчеттуулукту даярдоо концепцияларында төмөндөгүдөй маселелерди кароо талап кылынат:

- хеджирлөө эсеби;
- «биринчи күнү» алынган пайданы же зыянды эсепке алуу;

[13] АЭС 540, 8(а)-пункту



IAPN

- финансылык инструменттерди таануу же таанууну токтотуу боюнча операциялар;
- жеке кредит тобокелдиги; жана
- тобокелдиктерди таанууга өтүү жана токтотуу, атап айтканда ишкана татаал финансылык инструменттерди түзүүгө жана түзүмдөштүрүүгө катышкан учурларда.

*Финансылык инструменттерди изилдөө (түшүнүү)*

75. Финансылык инструменттердин параметрлери жашыруун тобокелдиктердин жана тышкы таасирге кабылуунун белгилүү бир элементтерин камтышы мүмкүн. Ишкана каражаттарды салган жана ишкана үчүн тобокелдиктер менен байланышкан инструменттерди, анын ичинде инструменттердин параметрлерин изилдөө аудиторго төмөндөгүлөрдү аныктоодо жардам берет:

- операциянын маанилүү аспекттерин эсепке алууда чагылдырылбаган же так эмес чагылдыруулар барбы;
- баалоо талаптагыдай мүнөзгө ээби;
- ишкана финансылык инструменттерге тиешелүү тобокелдиктерди толук түшүнөбү жана бул тобокелдиктерди башкарабы; жана
- финансылык инструменттер кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү активдердин жана милдеттенмелердин категорияларына киргизилгенби.

76. Төмөндө аудитор ишкананын финансылык инструменттерин изилдөөдө карай турган болжолдуу маселелер берилген:

- ага байланыштуу ишкана тобокелдиктерге кабылган финансылык инструменттердин түрлөрү;
- алар колдонула турган максаттар;
- жетекчиликтин жана, мүмкүн болсо, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын финансылык инструменттерди, аларды пайдалануу тартибин жана бул инструменттердин бухгалтердик эсебинин талаптарын түшүнүүсү;
- финансы инструменттери менен операциялардын кесепеттерин жана (өзгөчө өз ара байланыштуу операциялар учурунда) бул операциялардын жалпы таасирин толук түшүнүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо үчүн бул инструменттердин так шарттары жана параметрлери;
- алардын тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы ишкананын жалпы стратегиясына шайкештиги.

Ички аудит функцияларынын, тобокелдиктерди башкаруу функцияларынын суроо-талаптары, эгерде мындай функциялар болсо, жана башкаруу үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн жактар менен талкуулоо аудиторго кырдаалды түшүнүүдө жардам бериши мүмкүн.

77. Айрым учурларда келишим, анын ичинде финансылык эмес инструменттерге келишимдер, туунду инструментти камтышы мүмкүн. Айрым финансылык отчеттуулук системалары мындай «киргизилген» туундуу инструменттер белгилүү бир жагдайларда негизги келишимден четтөөсүнө жол берет же талап кылат. Киргизилген туундуу инструменттерди аныктоо жана эсепке алуу боюнча процессти жетекчиликтин түшүнүүсү аудиторго ишкана кабылган тобокелдиктерди түшүнүүдө жардам берет.

*Аудит жүргүзүүгө атайын билимдерге жана жөндөмдөргө ээ жактарды тартуу*[14]

78. Аудитордун компетенттүүлүгү финансылык инструменттерди, өзгөчө татаал финансылык инструменттерди текшерүүнү камтыган аудитте негизги маселелердин бири болуп саналат. АЭС 220га ылайык[15] тапшырманын жетекчиси аудитордук топ жана аудитордук топтун курамына кирбеген, аудитордун эксперттери кесиптик стандарттарга жана колдонуудагы мыйзамдын жана ченемдик талаптарга ылайык, аудитордук тапшырманы аткаруу үчүн, ошондой эле бул тапшырманын жагдайларын эске алуу менен талаптагыдай мүнөзгө ээ боло турган, аудитордук корутундуну чыгаруу үчүн жалпысынан тиешелүү компетенттүүлүккө жана керектүү мүмкүнчүлүктөргө ээ экенине ынанымдуу болушу керек. Мындан тышкары, тиешелүү этикалык талаптарга ылайык[16] аудитор тапшырманы кабыл алуу менен байланыштуу негизги принциптерди, анын ичинде кесиптик комптетенттүүлүк жана ак ниеттүүлүк принциптерин

---

[14] Эгер мындай жак аудит жана бухгалтердик эсеп жаатында билимдерге жана тажрыйбага ээ болсо, бул жак ишкананын кызматкери же тартылган адис экенинен көз карандысыз, бул жак аудитордук топту курамына кирген катары каралат жана ага карата АЭС 220 *«Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө сапатты контролдоо»* талаптары жайылтылат. Эгер мындай жак башка жаатта (аудит жана бухгалтердик эсептен тышкары) билимдерге жана тажрыйбага ээ болсо, мындай жак аудитордун эксперти деп эсептелет жана ага карата АЭС 620 «*Аудитордун экспертинин ишин пайдалануу»* жоболору колдонулат. АЭС 620да бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы адистиктердин жана башка жааттагы билимдер менен тажрыйбанын ортосунда айырмачылыктарды белгилөө кесипкөй ой жүгүртүү предмети болуп саналат, мында финансылык инструменттердин бухгалтердик эсеби методдорун билүүнүн (бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы билимдер жана тажрыйба) жана финансылык инструменттерди баалоонун татаал методдорун билүүнүн (аудит жана бухгалтердик эсептен тышкары, башка жааттагы билимдер жана тажрыйба) ортосунда айырманы белгилөө керектиги белгиленет.

[15] АЭС 220, 14-пункт

[16] Бухгалтерлердин этикасынын эл аралык стандарттары боюнча кеңеш чыгарган *Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодекси*, 210.1 жана 210.6-пункттар.



IAPN

сактоого кандайдыр бир коркунучу жаралбайбы аныкташы керек. Төмөндө берилген 79-пунктта финансылык инструменттерди кароодо аудитор үчүн маанилүү болгон маселелердин мисалдары берилген.

79. Ушундан улам, финансылык инструменттердин аудитине бир же бир нече эксперттерди же төмөндөгү жааттарда маалымдар адистерди тартуу талап кылынышы мүмкүн:

- ишкана колдонгон финансылык инструменттерди, ошондой эле алардын параметрлерин, анын ичинде татаалдык деңгээлин түшүнүү. Финансылык отчеттуулукта финансылык инструменттин бардык аспекттери жана буга байланыштуу маселелер чагылдырылганын текшерүү жана тобокелдиктер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү талап кылынган учурларда, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык керектүү маалымат жетиштүү деңгээлде ачып көрсөтүлгөнүн баалоо үчүн атайын билимдерди жана жөндөмдөрдү пайдалануу талап кылынышы мүмкүн.
- финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясын түшүнүү, өзгөчө ар кандай чечмелөөгө дуушар болгон жааттар болгондо, же учурдагы практика ырааттуу эмес же жаңы түзүлүп жатканда.
- финансылык инструменттер менен операциялардын укуктук, ченемдик жана салыктык кесепеттерин, анын ичинде ишкана келишимдерди аткарууну талап кылаарын (мисалы, негизги келишимдерди талдоо) түшүнүү, атайын билимдерди жана жөндөмдөрдү талап кылышы мүмкүн.
- финансылык инструментке тиешелүү тобокелдиктерди баалоо;
- аудитордук топко жетекчиликтин баалоосун ырастоо үчүн же так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу үчүн, өзгөчө адилет нарк татаал моделди колдонуу менен аныкталган учурларда; активдүү рыноктор жок болгондо жана маалыматтарды жана божомолду алуу кыйын болгондо аудитордук далилдерди чогултууга жардам көрсөтүү;
- маалыматтык технологиялардын жалпы контролдоо каражаттарын баалоо, өзгөчө чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканаларда. Мындай ишканаларда маалыматтык системалар өтө татаал болушу мүмкүн, мисалы, бул финансылык инструменттер жөнүндө маанилүү маалыматты берүү, иштеп чыгуу жана администрациялоо, ошондой эле аларга жетүү электрондук каражаттардын жардамы менен жүргүзүлгөндө. Мындан тышкары, мындай маалыматтык системалар тейлөөчү

ишканага тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү карашы мүмкүн.

80. Финансылык инструменттердин мүнөзүнө жана мындай инструменттердин конкреттүү түрлөрүн пайдаланууга, ошондой эле алардын бухгалтердик эсеби менен байланыштуу татаалдыктарга жана рыноктук шарттарга жараша, аудитордук топто бухгалтердик эсептин жана аудиттин методологиясы жаатында керектүү билимге жана тажрыйбага ээ болгон, бухгалтердик эсеп жана аудит жаатындагы башка адистерге (аудитордук ишкананын кызматкерлерине, ошондой эле адистерди тартуу менен) консультация алуу[17] үчүн кайрылуу зарылчылыгы жаралышы мүмкүн. Мында төмөндөгү факторлор эске алынат:

- аудитордук топтун мүмкүнчүлүктөрү жана компетенттүүлүгү, анын ичинде анын мүчөлөрүнүн тажрыйбасы;
- ишкана колдонгон финансылык инструменттердин параметрлери;
- тапшырма менен байланыштуу аныкталган бөтөнчө жагдайлар же тобокелдиктер, ошондой эле кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонууга муктаждык, өзгөчө олуттуулук жана олуттуу тобокелдиктер маселелери боюнча;
- рыноктук шарттар.

*Ички контролдоо системасын изилдөө (түшүнүү)*

81. АЭС 315те (кайра каралган) ага ылайык аудитор ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын изилдөөгө милдеттүү болгон талаптар белгиленет. Ишкананы жана анын чөйрөсүн, анын ичинде ички контролдоо системасын изилдөө аудиттин бардык этаптарында маалыматты чогултуунун, тактоонун жана талдоонун үзгүлтүксүз, динамикалуу процесси болуп саналат. Түшүнүк алуу аудиторго финансылык отчеттуулук деңгээлинде жана финансылык отчеттуулукту түзүүнүн өбөлгөлөр деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдигин аныктоо жана баалоо мүмкүнчүлүгүн берет, мындай жол менен бааланган олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине жооп иретиндеги чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн негизди камсыздайт. Ишканада киргизилиши мүмкүн болгон контролдоо каражаттарынын мүнөзү жана деңгээли негизинен финансылык инструменттер менен жүргүзүлүүчү операциялардын көлөмүн жана ар түрдүүлүгүн эске алуу менен аныкталат.

---

[17] АЭС 220 18(b)-пунктунун талаптарына ылайык тапшырманын жетекчиси тапшырманы аткаруунун жүрүшүндө аудитордук топтун мүчөлөрү аудитордук топтун ичинде да, аудитордук топтун мүчөлөрүнүн жана тиешелүү деңгээлдин башка адистеринин (аудитордук уюмдун кызматкерлеринин же тыш адистердин ичинен) ортосунда да тиешелүү консультацияларды өткөргөнүнө ынанышы керек.



IAPN

Финансылык инструменттер менен жүргүзүлүүчү операциялардын мониторинг жана контролдоо процесстери түшүнүү аудиторго аудитордук жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөтүн жана көлөмүн аныктоого жардам берет. Тиркемеде чоң көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканаларда боло турган контролдоо каражаттары сүрөттөлгөн.

*Ички аудиттин функциясынын мүнөзүн, ролун жана ишин изилдөө (түшүнүү)*

82. Көпчүлүк ири ишканаларда ички аудит кызматы жогорку жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар ишканада киргизилген финансылык инструменттерди пайдаланууга тиешелүү контролдоо каражаттарын текшерүү жана баалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондой ишти жүргүзө алат. Ички аудит кызматы ак ниетсиз иш-аракеттердин же каталардын кесепетиндеги олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоого көмөк көрсөтүшү мүмкүн. Бирок жетекчиликтин же корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын ишкананын финансылык инструменттерди талаптагыдай пайдалануусуна карата ишенимин камсыз кылуучу жол-жоболорду түшүнүү жана аткаруу үчүн ички аудит кызматына талап кылынган билимдер жана жөндөмдөр негизинен иштин башка курамдарына карата ишенимди камсыз кылуу үчүн керектүү билимдерден жана жөндөмдөрдөн олуттуу айырмаланат. Ички аудит кызматы ишканада жүргүзүлүүчү финансылык инструменттер менен операцияларды кароо менен алектенүү (жана алектенип жаткан) үчүн керектүү билимдерге жана жөндөмдөргө ээ экендиги жөнүндө маселе, ошондой эле ички аудит функциясынын компетенттүүлүгү жана объективдүүлүгү жөнүндө маселе тышкы аудитор үчүн ал ички аудит кызматы аудиттин жалпы стратегиясына жана аудит планына ылайык келээри жөнүндө чечимди кабыл алганда маанилүү болуп саналат.

83. Ички аудит кызматынын иши төмөндөгү чөйрөлөрдө өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн:[18]

- финансылык инструменттерди пайдалануу көлөмдөрүн көрсөтүү менен жалпы баяндаманы даярдоо;
- саясаттын жана жол-жоболордун талаптагыдай мүнөзүн, ошондой эле аларды жетекчиликтин сакташын баалоо;
- финансылык инструменттер менен операцияларга карата контролдук иш-аракеттердин натыйжалуулугун баалоо;
- финансылык инструменттер менен операцияларга тиешелүү системаларды баалоо; жана

[18] Тобокелдиктерди башкаруу функциясы, моделдерди талдоо функциясы жана техникалык контролдоо функциясы сыяктуу башка функциялар аткаруучу иш дагы мааниге ээ болот.

- финансылык инструменттер менен байланыштуу жаңы тобокелдиктерди аныктоо жана баалоо жана бул тобокелдиктерди башкаруу жүзөгө ашырылып жатканын аныктоо мүмкүнчүлүгүн берген талдоо.

*Финансылык инструменттерди баалоодо жетекчилик колдонгон методологияны изилдөө (түшүнүү)*

84. Финансылык отчеттуулукту даярдоо боюнча жетекчиликтин милдетине финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын финансылык инструменттерди баалоого карата талаптарын сактоо кирет. АЭС 540ка ылайык[19] аудитор жетекчилик баалануучу маанини кантип алаарын жана алардын негизинде кандай маалыматтар жатканын түшүнүүгө милдеттүү. Жетекчиликтин баалоого карата мамилесинде тиешелүү баалоо методологиясын жана алуу божомолдонгон далилдердин деңгээлин тандоо эске алынат. Адилет наркты баалоо максаттары үчүн ишкана финансылык инструменттердин адилет наркына баалоо жүргүзүү үчүн тиешелүү методологияны иштеп чыгат, анда бул баалоого тиешелүү бардык рыноктук маалымат эске алынат. Баалануучу финансылык инструментти ар тараптуу түшүнүү ишканага рыноктук маалыматты бирдей же ушуга окшош инструменттер менен аныктоо жана баалоо мүмкүнчүлүгүн берет, аны баалоо методикасында чагылдыруу керек.

## Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо жана бул тобокелдиктерге жооп иретинде көрүлүүчү чаралар

*Финансылык инструменттер менен байланыштуу жалпы маселелер*

85. АЭС 540та[20] баалоонун айкын эместик деңгээли баалануучу маанилерди олуттуу бурмалоо тобокелдигине таасирин тийгизе турганы түшүндүрүлөт. Айкын эместиктин жогорку деңгээли жана келечектеги акча каражаттарынын туруксуздугу мүнөздүү болгон, татаал финансылык инструменттерди колдонуу, өзгөчө баалоого байланыштуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин өсүшүнө алып келиши мүмкүн. Олуттуу бурмалоо тобокелдигине таасирин тийгизиши мүмкүн болгон башка факторлорго төмөндөгүлөр кирет:

- ага байланыштуу ишкана тобокелдиктерге кабылган финансылык инструменттердин көлөмү;
- финансылык инструменттин шарттары, анын ичинде финансылык инструменттин өзүндө башка финансылык инструменттер барбы;

[19] АЭС 540, 8(с)-пункту

[20] АЭС 540, 2-пункт.

- аткарылган иштердин мүнөзү.

*Ак ниетсиз иш-аракеттер тобокелдигинин факторлору*[21]

86. Кызматкерлер тарабынан финансылык отчеттуулук менен ак ниетсиз иш-аракеттер үчүн стимулдар сыйакы схемалары финансылык инструменттерди колдонуудан алынган пайдадан көз каранды болгон учурларда болушу мүмкүн. Ишкананын сыйакы саясаты анын тобокелдикке ыктагандыгы менен кандай өз ара аракеттене турганын жана бул анын жетекчилиги жана трейдерлер үчүн түзүшү мүмкүн болгон стимулдарды түшүнүү ак ниетсиз иш-аракеттер тобокелдигин баалоодо маанилүү болушу мүмкүн.

87. Финансы рынокторундагы татаал кырдаал финансылык отчеттуулукту түзүүдө жетекчилик же катардагы кызматкерлер тарабынан жасалуучу ак ниетсиз иш-аракеттер үчүн кошумча стимулдарды түзүшү мүмкүн. Мындай стимулдарга өзүн сыйакы менен камсыздоого, жетекчиликтин же катардагы кызматкерлердин ак ниетсиз иш-аракеттерин же катасын жашырууга умтулуу, жөнгө салуучу органдар белгилеген ченемдерди, ликвиддүүлүк ченемдерин жана карыз алуу лимиттерин бузуудан оолак болуу же отчеттуулукта зыяндарды чагылдыруудан оолак болуу кирет. Мисалы, рыноктогу туруксуздук мезгилинде ишканада рыноктук баалардын ашыкча термелүүсүнүн, активдерге баанын күтүүсүз төмөн деңгээлин аныктоонун, соода операцияларынын алкагында туура эмес чечимдерди кабыл алуунун натыйжасында же башка себептерден улам күтүүсүз зыяндар пайда болушу мүмкүн. Мындан тышкары каржылоого байланыштуу көйгөйлөр бизнестин финансылык кудуреттүүлүгү маселелерине тынчсызданган жетекчиликти кыйын абалга калтырат.

88. Активдерди ыйгарып алуу жана финансылык отчеттуулукту ак ниетсиз түзүү кадимки жагдайларда натыйжалуу иштей турган, контролдоо системасын кыйгап өтүү иш-аракеттери менен коштолушу мүмкүн. Мындай иш-аракеттерге маалыматтарды жана божомолдорду контролдоо каражаттарын жана процесстерди терең контролдоо каражаттарын этибарга албоо кирет, бул зыяндарды же уурдоолорду жашыруу мүмкүнчүлүгүн берет. Мисалы, татаал рыноктук кырдаал соода операцияларын жашырууга же зыяндын ордун толтуруу максатында алардын өз ара чегеришүүсүн жүргүзүүгө мажбурлоо менен, кысымды күчөтөт.

---

[21] Ак ниетсиз аракеттер тобокелдигинин факторлоруна карата талаптарды жана көрсөтмөлөрдү АЭС 240 «*Финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө ак ниетсиз аракеттерге карата аудитордун милдеттеринде*» караңыз.

*Олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин баалоо*

89. АЭС 315 (кайра каралган) ылайык, аудитордун финансылык отчеттуулукту даярдоонун өбөлгөлөрү деңгээлинде аныкталган тобокелдиктерди баалоосу өзүнө ички контролдоо системасын иштеп чыгууну жана жүзөгө ашырууну баалоону камтыйт. Мындай баалоо АЭС 330га ылайык андан аркы аудитордук жол-жоболорду, анын ичинде маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жобосун жана контролдоо каражаттарынын тестин иштеп чыгуу жана өткөрүү үчүн талаптагыдай аудит методологиясын кароо үчүн негизди түзөт. Методологияны тандоого аудитордук ички контролдоо системасын аудит үчүн маанилүү болгон бөлүгүндө түшүнүүсү, анын ичинде контролдук чөйрөнүн натыйжалуулугу жана тобокелдиктерди башкаруу функциялары, ишкананын ишинин көлөмү жана татаалдыгы, ошондой эле аудитор жүргүзгөн олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоо ички контролдоо системасы натыйжалуу иштейт деген божомолго негизделгенби деген маселе таасирин тийгизет.

90. Аудит процессинде кошумча маалыматты алууга жараша, аудитордун финансылык отчеттуулукту даярдоонун өбөлгөлөрү деңгээлинде олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоосу өзгөрүшү мүмкүн. Аудиттин жүрүшүндө, мисалы, бухгалтердик жазууларды же документтерди текшерүүдө кыраакылыкты сактоо, мурда жетекчилик тарабынан көрсөтүлбөгөн финансылык инструменттердин болушу жөнүндө далилдеген макулдашууларды же башка маалыматтарды же аудиторго ачып көрсөтүлбөгөн маалыматты аудитордун аныктоосуна шарт түзүшү мүмкүн. Мындай бухгалтердик жазууларга жана документтерге төмөндөгүлөр кириши мүмкүн, мисалы:

- корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жыйналыштарынын протоколдору; жана
- ишкананын кесипкөй консультанттарынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн эсептер жана бул консультанттар менен кат алышуу.

*Контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөөнүн максатка ылайыктуулугун жана көлөмүн аныктоодо эске алуу керек болгон факторлор*

91. Контролдоо каражаттарынын натыйжалуу иштөөсү жөнүндө божомол көбүнчө ишенимдүү ички контролдоо системалары киргизилген финансылык институттар үчүн тапшырмаларды аткарууга колдонулат, ушундан улам контролдоо каражаттарын тестирлөө аудитордук далилдерди алуунун натыйжалуу жолу болот. Эгер ишканада соода операциялары бөлүмү болсо, маңызы боюнча тесттер чоң көлөмдөгү келишимдердин жана ар кандай системаларды колдонуунун кесепетинде жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди камсыздай албайт.

Бирок контролдоо каражаттарынын тесттери өзү жетишсиз, анткени АЭС 330га ылайык аудитор ар бир маанилүү операциялар классына, эсеп боюнча калдыкка же маалыматты ачып көрсөтүүгө карата маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболорун иштеп чыгууга жана аткарууга милдеттүү.[22]

92. Чоң көлөмдө соода операцияларын жүргүзгөн жана финансылык инструменттерди активдүү колдонгон ишканалар татаал контролдоо каражаттарына жана тобокелдиктерди башкаруунун натыйжалуу функциясына ээ болот, буга ылайык аудитор төмөндөгүлөргө байланыштуу далилдерди алганда контролдоо каражаттарын жогорку ыктымалдуулук менен тестирлейт:

- операциянын пайда болушу, толуктугу, тактыгы жана аларды тиешелүү мезгилге киргизүүнүн тууралыгы; жана
- эсеп боюнча калдыктардын болушу жана толуктугу, ошондой эле бул калдыктарга карата укуктар жана милдеттенмелер.

93. Салыштырмалуу чакан көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операциялар жүргүзүлгөн ишканаларда:

- жетекчилик жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар, финансылык инструменттер жана алардын ишкананын ишине таасири жөнүндө чектелүү гана түшүнүккө ээ болот;
- ишкана бир нече саналуу түрдөгү финансылык инструменттерге гана ээ болот жана алар өз ара азыраак байланышат же таптакыр байланышпайт;
- ишканада татаал контролдук чөйрө бар экени күмөндүү (мисалы, ишканада Тиркемеде берилген контролдоо каражаттары болбошу мүмкүн);
- өзүнүн инструменттерин баалоо үчүн жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган баа маалыматын колдонушу мүмкүн; жана
- баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган баа маалыматын колдонууну контролдоо каражаттары жеңилдетилген болушу мүмкүн.

94. Эгер ишкана финансылык инструменттер менен салыштырмалуу аз операцияларды жүргүзсө, аудитор ишкана финансылык инструменттерди кандай максаттар үчүн колдонуп жатканын кыйла оңой түшүнүп, ошондой эле алардын параметрлерин изилдей алат. Мындай учурларда аудитордук

[22] АЭС 330, 18-пункт

далилдердин олуттуу бөлүгү, өзүнүн мүнөзү боюнча, маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболорун жүргүзүүнүн жыйынтыгында алынган далилдерди түшүндүрөт, аудитор көпчүлүк аудитордук жол-жоболорду жылдын аягында аткара алат, ал эми тыш тараптан алынган ырастоолор операциялардын толуктугуна, тактыгына жана бар болушуна карата далилдерди жогорку ыктымалдуулук менен камсыздайт.

95. Контролдоо каражаттарын тестирлөөнүн мүнөзү, өткөрүү мөөнөттөрү жана көлөмү жөнүндө чечимдерди кабыл алууда аудитор төмөндөгүдөй факторлорду карашы мүмкүн:

- финансылык инструменттер менен операциялардын мүнөзү, өткөрүү жыштыгы жана көлөмү;
- контролдоо каражаттарынын натыйжалуулугу, анын ичинде алар ишкана финансылык инструменттер менен жүргүзгөн операциялардын көлөмү менен байланыштуу пайда болгон тобокелдиктерге жооп иретинде талаптагыдай иштелип чыкканбы жана ишканада финансылык инструменттер менен байланыштуу ишти башкаруу системасы барбы;
- ишканада киргизилген конкреттүү контролдоо каражаттарынын ички контролдоо системаларынын жана контролдук жол-жоболордун жалпы максаттары үчүн маанилүүлүгү, анын ичинде финансылык инструменттер менен операцияларды колдоо үчүн аралган маалыматтык системалардын татаалдыгы;
- контролдоо каражаттарынын мониторинги жана контролдоо жол-жоболорунда аныкталган кемчиликтер;
- контролдоо каражаттары кирген чөйрөлөр, мисалы, ырастоочу маалыматтарды контролдоо каражаттарынан айырмаланып, ой жүгүртүүлөрдү колдонууга тиешелүү контролдоо каражаттары. Чоң ыктымалдуулук менен маани-маңызы боюнча тесттерди өткөрүү ой жүгүртүүнү колдонуу менен байланыштуу контролдоо каражаттарына таянуу аркылуу жол-жоболорду аткарууга караганда, натыйжалуу жыйынтыктарды берет;
- контролдук иш-аракеттерди аткаруучу жактардын компетенттүүлүгү. Мисалы, ишканада аларга байланыштуу тобокелдикке кабылган финансылык инструменттерди баалоону жүргүзүү жана мындай баалоонун жыйынтыктарын текшерүү үчүн ресурстар, анын ичинде стресс мезгилдер жана мүмкүнчүлүктөр жетиштүүбү;
- бул контролдук иш-аракеттерди аткаруунун мезгилдүүлүгү;
- контролдоо каражаттары камсыздашы керек болгон тактык деңгээли;

- контролдук иш-аракеттерди аткаруунун далилдери; жана
- финансылык инструменттер менен негизги операцияларды жүргүзүүнүн мөөнөтү, мисалы, алар мезгил аяктаганга аз калганда өткөрүлөбү.

*Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболору*

96. Маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболорун иштеп чыгуу өзүнө төмөндөгү маселелерди кароону камтыйт:

- Талдоо жол-жоболорун пайдалануу [23]—Аудитордун талдоо жол-жоболорун аткаруусу алар аудиторго ишкананын иши тууралуу маалыматты бергендиктен, тобокелдиктерди баалоо жол-жоболору катары таасирдүү болгонуна карабастан, алар эгер башка жол-жоболор жок аткарылса, маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболору катары азыраак натыйжалуу болушу мүмкүн. Бул баалоого таасирин тийгизүүчү факторлордун татаал өз ара аракеттенүүсүнөн улам, бөтөнчө тенденциялардын пайда болгонун байкоо кыйын болгондо орун алат.
- Стандарттык эмес операциялар. Көпчүлүк финансылык операциялар ишкананын жана анын контрагентинин ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында түзүлгөн келишимди түшүндүрөт (ал көбүнчө биржадан тышкаркы бүтүмдөр деп аталат). Эгер финансылык инструменттер менен операциялар стандарттык болуп саналбаса жана ишкананын кадимки ишинин алкагында өткөрүлбөсө, маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболору аудиттин пландаштырылган максаттарына жетүү үчүн эң натыйжалуу каражат болушу мүмкүн. Финансылык инструменттер менен операциялар ишкананын демейки ишинин бир бөлүгү болбогон учурларда, бааланган тобокелдиктерге жооп иретинде өткөрүлүп жаткан аудитордук жол-жоболордо, анын ичинде аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгууда жана аткаруунун жүрүшүндө ишканада бул жаатта тажрыйбанын жоктугу эске алынат.
- Далилдердин болушу. Мисалы, эгер ишкана баа маалыматынын тышкы булактарын пайдаланса, ишканадан финансылык

[23] АЭС 315тин (кайра каралган) 6(b)-пунктунун талаптарына ылайык, тобокелдикти баалоо жол-жоболору катары аудитор талдоо жол-жоболорун аткарууга милдеттүү, алар бааланган тобокелдиктерге жооп иретинде чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу үчүн негизди түзүү үчүн, олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоого шарт түзөт. АЭС 520 *«Талдоо жол-жоболорунун»* 6-пунктуна ылайык, аудитор финансылык отчеттуулукка карата жалпы тыянакты түзүүдө талдоо жол-жоболорун колдонууга милдеттүү. Талдоо жол-жоболору аудиттин башка этаптарында дагы аткарылышы мүмкүн.

отчеттуулукту түзүүнүн тиешелүү өбөлгөлөрүнө карата далилдерди алууга болбойт.

- Аудиттин башка чөйрөлөрүндө аткарылуучу жол-жоболор. Финансылык отчеттуулук менен камтылган, эсептин башка чөйрөлөрүндө аткарылуучу жол-жоболор финансылык инструменттер менен операциялардын толуктугун чагылдырууну ырастоочу далилдерди камсыздай алат. Мындай жол-жоболорго акча каражаттарынын жана төлөмдөрдүн түшүүлөрүнүн тесттери, ошондой эле эсепте чагылдырылбаган милдеттенмелер кириши мүмкүн.
- Тестирлөө үчүн беренелерди тандоо. Айрым учурларда финансылык инструменттердин портфелине татаалдыктын ар кандай деңгээли менен мүнөздөлгөн жана ар кандай тобокелдиктерге кабылган инструменттер кирет. Мындай учурларда кесипкөй ой жүгүртүүнү колдонуу менен ылгоо пайдалуу болушу мүмкүн.

97. Мисалы, активдер менен камсыздалган баалуу кагаз учурунда, бул баалуу кагаз менен байланыштуу пайда болгон олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине жооп иретинде чараларды тандоодо, аудитор төмөндөгү аудитордук жол-жоболордун айрымдарын аткаруу мүмкүнчүлүгүн карайт:

- камсыздоо катары берилген баалуу кагаздын, активдин шарттарын изилдөө максатында келишимдик документтерди жана ар бир класстагы баалуу кагаздарды кармоочулардын укуктарын текшерүү;
- жетекчилик колдонгон акча агымдарын баалоо жол-жобосу жөнүндө суроо талап жөнөтүү;
- мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн кредиттердин үлүшү, аткарылбаган милдеттенмелердин пайызы жана зыяндардын деңгээли сыяктуу божомолдордун негиздүүлүгүн баалоо;
- акча каражаттарын пайдалануунун кезектүүлүгүн аныктоо үчүн колдонулган методду изилдөө;
- адилет аркты баалоонун жыйынтыктарын ушундай эле шарттары жана күрөө камсыздоосу менен башка баалуу кагаздарды баалоонун жыйынтыктары менен салыштыруу;
- эсептешүүлөрдү кайталап аткаруу.

*Эки максаттуу тесттер*

98. Контролдоо каражаттарынын тестинин максаты кең-кесири тесттин максаттарынан айырмалана турганына карабастан, эки түрдөгү тестти бир убакта аткаруу натыйжалуу болушу мүмкүн, мисалы:

- бир эле операцияга карата контролдоо каражаттарынын тестин жана кең-кесири тестти жүргүзүү (мисалы, кол коюлган келишимдин болушуна жана финансылык инструменттин параметрлерин жыйынды таблицада талаптагыдай чагылдырууга карата тестирлөө); же
- жетекчилик колдонуп жаткан баалоо жүргүзүү жол-жоболорун тестирлөөдө контролдоо каражаттарын тестирлөө.

*Аудитордук жол-жоболорду өткөрүү мөөнөттөрү* [24]

99. Финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерди баалагандан кийин, аудитордук топ пландалган контролдоо каражаттарынын тесттерин жана маани-маңызы боюнча текшерүү аудитордук жол-жоболорун өткөрүү мөөнөтүн белгилейт. Пландалган аудитордук жол-жоболорду өткөрүү мөөнөттөрү бир катар факторлордон, анын ичинде контролдук операцияларды жүргүзүүнүн мезгилдүүлүгүнөн, контролдонуучу иштин маанилүүлүгүнөн жана тийиштүү олуттуу бурмалоо тобокелдигинен көз каранды болот.

100. Баалоо жана маалыматтарды берүү менен байланыштуу аудитордук жол-жоболордун негизги бөлүгүн мезгилдин аягында өткөрүү керектигине карабастан, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн башка өбөлгөлөрүнө тиешелүү аудитордук жол-жоболор аралык мезгилде пайдалуу тестирлениши мүмкүн. Мисалы, аралык мезгилде маалыматтык технологияларды контролдоо каражаттары же жаңы продукттарды санкциялоо сыяктуу, стандарттык контролдоо каражаттарына карата тесттерди аткарууга болот. Мындан тышкары, тиешелүү деңгээлдин жетекчиси тарабынан жаңы финансылык инструментти бекитүү жөнүндө күбөлөндүргөн, аралык мезгилдеги аудитордук далилдерди чогултуу аркылуу жаңы продукттарды бекитүү жол-жобосун контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөө пайдалуу болушу мүмкүн.

101. Аудиторлор аралык күнгө карата абал боюнча моделдерге карата айрым тесттерди аткарышы мүмкүн, мисалы, моделди колдонуу менен алынган жыйынтыктарды рыноктук операциялар менен салыштыруу аркылуу. Алар боюнча байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар бар инструменттер үчүн аралык күнгө карата дагы бир мүмкүн болуучу жол-жобо баа маалыматынын тышкы булагы берген, баа маалыматынын негиздүүлүгүн тестирлөөдө турат.

---

[24] АЭС 330дун 11-12 жана 22-23-пункттарында аудитор аралык мезгилде жол-жоболорду аткарган учурларга тиешелүү талаптар белгиленген жана мындай аудитордук далилдерди кантип колдонууга болоору түшүндүрүлөт.

102. Олуттуу ой жүгүртүүлөрдү колдонууну талап кылган маселелер жылдын аягына жакын же жылдын аягында тестирленет, анткени:

- баалоолор кыска убакыт аралыгында олуттуу өзгөрүшү мүмкүн, ушуга байланыштуу отчеттук күнгө карата салыштырмалуу маалымат менен аралык күнгө карата эсептер боюнча калдыктарды салыштыруу жана салыштырып текшерүү кыйын болот;
- аралык мезгил менен жылдын аягынын ортосундагы убакыт аралыгында ишкана көбөйтүлгөн көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзө алат;
- кол менен чагылдырылуучу бухгалтердик жазууларды отчеттук мезгил аяктагандан кийин гана жүргүзүүгө болот; жана
- стандарттык эмес же ири операциялар отчеттук мезгилдин аягында өткөрүлүшү мүмкүн.

*Толуктукту, тактыкты, бар болушун, келип чыгышын, ошондой эле укуктарды жана милдеттерди текшерүүгө тиешелүү жол-жоболор*

103. Финансылык отчеттуулукту түзүүнүн бир катар өбөлгөлөрүн текшерүү үчүн аудитордук жол-жоболордун көпчүлүгү колдонулушу мүмкүн. Мисалы, мезгилдин аягында эсеп боюнча калдыктын болушун текшерүү үчүн өткөрүлө турган жол-жоболордун жардамы менен операциялардын классынын пайда болушу дагы текшерилиши мүмкүн, мындан тышкары алар операциялар тиешелүү мезгилге киргизилгенин аныктоого жардам берет. Бул финансылык инструменттердин негизинде юридикалык тариздделген келишимдер жатканы менен түшүндүрүлөт жана операцияны чагылдыруунун тактыгы текшерүүдө аудитор анын болушун текшерип жана бир эле убакта пайда болуу, укуктар жана милдеттер сыяктуу, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн өбөлгөлөрүн ырастоочу далилди алып, ошондой эле операциялар туура отчеттук мезгилде чагылдырылганын ырастай алат.

104. Толуктук, тактык жана бар болушу сыяктуу, финансылык отчеттуулукту түзүүнүн өбөлгөлөрүн ырастоочу аудитордук далилдерди камсыздай ала турган жол-жоболор өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- Банк эсептерине, соода операцияларына жана депозитарийдин отчеттук документтерине карата тышкы ырастоо[25]. Мындай

[25] АЭС 505 *«Тышкы ырастоо»* аудитордун АЭС 330дун жана АЭС 500 *«Аудитордук далилдердин»* талаптарына ылайык аудитордук далилдерди алуусу үчүн тышкы ырастоо жол-жоболорун колдонуу маселеси каралат. 2009-жылдын ноябрында чыгарылган, "*Финансылык отчеттуулуктун аудитинде тышкы ырастоолорду колдонуу менен байланыштуу пайда болуучу жаңы практикалык маселелер*" аудитордук уюмдарынын кызматкерлери үчүн бюллетенди караңыз

ырастоону түз контрагенттен алууга болот (анын ичинде банктык ырастоону), мында жооп түздөн-түз аудиторго жөнөтүлөт. Альтернативалык вариант катары бул маалыматты маалыматтарды берүү каналы боюнча контрагенттин системаларынан алууга болот. Мындай учурларда ырастоонун натыйжасында алынган далилдердин ишенимдүүлүгүн баалоодо аудитор аркылуу маалыматты берүү жүзөгө ашырылган компьютердик системаларда маалыматтарды бурмалоонун алдын алуу үчүн арналган контролдоо каражаттарын карай алат. Эгер ырастоолор алынбаса, аудитор келишимдерди талдоого алып жана тиешелүү контролдоо каражаттарын тестирлеп, далилдерди алышы мүмкүн. Бирок тышкы ырастоо кандайдыр бир кошумча макулдашууларды аныктоого шарт түзүшү мүмкүн экенине карабастан, ал көп учурда финансылык отчеттуулукту түзүү өбөлгөлөрүнө карата жетиштүү аудитордук далилдерди камсыздабайт.

- Көчүрмөлөрдү же депозитарийлерден алынган маалыматтарды салыштырып текшерүүнүн жыйынтыктарын текшерүү. Бул үчүн автоматташтырылган салыштырып текшерүүгө тиешелүү маалыматтык технологияларды контролдоо каражаттарын баалоо жана салыштырып текшерүүдө аныкталган айырмачылыктар талаптагыдай талдоого алынганын же жоюлганын аныктоо зарыл болушу мүмкүн.
- Бухгалтердик жазууларды жана аларды чагылдыруу процессин контролдоо каражаттарын талдоо. Бул жол-жобонун жардамы менен жасоого болот, мисалы:
  - бухгалтердик жазуулар тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болбогон кызматкерлер тарабынан жасалганын аныктоо;
  - мезгилдин аягында ак ниетсиз иш-аракеттер тобокелдигине тиешелүү болушу мүмкүн болгон, бөтөнчө жана талаптагыдай эмес бухгалтердик жазууларды аныктоо.
- Айрым келишимдер менен таанышуу жана ишкана жүргүзгөн финансылык инструменттер менен операцияларды ырастоочу документтерди, анын ичинде бухгалтердик эсеп маалыматтарын талдоо. Мындай жол менен көрсөтүлгөн операциялардын жана алар менен байланыштуу укуктардын жана милдеттенмелердин болушун текшерүүгө болот. Мисалы, аудитор айрым келишимдер менен таанышып жана ырастоочу документтерди, анын ичинде келишимди баштапкы таанууда чагылдырылган бухгалтердик жазууларды талдашы мүмкүн, андан ары баалоо максаттары үчүн чагылдырылган бухгалтердик жазууларды текшериши мүмкүн. Бул аудиторго операцияга таандык татаал аспекттер толук көлөмдө аныкталганын жана эсепте чагылдырылганын баалоо

мүмкүнчүлүгүн берет. Укуктардын болушуна ынанымдуу болуу үчүн, керектүү билимдерге жана тажрыйбага ээ болгон адистер юридикалык таризделген бүтүмдөрдү жана аны менен байланыштуу тобокелдиктерди карашы керек.

- Контролдоо каражаттарын тестирлөө, мисалы, контролдоо каражаттарын кайталап колдонуу аркылуу.
- Ишканада колдонулуп жаткан дооматтарды башкаруу системасын талдоо. Чагылдырылбаган операциялардын болушу ишкана контрагентке акча каражаттарын төлөбөгөнүнө алып келиши мүмкүн. Мындай операциялар алынган дооматтарга талдоо жүргүзүүнүн натыйжасында аныкталышы мүмкүн.
- Чагылдырылбаган инструменттерди аныктоо максатында өз ара эсептешүү жөнүндө башкы макулдашуу менен таанышуу.

105. Бул жол-жоболор туунду финансылык инструменттер же кепилдиктер сыяктуу айрым финансылык инструменттер үчүн өзгөчө маанилүү. Бул алар үчүн ири баштапкы салымдар талап кылына тургандыгы менен түшүндүрүлөт, демек алардын болушун аныктоо кыйын болот. Мисалы, камтылган туунду финансылык инструменттер финансылык инструменттер болуп саналган келишимдерге көп камтылат, алар маалыматтарды ырастоо жол-жоболоруна киргизилбеши мүмкүн.

**Финансылык инструменттерди баалоо**

*Финансылык отчеттуулукту түзүүгө карата талаптар*

106. Финансылык отчеттуулукту ишенимдүү берүү концепцияларында адилет нарктын иерархиялык түзүмү көп колдонулат, ФОЭС жана АКШ БЖЭПке (GAAP) мисал келтирүүгө болот; Негизинен бул баалоонун айкын эместигинин өсүшү менен ачып көрсөтүлүүчү маалыматтын көлөмүнө жана деталдаштыруу деңгээлине карата талаптар жогорулап жатканын түшүндүрөт. Иерархиянын деңгээлдеринин ортосунда айырмачылыктарды чектөө үчүн ой жүгүртүүнү колдонуу талап кылынышы мүмкүн.

107. Аудитор адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө финансылык инструменттер кандай орунду ээлей турганын изилдөөнү пайдалуу деп эсептеши мүмкүн. Баалоонун айкын эместигинин жогорулашына жараша, эреже болгондой, финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиги жана колдонула турган аудитордук жол-жоболордун деңгээли жогорулайт. Адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды жана 2-деңгээлдеги айрым маалыматтарды колдонуу баалоонун айкын эместигинин деңгээлинин пайдалуу индикатору болушу мүмкүн. 2-деңгээлдеги баштапкы маалыматтары жеткиликтүү маалыматтардан тартып 3-деңгээлге жакын маалыматтарга чейин болот. Аудитор болгон далилдерди баалайт жана

адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүн да, адилет нарктын иерархиясына ылайык категориялар боюнча финансылык инструменттерди бөлүштүрүүдө жетекчиликтин бир жактуулук тобокелдигин да түшүнөт.

108. АЭС 540ка ылайык[26] аудитор баалоо методологиясын пайдаланууда колдонулуучу маалыматтар жана божомолдор көз карашынан ишканада кабыл алынган баалоо жаатындагы саясатты жана баалоо методологиясын карашы керек. Көпчүлүк учурларда финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясы баалоонун конкреттүү методологиясын колдонууну божомолдобойт. Мындай учурларда аудитордун жетекчилик колдонгон финансылык инструменттерди баалоо методдорун түшүнүүсү үчүн мааниге ээ болгон маселелерге төмөндөгү маселелер кирет:

- жетекчиликте баалоо жаатында формалдаштырылган саясат барбы жана мындай саясат болгон учурда, ушул саясатка ылайык финансылык инструменттерге карата колдонула турган, баалоо методикасы документ түрүндө талаптагыдай таризделгенби;
- кайсы моделдерди колдонуунун жыйынтыгында эң чоң олуттуу бурмалоо тобокелдиги жаралат;
- жетекчилик конкреттүү баалоо методун тандаганда финансылык инструментти баалоонун татаалдыгын эске алганбы;
- жетекчилик финансылык инструменттерди баалоо үчүн жеке моделди иштеп чыкканына байланыштуу олуттуу бурмалоо тобокелдиги жогорулайбы же конкреттүү финансылык инструментти баалоо үчүн кеңири колдонулган баалоо методологиясынан четтейби;
- жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарын пайдаланганбы;
- баалоо методун иштеп чыгууга жана колдонууга катышкан жактар керектүү квалификацияга жана тажрыйбага ээби, анын ичинде бул ишке жетекчиликтин эксперти тартылганбы; жана
- колдонулуп жаткан баалоо методун тандоодо жетекчиликтин бир жактуулук белгилери барбы.

*Баалоо менен байланыштуу олуттуу бурмалоо тобокелдигин баалоо*

109. Ишкана колдонгон баалоо методдору мындай жагдайларда талаптагыдай экенин, ошондой эле баалоо методдорун колдонууну контролдоо

[26] АЭС 540, 8(с)-пункту

каражаттары киргизилгенин аныктоо үчүн аудитор карай турган факторлорго төмөндөгүлөр кириши мүмкүн:

- баалоо методдору рыноктун башка катышуучуларынын практикасында кеңири таралган болуп саналабы жана бул методдордун жардамы менен рыноктук операциялар жөнүндө маалыматтардын негизинде бааларды ишенимдүү баалоо мисалдары барбы;
- баалоо методдору өзүнүн багытына ылайык жыйынтыктарды береби, аларды иштеп чыгууда катага, өзгөчө экстремалдуу шарттарда байкала турган катага жол берилген эмне беле, бул методдор объективдүү текшерилгенби жана бекитилгенби. Катанын болушу контролдук көрсөткүчтөргө карата ыраатсыз өзгөрүүлөрдү көрсөтүшү мүмкүн;
- баалоо методдорунда бааланууучу финансылык инструментке таандык ажыралгыс тобокелдиктер эске алынганбы, анын ичинде контрагенттин карызды төлөөгө кудуреттүүлүгү, ошондой эле финансылык милдеттенмелерди баалоо үчүн бул методдорду колдогон учурда жеке кредиттик тобокелдик;
- баалоо методдору канчалык деңгээлде рынокко ыңгайлаштырылат, анын ичинде алар рыноктук параметрлердин өзгөрүүлөрүнө канчалык сезгич;
- рыноктук параметрлерди жана божомолдорду колдонуунун карама-каршы эместиги камсыздалабы жана колдонулган баалоо методдорундагы, рыноктук параметрлердеги жана божомолдордогу өзгөрүү жаңы шарттарды эске алуу менен негиздүү болуп саналабы;
- сезгичтикти талдоонун жыйынтыктары божомолдордогу азыраак жана орточо өзгөртүүлөр баалоону өзгөртүүгө олуттуу таасир тийгизе турганын көрсөтөбү;
- уюштуруу түзүмү кандай жана ишканада белгилүү бир инструменттерди баалоо үчүн моделдерди иштеп чыгуу үчүн жооп берүүчү бөлүм барбы, өзгөчө эгер 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар колдонулса. Мисалы, бүтүмдөр боюнча бааларды түзүүгө катышкан, моделдерди иштеп чыгуу боюнча бөлүмдүн кызматкерлери функционалдык жана уюштуруу жаатында операциялык функциялардан өзүнчө болгон бөлүмдөрдүн кызматкерлерине салыштырмалуу азыраак объективдүү; жана
- баалоо методдорун иштеп чыгуу жана колдонуу үчүн жооп берүүчү жактардын компетенттүүлүгү жана объективдүүлүгү, анын ичинде жакында эле иштелип чыккан конкреттүү

IAPN

моделдерди колдонууда жетекчиликтин тиешелүү тажрыйбасы.

Мындан тышкары, аудитор (же аудитордун эксперти) алардын жардамы менен алынган жыйынтыктарды жетекчилик колдонгон баалоо методдорун колдонуу менен алынган жыйынтыктар менен салыштыруу үчүн, баалоонун бир же бир нече методдорун өз алдынча иштеп чыгышы мүмкүн.

Олуттуу тобокелдиктер

110. Тобокелдикти баалоо жол-жобосунун жыйынтыктары боюнча аудитор төмөндөгү жагдайлардын бири болгондо, финансылык инструменттерди баалоого тиешелүү бир же бир нече олуттуу тобокелдиктерди аныкташы мүмкүн:

- финансылык инструменттерди баалоо менен байланыштуу айкын эместиктин жогорку деңгээли (мисалы, баалоо үчүн байкоо жүргүзүлбөөчү маалыматтар колдонула турган финансылык инструменттер);[27]
- жетекчилик тарабынан жүргүзүлгөн, ишкананын финансылык инструменттерин баалоону ырастоочу жетиштүү далилдердин жоктугу;
- жетекчиликтин ишкананын финансылык инструменттерин жетиштүү түшүнбөгөнү же жетекчиликте бул инструменттерди баалоону талаптагыдай жүргүзүү үчүн керектүү билимдин жана тажрыйбанын жоктугу, анын ичинде баалоону оңдоп-түзөө талап кылынабы же жокпу аныктоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;
- жетекчиликтин финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын финансылык инструменттерди баалоого жана тиешелүү маалыматты ачып көрсөтүүгө карата татаал талаптарын жетиштүү түшүнбөгөнү, ошондой эле жетекчиликтин бул талаптарды талаптагыдай аткаруу үчүн керектүү ой жүгүртүүнү чыгарууга жөндөмсүздүгү;
- баалоо методдорун колдонууда алынган жыйынтыктарга олуттуу оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү, эгер финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясында мындай оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү талабы каралса же уруксат берилсе.

---

[27] Эгер аудитор татаал финансылык инструменттерди баалоо менен байланыштуу айкын эместиктин жогорку деңгээлинин кесепетинде олуттуу тобокелдик пайда болоорун аныктаса, аудитор АЭС 540тын талаптарына ылайык маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболорун аткарышы жана бул инструменттерди баалоонун айкын эместиги жөнүндө маалымат жетиштүү толук ачып көрсөтүлгөнүн баалашы керек. АЭС 540, 11, 15 жана 20-пункттарды караңыз.

111. Ага байланыштуу олуттуу тобокелдиктер пайда боло турган бааланууучу маанилерге карата АЭС 540[28] аудитордон АЭС 330 талаптарын сактоо максатында аткарылуучу, маани-маңызы боюнча текшерүүнүн башка жол-жоболоруна кошумча төмөндөгүлөрдү баалоону талап кылат:

(a) жетекчилик альтернативалык божомолдорду же жыйынтыктарды кантип караган жана аны эмне үчүн четке каккан; жетекчилик бааланууучу маанини аныктоодо баалоонун айкын эместик маселесин кантип чечкен;

(b) жетекчилик колдонгон олуттуу божомолдор негиздүү болуп саналабы; жана

(c) жетекчиликтин белгилүү бир иш-аракеттер планын сактоо ниети жана жөндөмдүүлүгү, эгер бул олуттуу божомолдордун негиздүүлүгүнө же жетекчиликтин финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонуудагы концепциясын талаптагыдай колдонуусуна тиешелүү болсо.

112. Рыноктордо активдүүлүк төмөндөгөндө, жагдайлардын өзгөрүшү рыноктук наркы боюнча баалоодон моделди колдонуу менен баалоого өтүүгө алып келиши мүмкүн, же бир конкреттүү моделди башкасына алмаштыруу зарылчылыгын жаратышы мүмкүн. Жетекчилик үчүн эге ранда мындай өзгөртүүлөр болгон учурга чейин тиешелүү саясат жок болсо, рыноктук кырдаалдын өзгөрүүлөрүнө карата жоо иретинде чараларды көрүү оор болушу мүмкүн. Мындан тышкары жетекчиликте бул жагдайларда колдонуу керек болгон, шашылыш тартипте моделди иштеп чыгуу үчүн же баалоо методун тандоо үчүн керектүү билим жана тажрыйба жок болушу мүмкүн. Баалоо методдорун системалык негизде колдонгон учурда дагы жетекчилик финансылык инструменттердин наркын аныктоо үчүн колдонулган баалоо методдору жана божомолдор тиешелүү мүнөзгө ээ экенин туруктуу текшерип турушу зарыл. Мындан тышкары, баалоо методдору негиздүү рыноктук маалымат жеткиликтүү болгон, бирок бул методдордун жардамы менен кырдаал күтүүсүз начарлаган шарттарда негиздүү баалоону алуусу мүмкүн болбогон мезгилде тандалышы мүмкүн.

113. Жетекчиликтин атайлап же атайлап эмес бир жактуу мамилелерди көрсөтүү мүмкүндүгү баалоонун субъективдүүлүгүнүн жана анын айкын эместигинин деңгээлинин жогорулашы менен өсөт. Мисалы, жетекчилик рынокто байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтарды же божомолдорду эске албоону, мунун ордуна эгер ал жагымдуу жыйынтыктарды берсе, жеке иштеп чыккан моделди колдонууну каалашы мүмкүн. Жаман ою жок болгондо дагы, мүмкүн болуучу маанилердин кеңири диапазонунан

[28] АЭС 540, 15(a)–(b)-пункттары

финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык келген катары эсептелген жыйынтык эмес, бул диапазондо эң жагымдуу жыйынтыкты алуу үчүн субъективдүү ой жүгүртүүнү чыгарууну көздөгөн табигый каалоо болушу мүмкүн. Жетекчиликтин бир жактуулугунун дагы бир белгиси ар башка мезгилдерде мындай алмаштыруунун айкын жана негиздүү себептери жок болгондо баалоонун бир методун башкасына которуу болушу мүмкүн. Финансылык инструменттерди баалоого тиешелүү субъективдүү чечимдерге жетекчиликтин бир жактуулугунун тигил же бул формасы таандык экенине карабастан, отчеттуулукту пайдалануучуларды адаштыруу ниети болгондо, мындай бир жактуулук өзүнүн мүнөзү боюнча ак ниетсиз иш-аракет болуп саналат.

*Аудит методологиясын иштеп чыгуу*

114. Жетекчиликтин финансылык инструменттерди баалоону өткөрүү жол-жоболорун тестирлөөдө жана бааланган олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине жооп иретинде чараларды көрүүдө аудитор АЭС 540ка[29] ылайык баалануучу маанилердин мүнөзүн эске алуу менен төмөндөгү жол-жоболордун бирин же бир нечесин аткарууга милдеттүү:

(a) жетекчиликтин баалануучу маанилерди жана алардын негизинде бул маани алынган маалыматтарды алуу жол-жобосун тестирлөө аныкталган (анын ичинде ишкана бул максаттар үчүн колдонгон баалоо методдору);

(b) маани-маңызы боюнча текшерүүнүн талаптагыдай жол-жоболорун аткаруу менен бирге жетекчиликтин баалануучу маанини алуу процессин контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөө;

(c) жетекчиликтин так баалоону талдоосу үчүн өз алдынча так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу;

(d) аудитордук корутунду күнүнө чейин болгон окуялар баалануучу маанини ырастаган аудитордук далилдерди камсыздашы мүмкүн экенин аныктоо.

Көпчүлүк аудиторлордун пикиринде, жетекчиликтин баалануучу маанини жана анын негизинде бул маани аныкталган маалыматтарды алуу жол-жоболорун тестирлөө, контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун тестирлөө менен айкалышта аудиттин натыйжалуу жана майнаптуу методологиясы болуп саналат. Отчеттук күндөн кийинки окуялар финансылык инструменттерди баалоого тиешелүү айрым далилдерди бериши мүмкүн болгонуна карабастан, бул далилдерди

[29] АЭС 540, 12–14-пункттар

колдонууда, отчеттук күндөн кийин рыноктук шарттардагы бардык өзгөртүүлөрдү эске алуу үчүн, башка факторлорду эске алуу талап кылынат.[30] Эгер аудитордо жетекчиликтин бааланууачу маанини алуу жол-жобосун тестирлөө мүмкүнчүлүгү жок болсо, ал так баалоону же баалоо диапазонун өз алдынча иштеп чыга алат.

115. I бөлүмдө баяндалгандай, финансылык инструменттердин адилет наркын баалоо үчүн жетекчилик төмөндөгүлөрдү аткара алат:

- баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган маалыматтарды колдонуу;
- баалоонун ар кандай методдорун, анын ичинде моделдерин пайдалануу менен жеке бааны иштеп чыгуу үчүн маалыматтарды чогултуу; жана
- баалоону иштеп чыгуу үчүн экспертти тартуу.

Көбүнчө жетекчилик бул ыкмалардын айкалышын колдонушу мүмкүн. Мисалы, жетекчилик бааны аныктоонун жеке процессин киргизиши мүмкүн, бирок муну менен катар жеке баалоолорун ырастоо үчүн баа маалыматынын тышкы булактарын колдонушу мүмкүн.

*Жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарын колдонгон учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү*

116. Ишканада болгон финансылык инструменттерди баалоодо жетекчилик маалыматтык-баа агенттиктери же брокерлер сыяктуу баа маалыматынын тышкы булактарын колдонушу мүмкүн. Жетекчиликтин маалыматтык-баа агенттигинин ишин колдонуу тартибин түшүнүү аудиторго аткаруу зарыл болгон аудитордук жол-жоболордун мүнөзүн жана көлөмүн аныктоого жардам берет.

117. Жетекчилик баа маалыматынын тышкы булактарын колдонгон учурда аудитор төмөндөгү маселелерди карашы керек:

- *Баа маалыматынын тышкы булагынын түрү.* Айрым баа маалыматынын тышкы булактары өзүнүн иш процесстери жөнүндө көп маалымат берет. Мисалы, маалыматтык-баа агенттиги көбүнчө активдер классынын деңгээлинде финансылык инструменттерди баалоодо колдонулган методология, божомолдор жана дайындар жөнүндө маалыматты берет. Маалыматтык-баа агенттиктеринен айырмаланып, брокерлер өздөрүнүн баштапкы маалыматтары жана котировканы алуу үчүн колдонгон божомолдор жөнүндө маалыматты көбүнчө бербейт же чектелүү көлөмдө берет.

[30] АЭС 540тын А63–А66-пункттарында эске алууну талап кылышы мүмкүн болгон, айрым факторлордун мисалдары берилген.

- *Колдонулган баштапкы маалыматтардын мүнөзү жана баалоо методунун татаалдык деңгээли.* Баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган баалар боюнча дайындар алар байкоо жүргүзүлүүчү же байкоо жүргүзүлбөөчү категорияга кире турганына (жана, адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндөгү баштапкы маалыматтын тиешелүү деңгээлине карата) жана баалуу кагаздардын же активдердин конкреттүү классын баалоо үчүн колдонулуучу методологиянын татаалдык деңгээлине жараша алардын ишенимдүүлүк деңгээли боюнча айырмаланышы мүмкүн. Мисалы, ликвиддүү рынокто активдүү жүгүртүлүүчү үлүштүк инструменттин баасы жөнүндө маалыматтын ишенимдүүлүк деңгээли ликвиддүү рынокто жүгүртүлүүчү, бирок баалоо күнүнө карата аны менен соода операциялары жүргүзүлбөгөн корпоративдик облигациялардын баасы жөнүндө маалыматка караганда жогору. Өз кезегинде мындай облигациянын баасы жөнүндө маалыматтын ишенимдүүлүк деңгээли, аны баалоо дисконттолгон акча агымдарынын моделдерин колдонуу менен жүргүзүлгөн, активдер менен камсыздалган баалуу кагаздардын баасы жөнүндө маалыматка караганда жогору.
- *Баа маалыматынын тышкы булагынын кадыр-баркы жана иш тажрыйбасы.* Мисалы, баа маалыматынын тышкы булагы белгилүү бир түрдөгү финансылык инструменттер менен иштөө тажрыйбасына ээ болуп жана бул жаатта эксперт катары таанылышы мүмкүн, бирок ошол эле убакта башка түрдөгү финансылык инструменттер менен иштөөнүн ушул сыяктуу тажрыйбасына ээ болбошу мүмкүн. Бул жаатта аудитордун баа маалыматынын тышкы булагы менен мурдагы иштөө тажрыйбасы дагы чоң мааниге ээ болушу мүмкүн.
- *Баа маалыматынын тышкы булагынын объективдүүлүгү.* Мисалы, баа жетекчиликке контрагент тарабынан, атап айтканда ишкананын финансылык инструментин саткан брокер, же текшерилген ишкана менен тыгыз байланышы бар ишкана тарабынан берилсе, бул баа ишенимдүү болбошу мүмкүн.
- *Ишканада пайдаланылуучу баа маалыматынын тышкы булактарын колдонууну контролдоо каражаттары.* Адилет наркты баалоонун ишенимдүүлүк деңгээлине баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн жетекчилик тарабынан белгиленген деңгээл таасирин тийгизет. Мисалы, жетекчилик контролдоо каражаттарын төмөндөгүлөр үчүн киргизиши мүмкүн:
    - баа маалыматынын тышкы булагын колдонууну текшерүү жана бекитүү, анын ичинде анын беделин, тажрыйбасын жана объективдүүлүгүн эске алуу;

  - баалардын жана алар менен байланыштуу маалыматтардын толуктугун, жөндүүлүгүн жана тактыгын аныктоо.

- *Баа маалыматынын тышкы булагы колдонуучу контролдоо каражаттары.* Аудитор үчүн кызыгууну жараткан активдердин класстарын баалоо үчүн арналган, контролдоо каражаттары жана жол-жоболору. Мисалы, баа маалыматынын тышкы булагы бааларды алуу процессинин үстүнөн натыйжалуу контролдоо системасын, анын ичинде буюртмачыларга (сатып алуучулар дагы, сатуучулар дагы тарабынан) баа агенттигинен алынган бааларга байланыштуу дооматтарды коюу үчүн, эгер мындай доомат тиешелүү далил менен ырасталса, формалдаштырылган жол-жобону колдонушу мүмкүн. Бул баа маалыматынын тышкы булагына рыноктун катышуучуларын толук маалымат менен камсыздоо максатында бааны туруктуу оңдоп-түзөө мүмкүнчүлүгүн берет.

118. Баа маалыматынын тышкы булагынан алынган маалыматтарга карата аудитордук далилдерди чогултуунун мүмкүн болуучу ыкмаларына төмөндөгүлөр кирет:

- 1-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар үчүн – баа маалыматынын тышкы булагынан алынган маалыматтарды рынокто байкоо жүргүзүлүүчү баалар менен салыштыруу;
- баа маалыматынын тышкы булагы берген, ал киргизген контролдоо каражаттары жана процесстери, колдонулуп жаткан баалоо методдору, баштапкы маалыматтар жана божомолдор жөнүндө ачып көрсөтүлүүчү маалыматты талдоо;
- баа маалыматынын тышкы булактарынан алынган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн баалоо үчүн жетекчилик колдонгон контролдоо каражаттарын тестирлөө;
- активдердин же аудитор үчүн кызыгууну жараткан, конкреттүү финансылык инструменттердин класстарын баалоо үчүн колдонулган, контролдоо каражаттарын жана процесстерин, баалоо методдорун, баштапкы маалыматтарды жана божомолдорду изилдөө жана тестирлөө максатында баа маалыматынын тышкы булагына карата жол-жоболорду аткаруу;
- баа маалыматынын тышкы булагынан алынган баалардын негиздүүлүгүн баа маалыматынын башка тышкы булактарынан алынган баалар менен, ошондой эле ишкана алган баа жана аудитордук жеке баасы менен салыштыруу аркылуу баалоо;
- баалоо методдорунун, божомолдордун жана баштапкы маалыматтардын негиздүүлүгүн баалоо;

IAPN

- баалары баа маалыматынын тышкы булагы тарабынан аныкталган, айрым финансылык инструменттер боюнча так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу жана алынган жыйынтыктар бири бирине жетиштүү жакын экенин аныктоо максатында баалоону жүргүзүү;
- баалардын тууралыгын текшерүү жаатында контролдоо каражаттарына карата тейлөөчү ишкананын аудиторунун отчетун алуу.[31]

119. Бир нече баа маалыматынын тышкы булактарынан баа маалыматтарын алуу баалоонун айкын эместигине карата пайдалуу маалыматты бериши мүмкүн. Баалардын кеңири диапазону баалоонун айкын эместигинин жогорку деңгээлин көрсөтүшү мүмкүн жана финансылык инструмент маалыматтардын жана божомолдордун азыраак өзгөрүүлөрүнө сезгич болушу мүмкүн экенин карайт. Тар диапазон баалоонун азыраак айкын эместиги жөнүндө күбөлөндүрүшү мүмкүн жана финансылык инструмент маалыматтардын жана божомолдордун өзгөрүүлөрүнө азыраак сезгич болушу мүмкүн экенин карайт. Бир нече булактан бааларды алуу баштапкы маалыматтары адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө 2 жана 3-деңгээлге тиешелүү болгон, финансылык инструменттерди кароодо өзгөчө пайдалуу болушу мүмкүн, бир нече булактан бааларды алуу жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди камсыздабайт. Бул төмөндөгү себептер менен түшүндүрүлөт:

(a) баа маалыматынын ар башка булактары катары кабыл алынган булактар баа маалыматынын бир эле базалык булагын колдонушу мүмкүн; жана

(b) финансылык инструментти адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө белгилүү бир категорияга киргизүү үчүн бааларды аныктоодо баа маалыматынын тышкы булагы колдонушу мүмкүн болгон, баштапкы маалыматтарды түшүнүү талап кылынышы мүмкүн.

120. Айрым учурларда аудитордо баа анын алкагында алынган процессти, анын ичинде белгиленген баа канчалык ишенимдүү болуп саналаарын контролдоо каражаттарын изилдөө мүмкүнчүлүгү жок болушу мүмкүн, же аудитордо колдонулган моделге, божомолдорго жана башка баштапкы

---

[31] Айрым маалыматтык-баа агенттиктери өз маалыматтарын колдонуучуларга отчетторду бериши мүмкүн, анда алардын баа дайындарын контролдоо каражаттары кандай иштей турганы түшүндүрүлөт, башкача айтканда, Ишенимди камсыз кылуусу тапшырмалардын эл аралык стандартынын (ИКТЭС) 3402 *«Тейлөөчү уюмдун контролдоо каражаттары жөнүндө тейлөөчү уюмдун аудиторунун ишенимди камсыз кылуучу корутундусунун»* талаптарына ылайык түзүлгөн отчеттор. Жетекчилик сурашы, ал эми аудитор баалар жөнүндө маалыматтар кантип даярдала турганын түшүнүү үчүн, мындай отчетту алуу мүмкүнчүлүгүн карап жана баа түзүү кызматындагы контролдоо каражаттарына таянса болорун же болбошун баалашы мүмкүн.

маалыматтарга жетүү мүмкүндүгү жок болушу мүмкүн. Мындай учурларда бааланган тобокелдикке жооп иретинде аудитор жетекчиликтин так баалоосун баалоо үчүн, жеке так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

*Жетекчилик адилет наркты моделди колдонуу менен баалаган учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү*

121. АЭС 540тын 13(b)-пунктуна ылайык, эгер аудитор жетекчиликтин баалануучу маанини аныктоо процессин тестирлесе, ал конкреттүү милдеттенмелерди эске алуу менен, колдонулган метод талаптагыдай болуп саналабы жана финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык баалоо максаттарын эске алуу менен, жетекчилик колдонгон божомолдор негиздүү болуп саналабы баалоого милдеттүү.

122. Жетекчилик баа маалыматынын тышкы булагын же баалоонун жеке методдорун колдонгондугунан көз карандысыз, финансылык инструменттерди баалоо үчүн, өзгөчө адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө 2 жана 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматты колдонууда моделдер колдонулат. Моделдерге багытталган аудитордук жол-жоболордун мүнөзүн, мөөнөттөрүн жана көлөмүн баалоодо, аудитор моделде колдонулган методологияны, божомолдорду жана маалыматтарды карашы мүмкүн. Көрсөтүлгөн бардык үч курамдык бөлүктү тестирлөө татаал финансылык инструменттерди, мисалы, аларды баалоо үчүн 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтар колдонулган инструменттерди кароодо аудитордук далилдердин пайдалуу булагы болушу мүмкүн. Бирок, эгер модель бир эле убакта жөнөкөй жана жалпы таанылган болсо, мисалы, облигациялардын бааларын айрым эсептөөлөр, божомолдорду жана маалыматтарды кароого негизги көңүл бурулган учурда алынган аудитордук далилдер пайдалуу далилдер булагы болушу мүмкүн.

123. Моделди тестирлөөнү негизги эки компонентти колдонуу менен жүргүзүүгө болот:

   (a) аудитор моделди колдонуунун орундуулугун, колдонулган божомолдордун жана дайындардын негиздүүлүгүн, ошондой эле математикалык эсептөөлөрдүн тактыгын карап, жетекчилик колдонгон моделди тестирлей алат; же

   (b) аудитор баалоону өз алдынча аткарып, андан кийин өзүнүн жыйынтыктарын ишкана жүргүзгөн баалоо менен салыштыра алат.

124. Эгер финансылык инструменттерди баалоонун негизинде байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар жатса (башкача айтканда 3-деңгээлдеги маалыматтар), аудитор жетекчилик төмөндөгүлөрдү кандайча ырастай турганы жөнүндө маселени карашы мүмкүн:

- кайсы ишканалар финансылык инструмент үчүн маанилүү рыноктун катышуучулары болуп саналышат жана алардын мүнөздөмөлөрү кандай;
- алгачкы таанууда байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтар кантип аныкталат;
- жетекчиликтин рыноктун катышуучулары колдоно турган божомолдор жөнүндө пикирин чагылдыруу үчүн анын жеке божомолдоруна кандай өзгөртүүлөр киргизилген;
- мындай жагдайларда болгон так баштапкы маалымат эске алынганбы;
- божомолдордо салыштырылуучу операциялар боюнча маалымат кантип эске алынган (эгер орундуу болсо);
- байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды колдонгон учурда моделдердин сезгичтигин талдоонун жыйынтыктары кандай жана баалоонун айкын эместигин эске алуу үчүн оңдоп-түзөөлөр киргизилгенби.

125. Мындан тышкары, аудитор баалоолорду тестирлөөдө жана баалоо жалпысынан негиздүү болуп саналаарын кароодо баалоолор жалпысынан негиздүү болобу, аудитордун тармактын өзгөчөлүктөрүн жана рыноктук тенденцияларды билүүсү, башка ишканалар аткарган баалоолорду (купуялуулукту эске алуу менен) жана бул баалоого карата катышы бар башка баа индикаторлорун түшүнүүсү чоң мааниге ээ. Эгер баалоолор туруктуу түрдө өтө агрессивдүү же консервативдүү мүнөзгө ээ экени аныкталса, бул жетекчиликтин бир жактуулугунун болушу мүмкүн экенин көрсөтөт.

126. Рынокто байкоо жүргүзүлүүчү маалыматтар формасында тышкы далилдер жок болгон учурда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын жетекчиликтин баалоосунун субъективдүү мүнөзүн түшүнүүгө жана бул баалоолорду ырастоо үчүн алынган далилдерди изилдөөгө көңүл буруусу өзгөчө маанилүү. Мындай учурларда аудиторго ишкананын алкагында жетекчиликтин бардык тиешелүү деңгээлдеринде, анын ичинде корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын деңгээлинде кылдат талдоо жүргүзүлгөнүн жана маселелер, анын ичинде тиешелүү документтер каралганын баалоо талап кылынышы мүмкүн.

127. Рыноктордо кадимки активдүүлүктү төмөндөтүү же бузуу мезгилдеринде же байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтар жок болгон учурда жетекчиликтин баалоосу субъективдүү болуп жана азыраак текшерилүүчү болушу мүмкүн, демек, натыйжада алардын ишенимдүүлүгү азыраак болуп калат. Мындай жагдайларда аудитор жол-жоболор комплексин колдонуу менен моделди тестирлеши мүмкүн: ишканада болгон

контролдоо каражаттарын тестирлөө, моделдин түзүмүн жана иштөөсүн баалоо, моделде колдонулган божомолдорду жана маалыматтарды тестирлөө жана анын жардамы менен алынган жыйынтыктарды аудитор тарабынан иштелип чыккан так баалоо же баалоо диапазону менен, же тышкы тараптар колдонгон, башка баалоо методдору менен салыштыруу.[32]

128. Ишкана колдонгон баалоо методологиясында пайдаланылган баштапкы маалыматтарды тестирлөөдө,[33] мисалы, эгерде мындай баштапкы маалыматтар адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө категориялар боюнча бөлүштүрүлсө, аудитор дагы финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык ачып көрсөтүлгөн маалыматты ырастаган далилдерди алат деген ыктымалдуулук бар. Мисалы, ишкана пайдаланган, баалоо методунда колдонулуучу баштапкы маалыматтар талаптагыдайбы же жокпу баалоо үчүн, аудитор жүргүзгөн маани-маңызы боюнча текшерүү жол-жоболору (башкача айтканда 1, 2 жана 3-деңгээлдердеги баштапкы маалыматтар) жана ишкана аткарган сезгичтикти талдоону тестирлөө аудитор маалыматты ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулукту ишенимдүү берүүнү камсыздай турганын баалай алышы үчүн керек.

Жетекчилик колдонгон божомолдордун негиздүүлүгүн баалоо

129. Моделде колдонулган божомол эгер божомолдон алгылыктуу четтөө финансылык инструментти баалоого олуттуу таасирин тийгизсе, маанилүү деп эсептелиши мүмкүн[34]. Жетекчилик сезгичтикти талдоону аткаруу аркылуу альтернативалык божомолдорду же жыйынтыктарды карашы мүмкүн. Божомолдор менен байланыштуу субъективдүүлүктүн деңгээли баалоонун айкын эместигинин деңгээлине таасирин тийгизет, жыйынтыгында аудитор олуттуу тобокелдиктин болушу жөнүндө тыянак жасашы мүмкүн, мисалы, 3-деңгээлдеги баштапкы маалыматтарды колдонгон учурда.

- Жетекчилик колдонгон божомолдорду, анын ичинде моделдерде баштапкы маалымат катары колдонулган божомолдорду тестирлөө үчүн аткарылган аудитордук жол-жоболор төмөндөгү маселелерди баалоону камтышы мүмкүн:

---

32 АЭС 540 13(d)-пунктунда аудитор жетекчиликтин так баалоосун талдоо үчүн маанилердин диапазонун баалоо үчүн өз алдынча иштеп чыга турган учурда колдонулуучу талаптар берилген. Тышкы тараптар иштеп чыккан жана аудитор тарабынан колдонулган баалоо методдору, айрым бир жагдайларда аудитордун эксперти аткарган ишке киргизилиши мүмкүн, мындай учурда аларга карата АЭС 620нын талаптары жайылтылат.

33 Мисалы, АЭС 540тын 15-пунктунда аудитордун олуттуу тобокелдиктерге карата жетекчилик колдонгон божомолдорду баалоосуна тиешелүү талаптарды караңыз.

34 АЭС 540тын А107-пунктун караңыз.

- жетекчилик божомолдорду иштеп чыгууда рыноктук баштапкы маалыматтарды колдонгонбу (эгер колдонсо, анда кандайча), анткени жалпысынан тиешелүү байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу колдонуу жана байкоо жүргүзүлбөөчү баштапкы маалыматтарды колдонууну минималдаштыруу туура болот;
- божомолдор байкоо жүргүзүлүүчү рыноктук шарттарга жана финансылык активдин же финансылык милдеттенменин мүнөздөмөлөрүнө карама-каршы келбейби;
- рыноктун катышуучулары колдонгон божомолдордун булактары канчалык жөндүү жана ишенимдүү, жана эгер рынокто бир нече ар башка божомолдор болсо, жетекчилик колдоно турган божомолдорду кантип тандаган; жана
- сезгичтикти талдоонун жыйынтыктары божомолдордогу азыраак же орточо өзгөрүүлөр баалоодогу олуттуу өзгөрүүлөргө алып келээрин көрсөтөт.

Жетекчилик колдонгон божомолдорду баалоого тиешелүү кошумча маселелер АЭС 540тын А77–А83 пункттарында каралат.

130. Аудитордун келечектеги мезгилдерге карата ой жүгүртүүлөрдү кароосу ой жүгүртүүнү чыгаруу учурунда болгон маалыматка негизделет. Отчеттук күндөн кийинки окуялар аларды чыгаруу учурунда негиздүү болуп саналган ой жүгүртүүлөргө карам-каршы келген натыйжага алып келиши мүмкүн.

131. Айрым учурларда баалоонун айкын эместигин эске алуу үчүн, берилген наркты эсептөөдө ар бир божомолдорду оңдоп-түзөөлөрдү өткөрүүнүн ордуна дисконттоо ставкасы оңдоп-түзөлүшү мүмкүн. Мындай учурларда аудитор аткарган жол-жоболор дисконттоо ставкасына багытталышы керек, бул үчүн жетекчилик колдонгон дисконттоо ставкаларын салыштыруу же дисконттоо ставкасын эсептөө үчүн жеке моделди иштеп чыгуу максатында ушул сыяктуу эле баалуу кагаз менен жүргүзүлгөн соода операциясын изилдеши мүмкүн.

*Ишкана жетекчиликтин экспертин тарткан учурдагы аудиттин өзгөчөлүктөрү*

132. I бөлүмдө талкуулангандай, жетекчилик өзүнүн айрым же бардык баалуу кагаздарына баалоо жүргүзүү үчүн баалоочу экспертти тартышы мүмкүн. Мындай эксперттер брокерлер, инвестициялык банктар, эксперттик баалоо боюнча кызмат көрсөтүүчү маалыматтык-баа агенттиктери же башка адистешкен аудитордук уюмдар-баалоочулар болушу мүмкүн.

133. АЭС 500 8-пунктунда аудитор жетекчилик тарткан эксперттен алынган далилдерди баалоодо сакташы керек болгон талаптар камтылган. Жетекчиликтин экспертине карата аудитордук жол-жоболордун жана бул

эксперт аткарган иштин көлөмү эксперттин ишинин аудитордун алдында турган максаттар үчүн маанилүүлүгүнөн көз каранды болот. Жетекчилик тарткан эксперттин талаптагыдай мүнөздөгү ишин баалоо аудиторго жетекчиликтин эксперти берген баалар же баалоолор баалоолорду ырастоо үчүн жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди камсыздайбыз же жокпу балоосуна жардам берет. Аудитор аткарышы мүмкүн болгон жол-жоболордун мисалдарына төмөндөгүлөр кирет:

- жетекчиликтин экспертинин компетенттүүлүгүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана объективдүүлүгүн баалоо, мисал: эксперттин жана ишкананын өз ара мамилелерин; анын кадыр-баркын жана рыноктогу абалын; эксперттин инструменттердин конкреттүү түрү менен иштөө тажрыйбасын; алардын баалоого карата колдонулган тиешелүү финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясынын талаптарын түшүнүүсүн;
- жетекчиликтин экспертинин ишин изилдөө, мисалы, колдонулган баалоо методунун же методдорунун талаптагыдай мүнөзүн, негизги рыноктук параметрлерди жана баалоо методун же методдорун пайдаланууда колдонула турган божомолдорду баалоо аркылуу;
- аудитордук далилдер катары колдонуу үчүн мындай эксперттин ишинин жыйынтыктарынын алгылыктуулугун баалоо. Бул этапта өзүнчө финансылык инструмент деңгээлинде эксперттин ишинин тиешелүү мүнөзүн баалоого көңүл бурулат. Тиешелүү инструменттерди ылгоо үчүн ар кандай маалыматтарды жана божомолдорду колдонуу менен өз алдынча баалоону иштеп чыгуу (так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу жөнүндө 136-137-пункттарды караңыз), андан кийин бул баалоону жетекчинин эксперти тарабынан алынган баалоо менен салыштыруу максатка ылайыктуу; жана
- башка жол-жоболор камтышы мүмкүн:
    - башка моделдин алкагында божомолдорду алуу үчүн ар кандай божомолдорду моделдөө жана мындай жол менен алынган жобомолдордун негиздүүлүгүн андан ары кароо;
    - жетекчиликтин так баалоосу аудитордун так баалоосунан туруктуу жогору же туруктуу төмөн экенин белгилөө үчүн, жетекчиликтин так баалоосун аудитордун так баалоосу менен салыштыруу.

134. Финансылык инструменттерди баалоодо жетекчиликке жардам берүү үчүн жетекчиликтин эксперти божомолдорду иштеп чыгышы же аныкташы мүмкүн. Мындай божомолдор аларды жетекчилик колдонгон учурда

жетекчиликтин божомолдору болот, аны аудитор жетекчиликтин башка божомолдору сыяктуу эле тартипте карашы керек.

*Так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгуу*

135. Жетекчилик тарабынан аткарылган баалоонун негиздүүлүгүн талдоо үчүн колдонула турган баалоо диапазонун иштеп чыгуу үчүн, аудитор баалоо методун иштеп чыгып жана баалоо методун пайдаланууда колдонулган баштапкы маалыматтарды жана божомолдорду оңдоп-түзөшү мүмкүн. Ушул отчеттун 106–135-пункттарында камтылган маалымат аудиторго так баалоону же баалоо диапазонун иштеп чыгууга жардам бериши мүмкүн. АЭС 540ка ылайык,[35] эгер аудитор жетекчилик колдонгондон айырмаланган, божомолдорду же методологиясы колдонсо, ал аудитордун баалоо диапазонунда тиешелүү өзгөрмөлүү маанилер эске алынганын аныктоо жана жетекчиликтин баалоосу менен бардык олуттуу айырмачылыктарды талдоо үчүн, жетекчиликтин божомолдорун же методологияларын жетиштүү түшүнүүгө милдеттүү. Жетекчиликтин баасынын негиздүүлүгүн аныктоо үчүн аудитор аудитордун экспертин ишке тартууну пайдалуу деп эсептеши мүмкүн.

136. Айрым учурларда аудитор жетекчилик колдонгон божомолдорду же методологияны изилдөө үчүн ал көргөн аракеттин натыйжасында жетиштүү далилдерди алуу мүмкүн эмес деген тыянак жасашы мүмкүн, мисалы, эгер баа маалыматынын тышкы булагы өзү иштеп чыккан моделдерди жана программалык камсыздоону колдонсо жана тиешелүү маалыматка жетүү мүмкүндүгүн бербесе. Мындай учурларда аудитор, эгер ал өзүнүн так баалоосун же жетекчиликтин так баалоосун талдоо үчүн баалоо диапазонун иштеп чыгуу сыяктуу, олуттуу бурмалоо тобокелдиктерине карата жооп иретинде башка жол-жоболорду аткара албаса, баалоого карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала албай калышы мүмкүн.[36] АЭС 705те[37] аудитор жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон учурда пайда болуучу кесепеттер баяндалган.

## Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү

137. Жетекчиликтин милдетине финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясына ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо кирет.[38] Финансылык отчеттулукту даярдоо концепцияларында

---

[35] АЭС 540, 13(c)-пункту

[36] АЭС 540, 13(d)-пункту

[37] АЭС 705 *«Аудитордук корутундудагы модификацияланган пикир»*.

[38] АЭС 200дүн 4 жана А2-пункттарын караңыз.

көбүнчө финансылык отчеттуулукта анын пайдалануучуларына ишкана финансылык инструменттер менен өткөргөн, операциялардын таасирин, анын ичинде финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерди жана айкын эместик факторлорун натыйжалуу баалоо мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талап камтылат. Баалоонун негизи жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүнүн маанилүүлүгү финансылык инструменттерди баалоонун айкын эместигинин деңгээлинин жогорулашы менен өсөт, ошондой эле адилет наркты баалоонун иерархиялык түзүмүндө баштапкы маалыматтын деңгээлинен көз каранды болот.

138. Финансылык отчеттуулуктун финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына шайкештиги жөнүндө билдирүүлөрдө жетекчилик ачык же ачык эмес түрдө финансылык отчеттуулуктун ар кандай элементтерин жана ачып көрсөтүлө турган, тиешелүү маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө тиешелүү, финансылык отчеттуулукту түзүү өбөлгөлөрүн берет. Маалыматты берүүгө жана ачып көрсөтүүгө тиешелүү өбөлгөлөр өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

(a) окуянын болуу фактысы жана укуктар менен милдеттенмелер, башкача айтканда бардык ачып көрсөтүлгөн фактылар, операциялар жана башка маселелер болгон жана ишканага тиешелүү;

(b) толуктук, башкача айтканда финансылык отчеттуулукка ачып көрсөтүлүүчү бардык маалымат киргизилген;

(c) классификация жана түшүнүктүүлүк, башкача айтканда финансылык маалымат талаптагыдай түрдө берилген жана сүрөттөлгөн, ачып көрсөтүлүүчү маалымат ачык түзүлгөн;

(d) тактык жана баалоо, башкача айтканда финансылык жана башка маалымат ишенимдүү жана тиешелүү сумма түрүндө ачып көрсөтүлгөн.

Аудитке тиешелүү маалыматты ачып көрсөтүүгө байланыштуу аудитордук жол-жоболор ушул өбөлгөлөрдү эске алуу менен иштелип чыгат.

*Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү менен байланыштуу жол-жоболор*

139. Финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты берүү жана ачып көрсөтүү үчүн өзгөчө маанилүү болгон маселелерге төмөндөгүлөр кирет:

- финансылык отчеттуулукту даярдоо концепциясы активдерге, милдеттенмелерге, кирешелерге жана чыгашаларга тиешелүү маалыматтарды кошуу жана түшүндүрмөлөрдү берүү максатында, негизинен баалар жана алар менен байланыштуу тобокелдиктер жана айкын эместик факторлору жөнүндө

маалыматты кошумча ачып көрсөтүүгө тиешелүү талаптарды камтыйт. Аудитордон тобокелдиктер жана сезгичтикти талдоо жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө көңүл буруу талап кылынышы мүмкүн. Аудитор тобокелдиктерди баалоо жол-жоболорун аткаруунун жана контролдук иш-аракеттерди тестирлөөнүн жүрүшүндө алынган маалымат аудиторго анын финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүлгөн маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык келээри жөнүндө тыянакты жасашына мүмкүнчүлүк берген далилдерди бериши мүмкүн. Мисалы, бул төмөндөгүлөр жөнүндө маалымат болушу мүмкүн:

- ишкана колдонгон финансылык инструменттердин максаттары жана стратегиялары, анын ичинде ишкананын расмий бекитилген эсеп саясаты жөнүндө;
- ишкананын финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы ички контролдоо концепциясы; жана
- финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктер жана айкын эместик факторлору;

- маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн колдонулган салттуу системалардан эмес, башка системалардан, мисалы, тобокелдиктерди башкаруу системасынан алынышы мүмкүн. Аудитор бааланган маалыматты ачып көрсөтүү менен байланыштуу тобокелдиктерге жооп иретинде тандашы мүмкүн болгон жол-жоболорду өткөрүү мисалдарына төмөндөгүлөрдү тестирлөө кирет:
  - ачып көрсөтүлгөн маалыматты алуу үчүн колдонулган процессти; жана
  - ачып көрсөтүлө турган маалыматты даярдоодо колдонула турган маалыматтарды контролдоо каражаттарынын операциялык натыйжалуулугун;

- ачып көрсөтүлүүчү маалымат финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык келсе дагы олуттуу тобокелдик таандык болгон финансылык инструменттер менен байланышту,[39] аудитор

[39] АЭС 540тын 20-пунктуна ылайык, аудитор ага байланыштуу олуттуу тобокелдиктер жарала турган баалануучу маанилерге тиешелүү ачып көрсөтүлүүчү маалыматка карата кошумча жол-жоболорду аткарууга милдеттүү. Бул жол-жоболор финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын контекстинде баалоонун айкын эместигине байланыштуу

баалоонун айкын эместиги жөнүндө маалымат тиешелүү жагдайларды жана фактыларды эске алуу менен жетиштүү көлөмдө ачып көрсөтүлгөн эмес жана ага ылайык, финансылык отчеттуулук маалыматты ишенимдүү берүүнү камсыздабайт деген тыянак жасашы мүмкүн. АЭС 705те финансылык отчеттуулукта жетекчиликтин ачып көрсөтүүлөрү жетишсиз же финансылык отчетту колдонуучуларды адаштыруучу деп эсептесе, аудитордун пикиринде кырдаалды чагылдырууга тиешелүү көрсөтмөлөр камтылган;

- аудиторлор ачып көрсөтүлүүчү маалымат толук жана түшүнүктүү экени жөнүндө маселени карай алат. Мисалы, финансылык отчеттуулукка же сунушталган отчетторго бардык маанилүү маалымат киргизилиши мүмкүн, бирок ал финансылык отчеттуулукту пайдалануучулар ишкананын финансылык абалын түшүнө ала тургандай жетиштүү деңгээлде байланыштырылбаган болушу мүмкүн, же сапаттык маалымат финансылык отчеттуулукта чагылдырылган сумма түшүнүктүү болушу үчүн жетишсиз деңгээлде ачып көрсөтүлүшү мүмкүн. Мисалы, ишкана ачып көрсөтүлүүчү маалыматка сезгичтикти талдоону киргизсе дагы, бул маалымат тобокелдиктерди жана айкын эместик факторлорун толук сүрөттөөнү камтыбашы мүмкүн, кредит келишимдеринин атайын шарттарына, камсыздоо талаптарына жана ишкананын ликвиддүүлүгүнө байланыштуу кырдаалга таасир этиши мүмкүн. АЭС 260[40] ишканада бухгалтердик эсепти жүргүзүү практикасынын олуттуу сапаттык аспекттери жөнүндө аудитордун пикирин кошо алганда, корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүгө байланыштуу, анын ичинде эсеп саясаты, баалануучу маанилер жана финансылык отчеттуулукта маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө талаптарды жана көрсөтмөлөрдү камтыйт.

140. Маалымат берүүнүн талаптагыдай мүнөзүн, мисалы, маани-маңызы боюнча тестирлөөдө финансылык инструменттерди кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү деп классификациялоого карата кароо, аудитордун маалыматты берүүнү жана ачып көрсөтүүнү баалоосу үчүн мааниге ээ болот.

**Аудиттин башка маанилүү өзгөчөлүктөрү**

---

финансылык отчеттуулукта маалыматты ачып көрсөтүү жетиштүү болуп саналабы баалашы үчүн өткөрүлөт.

40 АЭС 260 *«Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү»*.

*Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр*

141. АЭС 540ка ылайык аудитор бааланууучу маанилерди түзүүдө колдонулган олуттуу божомолдорду негиздүү деп эсептей турганына байланыштуу жетекчиликтен, ошондой эле зарыл болгон учурларда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардан жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү алууга милдеттүү.[41] АЭС 580ге ылайык,[42] эгер аудитор мындай билдирүүлөрдү суроодон тышкары, финансылык отчеттуулукка тиешелүү башка аудитордук далилдерди негиздөө үчүн бир же бир нече жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү, же финансылык отчеттуулукту түзүүнүн бир же бир нече белгилүү бир өбөлгөлөрүн алуу зарыл деп чечсе, аудитор мындай кошумча жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдү сурашы керек. Финансылык инструменттер менен операциялардын көлөмүнө жана татаалдык деңгээлине жараша финансылык инструменттерге карата алынган башка далилдерди ырастоо үчүн суралган жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр төмөндөгү аспекттерди камтышы мүмкүн::

- жетекчилик финансылык инструменттерди колдонгон максат, мисалы хеджирлөө, активдерди жана милдеттенмелерди башкаруу же инвестициялоо;
- финансылык отчеттуулукту берүүнүн талаптагыдай мүнөзүнө тиешелүү билдирүүлөр (мисалы, финансылык инструменттер менен операцияларды сатуу операциясы катары же каржылоо боюнча операция катары чагылдыруу);
- финансылык отчеттуулукта финансылык инструменттер жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү жөнүндө билдирүүлөр, мисалы төмөндөгүлөр жөнүндө:
    - эсепте бардык финансылык инструменттер менен операциялар чагылдырылган; жана
    - бардык киргизилген туунду финансылык инструменттер аныкталган;
- бардык операциялар рыноктук шарттарда жана рыноктук баада жүргүзүлгөнү жөнүндө билдирүүлөр;

---

[41] АЭС 540, 22-пункт. АЭС 580 *«Жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн»* 4-пунктунда жазуу жүзүндөгү билдирүүлөр өзү жетекчиликке аларда козголгон кандайдыр бир маселелер боюнча жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди бербей турганы көрсөтүлгөн. Эгер аудитор жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди башкача жол менен алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбосо, бул аудиттин көлөмүн чектөөгө алып келиши мүмкүн, бул аудитордук корутундуда чагылдырылышы мүмкүн (АЭС 705 *«Аудитордук корутундудагы модификацияланган пикирди»* караңыз).

[42] АЭС 580, 13-пункт

- операциялар өткөрүлгөн шарттар;
- финансылык инструменттерди баалоонун тиешелүү мүнөзү;
- финансылык инструменттер менен байланыштуу кандайдыр бир кошумча макулдашуулардын болушу жөнүндө билдирүүлөр;
- ишкана кандайдыр бир опциялык келишимдерди түзгөнү жөнүндө билдирүүлөр;
- жетекчиликтин белгилүү бир иш-аракеттерди аткаруу ниети жана жөндөмдүүлүгү[43]; жана
- отчеттук күндөн кийин кандайдыр бир окуялар финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүлгөн бааларды жана маалыматты оңдоп-түзөөнү талап кылаары жөнүндө билдирүүлөр.

*Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар жана башка жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү*

142. Финансылык инструменттерди баалоо менен байланыштуу айкын эместик факторлорунан улам кандайдыр бир олуттуу тобокелдиктердин финансылык отчеттуулукка потенциалдуу таасир этүү маселелери корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар үчүн кызыгууну жаратышы мүмкүн. Аудитор аларга адилет наркты баалоодо колдонулган олуттуу божомолдун мүнөзү жана кесепеттери, божомолду иштеп чыгууга тиешелүү субъективдүүлүк деңгээли жана жалпысынан финансылык отчеттуулук үчүн адилет наркы боюнча бааланган объекттердин салыштырмалуу олуттуулугу жөнүндө маалымдашы мүмкүн. Мындан тышкары, финансылык инструменттер болуп саналган келишимдерди түзүү боюнча милдеттенмелерди жана андан ары баалоо жол-жоболорун тиешелүү контролдоо каражаттарына муктаждыкка байланыштуу корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү зарылчылыгы жаралышы мүмкүн.

143. АЭС 260та аудитордун финансылык отчеттуулуктун аудитинде корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар жана башка жактар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу милдетине тиешелүү маселелер каралат. Аудитор алар жөнүндө корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга маалымдоого милдеттүү болгон финансылык инструменттерине тиешелүү маселелер төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

- жетекчиликтин ишканадагы финансылык инструменттер менен операциялардын мүнөзү жана көлөмү же бул иш менен

[43] АЭС 540тын А80-пунктунда ушул жагдайларда талаптагыдай болушу мүмкүн болгон жол-жоболордун мисалдары келтирилген.



IAPN

байланыштуу тобокелдиктер жөнүндө түшүнүгүнүн жоктугу;

- аудитор аудиттин жүрүшүндө аныктаган ишкана жүргүзгөн финансылык инструменттер менен операциялар бөлүгүндө ички контролдоо же тобокелдиктерди башкаруу системаларынын түзүмүндөгү жана иштөөсүндөгү олуттуу кемчиликтер;[44]
- жетекчилик же жетекчиликтин эксперти тарабынан аткарылган баалоого таандык болгон жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алууда аудитор кабылышы мүмкүн болгон олуттуу кыйынчылыктар, мисалы, жетекчилик жетекчиликтин эксперттери колдонгон баалоо методологиясын, божомолдорду жана маалыматтарды изилдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон жана эксперт аудиторго бул маалыматты бербеген учурда;
- аудитордун жана жетекчиликтин экспертинин ортосундагы баалоого байланыштуу ой жүгүртүүлөрдөгү олуттуу айырмачылыктар;
- олуттуу тобокелдиктердин жана тышкы таасирге кабылуунун ишкананын финансылык отчеттуулугуна потенциалдуу таасири, алар жөнүндө маалыматты, анын ичинде финансылык инструменттер менен байланыштуу баалоонун айкын эместиги жөнүндө маалыматты финансылык отчеттуулукта ачып көрсөтүү талап кылынат;
- тандалган эсеп саясатынын жана финансылык отчеттуулукта финансылык инструменттер менен операцияларды берүүнүн талаптагыдай мүнөзүнө карата аудитордун көз карашы;
- ишканада эсепти жүргүзүү жана финансылык инструменттерди финансылык отчеттуулукта чагылдыруу методдорунун сапаттык мүнөздөмөлөрүнө карата аудитордун көз карашы; же
- финансылык инструменттерди сатып алуу, сатуу де пайдалануу жаатында толук жана так түзүлгөн саясаттын, анын ичинде операциялык контролдоо каражаттарынын, финансылык инструменттерди хеджирлөө жана тобокелдиктерге мониторинг

[44] АЭС 265 *«Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга жана жетекчиликке ички контролдоо системасындагы кемчиликтер жөнүндө маалымдоо»* стандартында жетекчиликке ички контролдоо системасындагы кемчиликтер жөнүндө, ал эми корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга, – ички контролдоо системасындагы олуттуу кемчиликтер жөнүндө маалымдоого тиешелүү талаптар белгиленген жана көрсөтмөлөр берилген. Анда аудитордун АЭС 315ке (кайра каралган) ылайык тобокелдиктерди баалоо жол-жоболорун аткаруусунун жүрүшүндө же аудит жүргүзүүнүн каалаган башка этабында ички контролдоо системасындагы кемчиликтер аныкталышы мүмкүн экени түшүндүрүлөт.

жүргүзүү инструменттерине киргизүү жол-жобосунун жоктугу.

Маалыматтык өз ара аракеттенүүнүн тиешелүү мөөнөтү аудитордук тапшырманын конкреттүү жагдайларына жараша өзгөрүшү мүмкүн; аудитор эгер корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар бул кыйынчылыкты жеңүүдө аудиторго жардам бере алса же ал өзгөртүлгөн пикирге алып келээри мүмкүн болсо, аудиттин жүрүшүндө кабылган олуттуу кыйынчылыктар жөнүндө эң алгачкы мүмкүнчүлүктө билдирүүсү максатка ылайыктуу болот.

Жөнгө салуучу жана башка органдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүү

144. Айрым учурларда аудитор финансылык инструменттери менен байланыштуу маселелер жөнүндө корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга кошумча, тикелей жөнгө салуучу же көзөмөлдөө органына маалымдоого милдеттүү,[45] болушу мүмкүн (же тийиш деп эсептелиши мүмкүн). Мындай маалыматтык өз ара аракеттенүү аудиттин бардык этаптарында пайдалуу болушу мүмкүн. Мисалы, айрым юрисдикцияларда банк секторун жөнгө салуучу органдар финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүнү контролдоо каражаттарынын иштөөсү жана колдонуу, активдүү рыноктор жок болгон учурда финансылык инструменттерди баалоону жүргүзүүдөгү кыйынчылыктар жана ченемдик актылардын сакталышы жөнүндө маалыматты алмашуу жаатында аудиторлор менен кызматташууга багытталган. Мындай кызматташтык финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин аныктоодо пайдалуу болушу мүмкүн.

IAPN

45 Мисалы, АЭС 250 *«Финансылык отчеттуулуктун аудитинин жүрүшүндө мыйзамдарды жана ченемдик актыларды эске алуу»* талаптарына ылайык, аудиторлор аныкталган мыйзамдарды жана ченемдик актыларды сактабагандык жөнүндө (же сактабагандыкка шектенүүлөр жөнүндө) ишканага карата тышкы тараптарга маалымдоо боюнча аларда милдет барбы же жокпу аныктоого милдеттүү. Мындан тышкары, аудитордук банктык көзөмөлдөө органдары же башка органдар менен маалыматтык өз ара аракеттенүүсүнө тиешелүү талаптар көпчүлүк өлкөлөрдө мыйзам, көзөмөлдөө органынын тиешелүү документи, расмий макулдашуу же протокол менен белгилениши мүмкүн.

# Тиркеме

(A14-пунктту караңыз)

## Финансылык инструменттер менен байланыштуу контролдоо каражаттарынын мисалдары

1. Төмөндө чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ишканада болушу мүмкүн болгон, алардын максаттарынан – соода же инвестициялык экенинен көз карандысыз, контролдоо каражаттарынын жалпы сыпаттамасы жана мисалдары берилген. Берилген мисалдар бардык мүмкүн болуучу варианттарды камтууга багытталган эмес жана ишкананын өлчөмүнө, ал иш жүргүзгөн тармакка жана ал финансылык инструменттер менен жүргүзгөн операциялардын көлөмүнө жараша, ишкана башка контролдук чөйрөнү түзүшү жана ишкананын өлчөмүнө жараша башка процесстерди киргизиши мүмкүн. Соода операцияларынын ырастоолорун жана эсептик (клиринг) палаталарын колдонуу жөнүндө кошумча маалымат 25– 26-пункттарда берилген.

2. Башка контролдоо системасындагыдай эле, олуттуу бурмалоо тобокелдигинен оолак болуу үчүн, кээде ар кайсы контролдоо деңгээлинде контролдоо каражаттарын кайталоо талап кылынат (мисалы, алдын алуу, аныктоо жана мониторинг деңгээлдеринде).

## Ишкананын контролдук чөйрөсү

*Финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүү үчүн ишканада квалификациялуу адистердин болушун камсыздоо*

3. Финансылык инструменттер менен айрым операциялардын татаалдыгы ишканада бул операцияларды толук түшүнгөн же туруктуу негизде бул инструменттерди баалоону өткөрүү үчүн керектүү тажрыйбага жана билимдерге ээ болгон саналуу гана кызматкерлер иштегендей болушу мүмкүн. Эгер финансылык инструменттер ишканада мындай квалификацияга ээ болгон тиешелүү адистер жок болгондо колдонулса, финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдиги жогорулайт.

*Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын катышуусу*

4. Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар, ишкана өзүнө алууга даяр болгон, жетекчилик белгилеген тобокелдиктин («тобокелдикке табит») чегин контролдойт жана бекитет жана ишкана финансылык инструменттер менен өткөргөн операцияларга көзөмөл жүргүзөт. Ишкананын финансылык инструменттерди сатып алуу, сатуу жана кармоо жаатындагы саясаты ишкананын өзүнө тобокелдиктерди алуу даярдыгына ылайык жана финансылык инструменттери менен операцияларды



IAPN™

жүргүзүү менен алектенген кызматкерлеринин билимин жана тажрыйбасын эске алуу менен түзүлгөн. Мындан тышкары, ишканада төмөндөгүлөргө багытталган корпоративдик башкаруу түзүмү жана контролдоо процесстери түзүлүшү мүмкүн:

(a) олуттуу баалоонун айкын эместигинин бардык учурларында корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга инвестициялык чечимдер жана мүмкүн болуучу кесепеттер жөнүндө маалымдоого; жана

(b) ишкананын өзүнө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүү тобокелдиктерин алууга даярдыгын жалпы баалоого.

*Уюштуруу түзүмү*

5. Финансылык инструменттер менен операциялар борборлоштурулган же борбордон ажыратылган негизде өткөрүлүшү мүмкүн. Бул иш жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу процесси так, ишенимдүү жана өз убагында башкаруу маалыматынын түшүүсүнөн олуттуу деңгээлде көз каранды болот. Мындай маалыматты чогултуу жана жалпылоо менен байланыштуу кыйынчылыктар ишканада бөлүмдөрдүн жана анын ишинин багыттарынын санынын көбөйүшү менен өсөт. Финансылык инструменттер менен операцияларга байланыштуу пайда болгон олуттуу бурмалоо тобокелдиктери контролдук иш-аракеттерди борбордон ажыратуу деңгээлинин жогорулашына жараша өсүшү мүмкүн. Бул мыйзам ченемдүүлүк ишканада бир нече аймактык бөлүмдөр болгон учурларда өзгөчө адилеттүү жана алардын айрымдары башка өлкөлөрдө жайгашуусу мүмкүн.

*Ыйгарым укуктарды жана милдеттерди бөлүштүрүү*

Инвестициялоо жана баалоо жаатындагы саясат

6. Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар бекиткен, так түзүлгөн саясатка ылайык финансылык инструменттерди сатып алууга, сатууга жана кармоого көрсөтмөлөр ишкананын жетекчилиги тарабынан берилет, бул ага өзүнө бизнес-тобокелдиктерди кабыл алууга жана аларды башкарууга карата таасирдүү ыкманы колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мындай саясат эгерде анда ишкананын тобокелдиктерди башкаруу жаатындагы анын иши менен байланыштуу болгон жана бул максаттарга жетүү үчүн инвестициялоонун жана хеджирлөөнүн альтернативалык мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болгон максаттары көрсөтүлсө, ошондой эле анда төмөндөгү аспекттер чагылдырылса, кыйла так түзүлгөн болот:

(a) жетекчиликтин квалификация деңгээли;

(b) ички контролдоо жана мониторинг системасынын татаалдык деңгээли;

IAPN

(c) ишкананын активдер жана милдеттенмелер түзүмү;

(d) ишкананын ликвиддүүлүктүн белгилүү бир деңгээлин кармап туруу жана капиталды жоготууга туруштук берүү жөндөмдүүлүгү;

(e) жетекчиликтин пикиринде, анын максаттарына жетүүнү камсыздай турган финансылык инструменттердин түрлөрү; жана

(f) жетекчиликтин пикиринде, анын максаттарына жетүүнү камсыздай турган, финансылык инструменттерди колдонуунун багыттары (мисалы, туунду финансылык инструменттер чайкоочулук максаттарда же хеджирлөө максатында гана колдонулушу мүмкүн).

7. Жетекчилик баалоо жүргүзүү жаатында ишкананын мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык келе турган саясатты иштеп чыгып жана баалоо жүргүзүү үчүн жооп бере турган кызматкерлердин ушул саясатты сактоосун камсыздай турган контролдоо каражаттарын киргизиши мүмкүн. Бул контролдоо каражаттарына төмөндөгүлөр кириши мүмкүн:

(a) баалоону алуу үчүн колдонула турган методологияларды иштеп чыгуу, текшерүү жана бекитүү процесстери, анын ичинде баалоонун айкын эместигин эске алуу үчүн көрүлгөн иш-аракеттер; жана

(b) байкоо жүргүзүлүүчү баштапкы маалыматтарды максималдуу колдонууга тиешелүү саясат жана финансылык инструменттерди баалоону ырастоо үчүн чогултуу керек болгон маалыматтын түрү.

8. Чакан операцияларда финансылык инструменттер менен операциялар сейрек жүргүзүлүшү мүмкүн, ал эми жетекчилик бул жаатта чектелүү билимге жана тажрыйбага ээ болушу мүмкүн. Ошентсе дагы финансылык инструменттер менен операциялар жаатында саясатты түзүү жана киргизүү ишканага өзүнө тобокелдиктерди кабыл алууга даярдыгын («тобокелдикке табит») аныктоодо жана билдирилген максат конкреттүү финансылык инструменттерге инвестициялоонун жардамы менен жетишилеби белгилөөдө жардам берет.

*Кадр саясаты жана практикасы*

9. Ишкана кардарларды тейлөө боюнча бөлүмдөрдүн дагы, документтерди иштеп чыгуу боюнча бөлүмдөрдүн дагы негизги кызматкерлери милдеттүү тартипте өз милдеттерин аткарууну убактылуу токтотушу керек болгон саясатты жүргүзүшү мүмкүн. Контролдун бул түрү ак ниетсиз иш-аракеттердин алдын алуу жана аныктоо каражаттары катары, өзгөчө соода операциялары менен алектенген жактар жасалма операцияларды түзгөн же операцияларды туура эмес аткарган учурларда колдонулушу мүмкүн.

*Тейлөөчү уюмдарды тартуу*

10. Ишканалар финансылык инструменттерди сатуу жана сатып алуу операцияларын демилгелеши, ишкана үчүн эсепке алуу операцияларын жүргүзүшү жана финансылык инструменттерди баалоону өткөрүшү үчүн, тейлөөчү ишкананы (мисалы, активдерди башкаруучу) тартышы мүмкүн. Мындан тышкары, айрым ишканалар өзүнүн финансылык инструменттери боюнча отчеттуулукту даярдоо үчүн тейлөөчү ишканалардан баштапкы маалыматтарды алышы мүмкүн. Бирок эгер жетекчиликке тейлөөчү ишканада кандай ички контролдоо системасы иштей турганы белгисиз болсо, анда аудитор анын тейлөөчү ишканада колдонулган ички контролдоо системасына таянышына мүмкүнчүлүк берген, жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала албай калышы мүмкүн. АЭС 402[1] караңыз, анда талаптар белгиленген, ага ылайык аудитор эгер ишкана бир же бир нече тейлөөчү уюмдардын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланса, жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алууга милдеттүү.

11. Тейлөөчү уюмдарды тартуу финансылык инструменттерге катышы бар контролдук чөйрөнү жакшыртуусу дагы, начарлатуусу дагы мүмкүн. Мисалы, тейлөөчү ишкананын персоналында финансылык инструменттер менен иштөө тажрыйбасы ишкананын жетекчилигине караганда көп болушу мүмкүн, же тейлөөчү ишканада финансылык отчеттуулукту даярдоо менен байланыштуу ички контролдоо системасы натыйжалуу болушу мүмкүн. Мындан тышкары, тейлөөчү ишкананы тартуу ишкананын милдеттерди так бөлүштүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет. Башка жагынан, тейлөөчү ишканада контролдук чөйрө начар болушу мүмкүн.

IAPN

**Ишканада тобокелдиктерди баалоо процесси**

12. Ишканада тобокелдиктерди баалоо процесси жетекчиликтин финансылык инструменттерди колдонуусуна байланыштуу пайда болгон бизнес-тобокелдиктерди жетекчиликтин аныктоо тартибин, анын ичинде жетекчиликтин тобокелдиктердин олуттуулугун баалоо, алардын пайда болуу мүмкүндүгүн баалоо жана бул тобокелдиктерди башкаруу боюнча иш-чаралар жөнүндө чечим кабыл алуу тартиби белгилөө үчүн болот.

13. Ишканада тобокелдиктерди баалоо процесси жетекчиликтин башкаруу зарыл болгон тобокелдиктерди аныктоосу үчүн негизди түзөт. Тобокелдиктерди баалоо процесстеринин максаты – жетекчиликтин төмөндөгүдөй болушун камсыздоодо турат:

(a) финансылык инструменттер менен операцияларды баштаганга чейин аны менен кандай ажыралгыс тобокелдиктер байланыштуу экенин, анын ичинде операциянын максатын жана анын түзүмүн

---

[1] АЭС 402 *«Тейлөөчү ишкананын кызмат көрсөтүүлөрүн пайдаланган ишкананын аудитинин өзгөчөлүктөрү».*

(мисалы, ишкана жүргүзгөн финансылык инструменттер менен операциялардын чарбалык-экономикалык маанисин) түшүнүүсү;

(b) конкреттүү финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерге ылайык жетиштүү кылдат комплекстүү талдоо жүргүзгөн;

(c) рыноктук конъюнктура ишкананын тобокелдиктерге кабылуусуна кандай таасирин тийгизе турганын түшүнүү үчүн, ишкананын ачык позицияларынын мониторингин өткөргөн;

(d) тобокелдикке кабылууну азайтуу же өзгөртүү (зарыл болгондо) жана кадыр-барк тобокелдигин башкаруу үчүн жол-жоболорго ээ болгон; жана

(e) бул процесстерге жана аларды кылдат текшерүүгө катуу көзөмөл жүргүзгөн.

14. Тобокелдиктерге кабылуунун мониторинги жана тобокелдиктерди башкаруу үчүн түзүлгөн түзүм төмөндөгү талаптарга жооп бериши керек:

(a) талаптагыдай мүнөзгө ээ жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар аныктаган, ишкананын тобокелдиктерге карата позициясына карама-каршы келбейт;

(b) финансылык инструменттердин ар кандай түрлөрүн санкциялоо жана кайсы операцияларды жана кандай максаттар үчүн өткөрүүгө уруксат бериле турганын аныктоо үчүн ырастоо деңгээлдерин кароо. Уруксат берилген инструменттер жана ырастоо деңгээлдери финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүү менен алектенген кызматкерлердин тажрыйбасын жана билимин чагылдырып жана жетекчиликтин ишканада мындай операцияларды жүргүзүү үчүн квалификациялуу адистердин болушун камсыздоо аракетин көрсөтүшү керек;

(c) финансылык инструменттердин (анын ичинде бекитилген контрагенттердин) ар бир түрү боюнча тобокелдикке кабылууну чектөө үчүн тиешелүү лимиттерди белгилөө. Уруксат берилген тобокелдик деңгээлдери тобокелдиктин түрүнө же контрагентке жараша айырмаланышы мүмкүн;

(d) финансылык тобокелдиктердин объективдүү жана өз убагындагы мониторингин жана контролдук иш-аракеттерди камсыздоо;

(e) потенциалдуу тышкы таасирлер, тобокелдиктер жана тобокелдиктерди башкаруу максатында финансылык инструменттер менен операциялардын жыйынтыктары жөнүндө объективдүү жана өз убагында отчеттуулукту даярдоону кароо; жана

(f) жетекчиликтин конкреттүү финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерди баалоосунун жыйынтыктарын туруктуу талдоо.

15. Ишкана кабыла турган тобокелдиктердин түрлөрү жана деңгээлдери ал колдонгон финансылык инструменттердин түрлөрүнөн, анын ичинде бул инструменттердин татаалдык деңгээлинен жана финансылык инструменттер менен операциялардын көлөмүнөн тикелей көз каранды болот.

*Тобокелдиктерди башкаруу кызматы*

16. Мыйзам же ченемдик акты айрым ишканалардан, мисалы, чоң көлөмдөгү финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүчү ири финансылык институттардан, өзүнчө тобокелдиктерди башкаруу кызматын түзүүнү талап кылышы мүмкүн же алар мындай кызматты өзүнүн каалоосу менен түзө алышат. Бул кызмат финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүү үчүн жана бул инструменттерди башкаруу үчүн жооп берүүчү бөлүмдөрдөн өзүнчө иштеши керек. Бул кызмат финансылык инструменттер менен операциялар боюнча отчеттуулукту даярдоо үчүн жана бул операцияларга мониторинг үчүн жооп берет. Кызматтын алкагында корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар тарабынан тобокелдиктерди башкаруу боюнча расмий комитет түзүлүшү мүмкүн. Бул жааттагы негизги милдеттердин мисалдары төмөндөгүлөрдү камтышы мүмкүн:

(a) корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар белгилеген тобокелдиктерди башкаруу боюнча саясатты жүзөгө ашыруу (анын ичинде ишкана кабылган тобокелдиктерди талдоо);

(b) тобокелдиктер боюнча чектөөлөр системасын иштеп чыгуу жана практикада бул чектөөлөрдү сактоону камсыздоо;

(c) стресс-сценарийлерди иштеп чыгуу жана финансылык инструменттердин портфелинде ачык позицияларга карата сезгичтикти талдоону жүргүзүү, анын ичинде позициялардын бөтөнчө өзгөрүүлөрүн кароо; жана

(d) финансылык инструменттердин жаңы түрлөрүн кароо жана талдоо.

17. Финансылык инструменттер менен чыгаша тартуу тобокелдиги байланыштуу, анын өлчөмү бухгалтердик баланста таанылган финансылык инструменттин наркынан (болгондо) жогору болот. Мисалы, товарга рыноктук баанын кескин төмөндөшүнүн натыйжасында ишкана күрөө камсыздоосу же маржаны сактоо боюнча талаптарга ылайык бул товар боюнча форварддык позицияны жабуу үчүн чыгашаларды тартышы мүмкүн. Айрым учурларда потенциалдуу чыгашалардын суммасы ишкананын өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө

карата олуттуу шектенүүнү жаратуу үчүн жетиштүү болушу мүмкүн. Рыноктук тобокелдиктерге кабылган финансылык инструменттерге карата келечектеги гипотетикалык таасирин баалоо максатында ишкана сезгичтик талдоосун же тобокелдик наркын талдоону жүргүзүшү мүмкүн. Бирок тобокелдик наркын талдоо ишкана кабылышы мүмкүн болгон бардык тобокелдиктерди толук көлөмдө чагылдырбайт; сезгичтикти талдоо жана сценарий боюнча талдоо дагы айрым чектөөлөргө ээ.

18. Ишкананын өзүнчө тобокелдиктерди башкаруу кызматын түзүү, эгер түзүлсө, ал кандай түзүмгө ээ болоору жөнүндө маселени кароосуна финансылык инструменттер менен операциялардын көлөмү жана татаалдык деңгээли жана тиешелүү ченемдик актылар таасир тийгизет. Өзүнчө тобокелдиктерди башкаруу кызматы түзүлбөгөн ишканаларда, мисалы, аз финансылык инструменттерди колдонгон же татаал эмес финансылык инструменттерди колдонгон ишканаларда, финансылык инструменттер менен операциялар жана бул операциялардын мониторинги жөнүндө отчеттуулукту даярдоо бухгалтердик эсеп бөлүмүнүн же финансылык кызматтын милдеттер чөйрөсүнө же жетекчиликтин жалпы милдеттерине кириши мүмкүн. Мындай ишканаларда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактар тобокелдиктерди башкаруу боюнча расмий комитет түзүшү мүмкүн.

Ишкананын маалыматтык системалары

19. Ишкананын маалыматтык системасынын негизги максаты бардык операциялар тууралуу маалыматтарды чогултууну жана аларды так чагылдырууну камсыздоодо, алар боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүүдө, аларды баалоону аткарууда жана финансылык инструменттер менен байланыштуу тобокелдиктерди башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты даярдоодо турат. Чоң көлөмдө финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзгөн ишканаларда, өзгөчө начар интеграцияланган жана кол менен жөндөлүүчү интерфейстерге ээ болгон, көп сандагы системалар болгон учурда жана жетишээрлик контролдоо каражаттары жок болгон учурда кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн.

20. Эсепте айрым финансылык инструменттерди чагылдыруу үчүн көп сандагы бухгалтердик жазуулар талап кылынышы мүмкүн. Финансылык инструменттер менен операциялардын татаалдыгынын же деңгээлинин жогорулашына жараша маалыматтык системаны дагы өркүндөтүү талап кылынат. Финансылык инструменттер менен байланыштуу жаралышы мүмкүн болгон конкреттүү маселелерге төмөндөгүлөр кирет:

(a) Финансылык инструменттер менен операцияларды иштеп чыгуу үчүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жок же керектүү конфигурацияга ээ болбогон, маалыматтык системалардын болушу (өзгөчө чакан ишканаларда), өзгөчө эгер ишканада финансылык инструменттер менен иштөөнүн мурун тажрыйбасы болбосо.

Натыйжада кол менен жүргүзүлгөн операциялардын саны көбөйүп, бул өз кезегинде, ката тобокелдигин жогорулатышы мүмкүн;

(b) татаал операцияларды иштеп чыгуу үчүн керектүү системалардын потенциалдуу ар түрдүүлүгү жана бул системалардын маалыматтарынын ортосунда салыштырып текшерүүнү үзгүлтүксүз жүргүзүү муктаждыгы, өзгөчө системаларда интерфейс жок болсо же алар кол менен кийлигишүүгө дуушар болушу мүмкүн болсо;

(c) эгер алар аз сандагы адамдар тарабынан гана жүргүзүлсө, өтө татаал операцияларды баалоо мүмкүнчүлүгү, ошондой эле алар боюнча тобокелдиктерди башкаруу негизги маалыматтарды иштеп чыгуу системаларында эмес, электрондук таблицаларды колдонуу менен жүргүзүлөт жана бул электрондук таблицалардан физикалык жана логикалык паролдук коргоону алып салуу оңой;

(d) системалар түзгөн бухгалтердик жазууларды текшерүү жана ырастоо үчүн системалар, тышкы ырастоолор же брокердик котировкалар (алар болгондо) боюнча өзгөчө кырдаал журналдарын талдоонун жоктугу;

(e) финансылык инструменттерди баалоо үчүн системаларга киргизилген негизги баштапкы маалыматтарды контролдоо жана баалоо менен байланыштуу кыйынчылыктар, өзгөчө бул системалар трейдерлер тобу (ал фронт-офис деп аталат) же тышкы кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү тарабынан тейленген жана (же) каралып жаткан операциялар бөтөнчө болуп саналган же начар жүгүртүлүүчү инструменттер менен өткөрүлгөн учурларда;

(f) операцияларды баштапкы жана мезгил-мезгили менен иштеп чыгуу үчүн колдонулган, татаал моделдердин түзүмүн жана тескөөлөрүн баалоонун мүмкүн эместиги;

(g) жетекчилик тарабынан мындай моделдердин аккредитацияланган версияларын андан аркы текшерүү мүмкүнчүлүгүн ишенимдүү камсыздоо үчүн жана мындай моделдерге санкцияланбаган жетүүнүн же өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн алдын алуу үчүн айрым моделдерге жетүү, өзгөртүү же тейлөө контролдоо каражаттары менен моделдер китепканасын түзүлбөгөндүгүнүн мүмкүнчүлүгү;

(h) ишкана финансылык инструменттер менен операциялардын чектелүү санын гана жүргүзгөн учурларда, тобокелдиктерди башкаруу системаларына жана контролдоо системаларына талап кылынган инвестициялардын ченемсиздиги, ошондой эле эгер жетекчиликте мындай түрлөрдөгү операцияларды жүргүзүү тажрыйбасы жок болсо, анын жыйынтыктарды мүмкүн болгон түшүнбөстүгү;

IAPN

(i) финансылык инструменттер менен операцияларды чагылдыруу, иштеп чыгуу жана эсепке алуу жана бул операцияларга байланыштуу пайда болгон тобокелдиктерди талаптагыдай башкаруу үчүн тышкы тараптардын системаларын пайдалануу потенциалдуу муктаждыгы (мисалы, тейлөөчү ишканалар), ошондой эле салыштырып текшерүүнү талаптагыдай өткөрүү жана мындай жеткирүүчүлөрдөн алынган жыйынтыктарды талаштуу зарылчылыгы; жана

(j) ишкана финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүдө электрондук соода методдорун колдонгон учурларда электрондук тооруктар тармактарын пайдалануу менен байланыштуу кошумча коргоону жана кошумча контролдоону камсыздоо маселелери.

21. Финансылык отчеттуулукту даярдоого байланыштуу маалыматтык системалар, – бул финансылык отчеттуулукта сандык маалыматты ачып көрсөтүү үчүн маалыматтардын маанилүү булагы. Бирок ишкана ички отчеттуулукту даярдоо үчүн жана ачып көрсөтүлүүчү сапаттык маалыматка киргизилген маалыматтарды түзүү үчүн колдонула турган, финансылык эмес системаларды иштеп чыгышы жана колдоого алышы мүмкүн, мисалы, айкын эместик тобокелдиктерине жана факторлоруна карата же сезгичтикти талдоого карата.

## Ишкананын контролдук иш-аракеттери

22. Финансылык инструменттер менен операциялар чөйрөсүндө контролдук иш-аракеттерди жүргүзүү максаты – ишкананын өз максаттарына жетүүсүнө тоскоолдук кылган көйгөйлөрдүн алдын алуу же аныктоо. Бул максаттар өзүнүн мүнөзү боюнча операциялык ишке, финансылык отчетуулукту түзүүгө же мыйзамдарды жана ченемдик талаптарды сактоого тиешелүү болушу мүмкүн. Финансылык инструменттер менен операциялар чөйрөсүндөгү контролдук иш-аракеттер финансылык операциялар менен операциялардын татаалдыгынын деңгээлин жана көлөмүн эске алуу менен иштелип чыгат жана негизинен өзүнө талаптагыдай авторлоштуруу процессин көрүүнү, милдеттерди жетишээрлик так бөлүштүрүүнү жана ишкананын контролдоо жаатындагы өз максаттарына жетүүсүнө багытталган башка жол-жоболорду жана саясатты камтыйт. Бул процесстердин блок-схемаларынын жардамы менен ишканада киргизилген контролдоо каражаттарын же алардын жоктугун идентификациялоого болот. Ушул отчетто толуктук, тактык, бар болушу, баалоо, берүү жана ачып көрсөтүү сыяктуу финансылык отчеттуулукту түзүүнүн өбөлгөлөрүнө байланыштуу контролдук иш-аракеттерге көңүл бурулат.

*Авторлоштуруу*

23. Уруксат берүү финансылык отчеттуулукту түзүү өбөлгөлөрүнө түз дагы, кыйыр дагы таасир тийгизиши мүмкүн. Мисалы, операция ишканада кабыл алынган саясаттын алкагынан тышкары жүргүзүлсө дагы, ал туура чагылдырылышы жана эсепке алынышы мүмкүн. Бирок санкцияланбаган операциялар ишкананын тобокелдиктерин олуттуу жогорулатууга алып келиши мүмкүн, бул өз кезегинде олуттуу бурмалоо тобокелдигин жогорулатат, анткени бул операциялар ички контролдоо системасынын алкагынан тышкары өткөрүлөт. Бул тобокелдикти төмөндөтүү үчүн ишканалар көбүнчө так түзүлгөн саясатты кабыл алышат, анда кандай соода операцияларын жүргүзүүгө болот жана аларды ким жүргүзө алат каралган, аны андан ары сактоо документтерди иштеп чыгуу боюнча бөлүмдөр (бэк-офис) тарабынан туруктуу контролдонот. Соода операцияларынын конкреттүү жактары жүзөгө ашырган мониторинг, мисалы, бөтөнчө чоң көлөмдөгү, алынган олуттуу кирешелерге же тарткан олуттуу зыяндарга талдоо жүргүзүүнүн алкагында жетекчиликтин ишкананын саясатын сакташын, анын ичинде операциялардын бул түрлөрүн санкциялоону жана ак ниетсиз иш-аракеттерди жүргүзүүнү баалоону камсыздоого шарт түзөт.

24. Демилгеленген операцияларды эсепке алуунун негизги функциясы айрым операцияларды жүргүзүүнүн мүнөзүн жана максатын, ошондой эле ар бир келишим боюнча финансылык инструмент болуп саналган укуктарды жана милдеттерди, анын ичинде келишимди мажбурлап аткаруу мүмкүнчүлүгүн так аныктоодо турат. Финансылык маалыматтарды эсепте толук жана так чагылдыруу негизинен номиналдуу сумма сыяктуу базалык финансылык маалыматтарды чагылдыруудан тышкары, кеминде төмөндөгү маалыматтарды көрсөтүүнү карайт:

(a) дилер боюнча идентификациялык маалымат;

(b) операцияны чагылдырган жак жөнүндө идентификациялык маалымат (эгер бул жак дилер болбосо), алар качан демилгеленгени (операцияны жүргүзүү күнүн жана убактысын кошо алганда) жана ал ишкананын маалыматтык системаларында кандай чагылдырылганы жөнүндө маалымат; жана

(c) операцияларды жүргүзүү мүнөзү жана максаты, анын ичинде ал тиешелүү коммерциялык тобокелдикти хеджирлөө үчүн арналганбы.

*Милдеттерди бөлүштүрүү*

25. Милдеттерди бөлүштүрүү жана кызматкерлерди дайындоо – бул өзгөчө финансылык инструменттерге тиешелүү бөлүгүндө маанилүү контролдук иш-аракет. Финансылык инструменттер менен операцияларды жүргүзүүдө бир катар функцияларды бөлүүгө болот, алардын ичинде:

(a) бүтүмдү тариздөө (дилинг). Финансылык инструменттер менен операциялар чоң көлөмдө жүргүзүлгөн ишканаларда бул милдетти кардарларды тейлөө боюнча бөлүм (фронт-офис) аткарышы мүмкүн;

(b) төлөмдөрдү жүргүзүү жана түшкөн каражаттарды алуу (эсептешүүлөр);

(c) соода операцияларына карата ырастоолорду жөнөтүү жана ишкананын бухгалтердик жазууларынын жана контрагенттердин жоопторунда камтылган маалыматтардын ортосундагы айырмачылыктарды салыштырып текшерүү (мындай жооптор болгондо);

(d) бардык операцияларды бухгалтердик эсеп маалыматтарында туура чагылдыруу;

(e) тобокелдик суммалары боюнча чектөөлөрдү сактоого мониторинг. Финансылык инструменттер менен операциялар чоң көлөмдө жүргүзүлгөн ишканаларда бул милдетти тобокелдиктерди башкаруу кызматы аткарышы мүмкүн; жана

(f) финансылык инструменттердин позицияларына мониторинг жана баалоо.

26. Көпчүлүк ишканалар милдеттерди төмөндөгүдөй бөлүштүрүшөт: финансылык инструменттерге инвестициялоо, финансылык инструменттерди баалоо, финансылык инструменттер менен операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү, ошондой эле эсепке алуу жана финансылык инструменттердин отчеттуулугунда чагылдыруу.

27. Чакан ишканаларда милдеттерди талаптагыдай бөлүштүрүүнү камсыздоо оор, ошондуктан жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын финансылык инструменттер менен операцияларга мониторинг жүргүзүүдөгү ролу өзгөчө маанилүү болуп калат.

28. Айрым ишканаларда ички контролдоо системалары үчүн бааларды верификациялоо (IPV) өз алдынча кызматынын болушу мүнөздүү. Бул кызмат айрым финансылык инструменттердин бааларын көз карандысыз текшерүү үчүн жооп берет жана альтернативалык маалыматтар булактарын, методологияларды жана божомолдорду колдоно алат. Кызмат ишкананын башка түзүмдүк бөлүмдөрү иштеп чыккан бааларды объективдүү кароону камсыздайт.

29. Баалоо жаатындагы саясатты иштеп чыгуу жана бул саясатты сактоону камсыздоо үчүн негизинен уюштуруу-контролдоо бөлүмдөрү жана документтерди иштеп чыгуу боюнча бөлүмдөр жооп беришет (мидл-офис жана бэк-офис). Финансылык инструменттер менен операциялар өтө ири көлөмдөрдө жүргүзгөн ишканалар өзүнүн финансылык инструменттер портфелине күн сайын баалоо жүргүзүшү жана баалоонун негиздүүлүгү

тести катары конкреттүү финансылык инструменттин үлүшүнө кандай киреше же кандай чыгаша туура келээрин текшериши мүмкүн.

*Толуктук, тактык жана бар болушу*

30. Ишкананын бухгалтердик жазууларын банктардын жана депозитарийлердин бухгалтердик жазуулары менен үзгүлтүксүз негизде салыштырып текшерүүнү өткөрүү ишканаларга операцияларды эсепте талаптагыдай чагылдырууну камсыздайт. Соода операцияларын жүргүзгөн жактардын жана маалыматтарды салыштырып текшерүүнү өткөргөн жактардын ортосунда милдеттерди талаптагыдай бөлүштүрүүнү камсыздоо өтө маанилүү. Салыштырып текшерүүнүн жыйынтыктарын кылдат текшерүү жана аныкталган айырмачылыктарды жоюу процесси дагы чоң мааниге ээ.

31. Мындан тышкары, ага ылайык трейдерлер уникалдуу мүнөздөмөлөр татаал финансылык инструментке таандык эместигин аныктоого милдеттүү болгон контролдоо каражаттары киргизилиши мүмкүн. Мисал катары киргизилген туунду финансылык инструменттерди белгилөөгө болот. Мындай учурларда финансылык инструменттер менен татаал операцияларды аларды аткаруу учурунда баалоону жүргүзгөн өзүнчө кызмат болушу мүмкүн (ал продукттарды контролдоо кызматы деп аталышы мүмкүн). Эсеп саясаты боюнча топ менен биргеликте бул кызмат операцияларды туура чагылдырууну камсыздайт. Чакан ишканаларда продукттарды контролдоо кызматы жок болушу мүмкүн, мындай ишканаларда татаал финансылык инструменттерди түшүндүргөн келишимдерди, аларды түзүү учурунда контролдоо жол-жобосу киргизилиши мүмкүн. Анын максаты финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуп жаткан концепциясынын талаптарына ылайык бул келишимдерди талаптагыдай эсепке алууну камсыздоодо турат.

**Контролдоо каражаттарынын мониторинги**

32. Туруктуу негизде мониторинг жүргүзүү боюнча ишкананын иши финансылык инструменттер менен операцияларга жана аларды баалоого байланыштуу контролдоо каражаттарынын иштөөсүндөгү кемчиликтерди аныктоого жана оңдоого багытталган. Ишканада финансылык инструменттер менен операцияларга жетиштүү көлөмдө көзөмөл жүргүзүлүшү, анын ичинде бул операцияларды талдоо маанилүү. Аларга төмөнкүлөр кирет:

(a) бардык контролдоо каражаттарын талдоо, мисалы, салыштырып текшерүүнү жүргүзүүдө аныкталган айырмачылыктардын саны, же ишкананын ичинде белгиленген баалардын жана тышкы баа маалыматынын булактарынын дайындарынын ортосундагы айырма

сыяктуу, ишкананын статистикалык маалыматтарынын мониторинги;

(b) маалыматтык системалардын натыйжалуу контролдоо каражаттарын пайдалануу зарылчылыгы, аларды колдонууга мониторинг, текшерүү жана бекитүү; жана

(c) ар кандай процесстердин алкагында жана ар башка системалардан алынган маалыматты талаптагыдай салыштырып текшерүүнү камсыздоо зарылчылыгы. Мисалы, эгер алынган жыйынтыктар негизги регистрдеги маалыматтар менен тиешелүү түрдө салыштырып текшерилбесе, баалоо процесси өзгөчө баалуулукка ээ болбойт.

33. Ири ишканаларда финансылык инструменттер менен операциялардын бардык этаптары негизинен өз убагындагы эсептөөлөрдү камсыздоо үчүн арналган, татаал компьютердик маалыматтык системаларда чагылдырылат. Татаал компьютердик системалар акча каражаттарынын кыймылына мониторинг максатында клиринг эсептери боюнча бухгалтердик жазууларды автоматтык түрдө түзө алышат. Мындай ишканаларда операцияларды иштеп чыгууну контролдоо каражаттары киргизилген, алар ишкананын эсебине финансылык инструменттер менен операцияларды туура чагылдырууну камсыздоо үчүн арналган. Компьютердик системаларда жетекчилик финансылык инструменттерди колдонуунун уруксат берилген көлөмүнөн ашкан же операциялар конкреттүү контрагенттер үчүн белгиленген лимиттерден ашыкча жүргүзүлгөн кырдаалдар жаралган учурда сигнал алышы үчүн, четтөөлөр жөнүндө отчетторду түзүү мүмкүнчүлүгү каралышы мүмкүн. Бирок өркүндөтүлгөн компьютердик системалар дагы финансылык инструменттер менен операциялардын толуктугун камсыздай албайт. Ушундан улам, жетекчилик операцияларды толук көлөмдө чагылдыруу ыктымалдуулугун жогорулатуу максатында кошумча жол-жоболорду киргизет.